60.5 (кыр)
А 92

Кыргыз Республикасынын билим берүү
жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

Аттокуров Токтосун

Үй-бүлө жана турмуш тиричилик маселелери

(Социология предмети боюнча колдонмо)

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 986952
171654

Ош - 2014

УДК 316/4
ББК 60,55
А 92

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2014-жылдын 25-майдагы №7 жыйынынын токтому менен басмага сунуш кылынган.

Рецензия жазгандар:

- Аматова Г.У., философия илимдеринин кандидаты, доцент
- Токоева Г.А., философия илимдеринин кандидаты, доцент

Аттокуров Т.

А92 Үй-бүлө жана турмуш тиричилик маселелери
(Макалалар жыйнагы)
Социология предмети боюнча колдонмо. Ош-2014 84-бет.

ISBN 978-9967-18-036-9

XX кылымда орун алган тагдыр чечүүчү окуялардын 1917-жылдагы Октябрь революциясынын натыйжасында Кыргызстан эли өз алдынча мамлекет курууга дагы бир мүмкүнчүлүк алды. Тилеке каршы, эгемендүүлүктүн (1991-жылдан кийинки) алгачкы жыйырма жылында тапканыбыздан жоготконубуз көп болду.

Кыргызстанда 2013-2017-жылдардын мезгилинде туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы иштелип чыкты, мында Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо каралган. Ушул багытта Кыргыз элинин үмүтү зор экендигин белгилөөгө болот.

XX кылымда Кыргызстанда социалистик коомдун жетишкендиктерин элестетүү көп нерселерди берет. Бул жыйнакта социализмдин кээ бир жетишкендиктери туралуу, айрыкча XX кылымдын 60-90 жылдардын аралыгында басма сөз беттеринде жарык көргөн макалаларда социалдык маселелерди көрсөтүүгө аракет жасалган. Мында каралган маселелер социализмдин талабына жараша жүргүзүлгөндүгү ачык айкын көрүнөт. Макалалар жыйнагы социалдык маселелерге кызыккандарга арналат.

А 0302030000-14

ISBN 978-9967-18-036-9

УДК 316/4
ББК 60,55
© Аттокуров Т. 2014

Бекем үй-бүлө гана келечектүү мамлекеттин өзөгү болот

Белгилүү илимпоз, философия илимдеринин доктору, профессор Токтосун Аттокуров агайыбыз бүткүл ишмердүүлүгүн, омүрүн илим изилдөөгө, билим берүүгө арнап, дайыма изденүүдө болуп, илимий жыйынтыктарын коомчулуктун көңүл борборуна алып чыгып, коомдук аң сезимди жаңы нукка буруп келген окумуштууларыбыздан болуп саналат.

"Мамлекет үй-бүлөдөн башталат", - деген сөз бар эмеспи. Совет мезгилиндеги үй-бүлөлөрдүн бекемдиги, үй-бүлөлүк тарбия, үй-бүлөлүк традициялар, жаңы шарттарда өзгөрүүгө учурап жаткан үй-бүлөлөр, интернационалдык үй-бүлөлөр жана тарбия, үй-бүлөдөгү аялзатынын орду, үй-бүлөнүн социалдык көйгөйлөрү тууралуу кезинде кызыктуу социологиялык изилдөөлөрдү жасаган. Бул илимий изилдөөлөрү коомчулукта кеңири кызыгууларды жараткан.

Эмне үчүн өткөн мезгилдеги актуалдуулугу азайган макалаларды агай бүгүн кайра жарыялап жатат деген ойлор болушу да мүмкүн. Кантсе да биз өткөнгө кылчайып карап, андан сабак, өрнөк алып, андан кийин келечекке туура кадам ташташыбыз керек деп ойлойм. Андыктан бүгүнкү коомдо үй- бүлөлөр да деградацияга учурап, жаңы, али биз күтпөгөн үй-бүлөлүк көйгөйлөр жаралып жаткан кезде, үй-бүлөлүк баалуулуктарды, ыйыктыктарды, традицияларды сактоодо агайдын макалаларына, басма сөз беттерине жарыяланган интервьюларында айтылган ойлоруна кайрылсак жакшы болор эле.

Бүгүн жарандык нике, аз камсыз болгон үй-бүлө, жалгыз бой

эне, үй- бүлөнү калыптандыруу, үй-бүлө курууудан баш тартуу, көп аял алуу, бир жыныстуулардын үй-бүлө курушу ж.б.у.с. бир мезгилде биздин аң сезимибизге кирбеген жагдайлар жаралды. Мен бул маселенин бир четин гана айтып жатам.

Бул үй-бүлөлүк нравалык көйгөйлөрдү туура чечүү үчүн профессор Токтосун Аттокуров агайыбыздын изилдөөлөрүнө кайрылуу, бүгүнкү коомдогу изилдөөлөр үчүн кызыктуу маалыматтарды берет деп ишенем.

Ошондой эле II бөлүмдө илимпоздун турмуш тиричилик маданиятына, жаңы менен эскинин күрөшүнө, турмуш маданиятынын өнүгүшүнө арналган макалалары камтылган.

Бүгүн шаарда деле, айылда деле тейлөө маданиятында прогресс эмес, регресс жүрүп жаткан мезгил. Маданий талаптар, баалуулуктар төмөндөп баратат. Адамдардын жашоо маданиятын көтөрүү менен турмуш тиричилик маданиятын көтөрүү ажырагыс биримдикте экендигин жакшы билебиз.

Айтор, бул китепке агайдын өз мезгилиндеги актуалдуу көйгөйлөр камтылган макалалары топтолду.

Бул макалаларды окуу менен келечекке, жаңы изилдөөлөргө багыт алууга болот.

Руханий жактан бекем үй-бүлөлөр болгондо гана пайдубалы бекем мамлекет курулат деп ишенимдүү айта алабыз.

Бул китепке астейдил баам салып окусаңыз, өзүңүзгө керектүү каалаган маалыматты ала аласыз.

Каныбек Исаков
филология илимдеринин
доктору, профессор

Үй-бүлө жана тарбиянын таасын иликтөөсү

Окумуштуу Токтосун Аттокуровдун мындан 20 жыл илгери философия илимдеринин кандидаты даражасы үчүн жактаган "Кыргызстандын айыл эмгекчилеринин социалисттик турмуш тиричилигинин калыптанышы жана өркүндөтүлүшү жөнүндөгү" илимий эмгеги Түштүк Кыргызстандын мисалында изилденген эле. Андан кийин Ош мамлекеттик пединститутунун илимий коммунизм кафедрасында иштеп жүргөн мезгили илимий иштеги түйшүктүү жана жемиштүү жылдары экендиги эми айкын болуп отурат.

1983-жылы "Кыргызстан" басмасынан орус тилинде жарык көргөн "үй-бүлө жана коммунисттик тарбия" аттуу китеби окумуштуунун социологиялык көптөгөн изилдөөлөрүнүн натыйжасы катары өтө кызыктуу чыккан. Кыргыз аялдарынын коомдо жана үй-бүлөдөгү абалынын өзгөрүшүнө так иликтөөлөөр берилген. Жаңы типтеги үй-бүлөнүн жаралышы жана өнүгүшү, үй-бүлө ичиндеги мамилелердин түзүлүшү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн теңчилдиги жана өз ара жардамдашуусу, адеп-ахлак тарбиясындагы үй-бүлөнүн ролу ж.б. бизде биринчилерден болуп талдоого алынып отурат. Ал өзгөрүү республикадагы социалдык-экономикалык өсүштөрдүн таасиринен келип чыкканы даана көрүнөт. Жубайлардын үй-бүлөдөгү милдеттеринин жаңы шартта өзгөрүшү, ата-энелер менен балдардын мамилесинин өз ара жардамдашуусунун өзгөчөлүгү, тарбиянын жолдору менен ыкмаларынын өзгөрүшү, адептик чен-өлчөмдөрдү үй-бүлөдө калыптандыруу сыяктуу эң актуалдуу маселелер изилденген. Балдарды тарбиялоо коомдун жана жеке ата-эненин өтө зор жооптуу милдети экендигине көп көңүл бурулат. Ар бир адамдын өмүрүнүн көпчүлүгү үй-бүлөдө өтөт эмеспи. Ошон үчүн бул китептеги маалымат, иликтөө, сунуштар ар бир окурманга өтө кызыктуу деп ойлойбуз.

Ал эми азыр болсо Т. Аттокуровко келген СССР Министрлер Советинин алдындагы ВАКтын куттуктоо телеграммасы көпчүлүктү кубандырып жатат. "Орто Азия республикаларындагы үй-бүлөлүк мамилелердеги өзгөрүүлөрдүн социалдык проблемалары" аттуу илимий эмгеги философия илимдеринин доктору деген даражага татыктуу болду.

Аттокуров: - Биздин социалисттик коомдун артыкчылыгы баардыгыбызга болгон бирдей эркиндик жана теңдик. Менин эмгектеримде үй-бүлөдөгү ата менен эненин, бала менен ата-эненин ортосундагы чыныгы мамилелер изилденген. Милдет үй-бүлө

мүчөлөрүнүн ортосундагы теңчилдикти сактоо жана коллективизмдин бардык тараптарын ар түрдүү факторлордун негизинде терең салыштырып, иликтеп чыгуу эле. үй-бүлөдөгү теңчилдиктин жана өз ара түшүнүүнүн проблемаларын бирдей калыпта өсүп отурушу ал биздин коомубуздун бир артыкчылыгын далилдейт. үй-бүлөдө башталган теңчилик, жолдоштук жана өз ара байланыш бара-бара жогорку чекке көтөрүлө алат. Бардык нерсе үй-бүлөдөн башталат. Бир мисалдарды келтирсем. Мисалы: Ата-эне экөө тең эртең менен жумушка кетишет. Бирок, аял кош кызматты дайыма аткарып келатат. Биринчиден, ал коомдук ишин аткарат. Экинчиден, ал (биз мына ушундай түшүнөбүз) эртең менен да, кечинде да тамак жасоого, үйдү тазалоого жана башка иштерди аткарууга милдеттүү. Ал эми үй-бүлөдөгү коллективизм дегенибиз, бир адамдын мойнуна жүктөлгөн ишти тең бөлүштүрүү болуп эсептелет. үй-бүлөдө түзүлгөн туура кырдаалдын коомдук мааниси да чоң. Мына ошондо гана социалисттик коомдун шарттарын жүзөөгө ашырууга болот.

Кабарчы: - Сиздин докторлук диссертацияңызда жалпы эле үй-бүлө маселелери, негизинен Орто Азия республикаларындагы өзгөчөлүктөр изилденген. Сиз ушул эмгегиңизде өлкөбүздүн Европа бөлүгүндө жайгашкан республикалардагы үй-бүлөлөр менен салыштырсаңыз керек.

Аттокуров: - Ооба, өлкөбүздүн Европа бөлүгүндөгү советтик республикаларында мына ушул үй-бүлөдөгү теңчилик маселелери бизге салыштырганда бир топ эле туура чечилгендей көрүнөт. Аларда үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы эмгекти туура бөлүштүрүүдөгү теңсиздик жоктой сезилет. Ал эми биздин Орто Азия республикаларындагы үй-бүлөлөрдүн өз ара мамилелеринде айрым теңсиздиктин болушу биринчиден, феодализм доорунан эле капитализмди аттап өтүп социализмге келгенбиз. Анткени, мурдатан бул аймактагы салт болуп калган маселе аялдар үйдө гана кызмат кылууга акылуу деген түшүнүк бар эле. Бул көз караш социализмди ар тараптан өркүндөтүү учурунда да сакталууда. Аялдар "эки" иштн аткарууда. Ал эми аялдардын үйдөгү иштерин тең бөлүштүргөн эркектерди көргөн учурда бизде тескери ойлор, көз караштар болот. Аны шылдыңдоого чейин барабыз. Качан гана үй-бүлөдөгү эмгектенүү иши туура бөлүштүрүлсө, бул процесс улам жогорулап олтуруп, жалпы коомдук чыныгы көрүнүшкө айланары социалисттик коомдук мамилелердин өнүгүшү анык.

Кабарчы: - Сиз аралаш никедеги үй-бүлөлөрдүн турмушун да терең изилдегенсиз. Анда үй-бүлөнүн бузулушун жана анын

чындалышын изилдеген бир топ пикирлер бар. Ушул тууралуу да айтсаңыз.

Аттокуров: - Ажырашуулар азыр биздин өлкөбүздө көп. Мунун себеби эмнеде? Социологдордун изилдөөсүнө таянып айтсак, ажырашуулардын бир себеби, үй-бүлөдөгү эмгекти туура эмес бөлүштүрүү. Ошондуктан ар адамдын өз маданиятынын кайсы деңгээлде экендиги үй ичиндеги мамилесинен эле билинет. Бири-бирин туура түшүнүү, колдоо негизги факторлор. Максат ушул изилдөөлөрдө да элибиздин маданиятын арттыруу, адамдык рухий дүйнөсүн байытуу, үй-бүлөдөгү ынтымакты чындоо болуп саналат.

Кабарчы: - үй-бүлөнүн бекем кармалышында анын ширетүүчүсү бул - бала. Анын үйдө тарбияланышы эки адамдын келечекке карай жашоосуна өбөлгө болот деп ойлойбуз. Бала жана үй-бүлөдөгү ата-энелердин тарбиялоодогу мамилелери жөнүндө сиз бир катар илимий иштериңизде, макалаларыңызда баян эткен элеңиз.

Аттокуров: - Элибизде "балалуу үй – базар, баласыз үй - мазар" деген макал бар. Бул өтө чоң философиялуу сөз. Анда көп омоктуу ойлор камтылган. үй-бүлөнүн ынтымактуу, бекем болушунда бала зор тирек. Аны туура тарбиялоо, жаш кезинен эле эмгекке көнүктүрүү өтө зарыл маселелерден. Мына Манас хандын баласы болсо да атасы аны алгач койчу кылган. Мындан эмнени айтайын дедим: мурдагы эпостордо, жомоктордо да балдарды жаш кезинен эмгекке тарбиялоо дагы өтө курч айтылат. Ал эми азыркы учурда биз элдик педагогиканы илимий педагогика менен тыгыз байланыштыра жана айкалыштыра албай жаткансыйбыз. Бул экөөнү тең алып жүрүү муундарды тарбиялоодо чоң өбөлгө. Ошондой эле элдик макал-лакаптарды үйдө туура пайдалануу, алардын маанисин, маңызын балдарга дайыма түшүндүрүп туруу жакшы натыйжа берет. Атаны жана апаны көргөн уул-кыз да мына ошондой болуп өсөт жана ошолордой көз карашта кала берет. Ошондуктан ата-эненин жеке жүрүм турумунда да көп маани бар. Учурда бардыгыбыз туура түшүнүүбүз керек.

Кабарчы: - Токтосун Аттокурович, сиздин эмгектериңизде дагы бир орчундуу маселелер козголгон. Ал интернационалдык үй-бүлө жана интернационалдык тарбия. Бул боюнча да өзүңүздүн пикириңизди ортого салсаныз?

Аттокуров: - Дегеле интернационализм деген эмне? Муну кандай түшүнөбүз? Ушул убакыттарга чейин интернационалдык тарбия деген ой бир кылка болуп келгендиги бизге белгилүү. Мына теле

көрсөтүүлөрдө, радио уктурууларда жана басма сөздө интернационалист деп эле эки улуттан турган үй-бүлөнү көрсөтүп же жаза коебуз. Бул биртке калпыстай ... Биз баарыбыз интернационалисттербиз. Бул турмуш чындыгы. Бирок аны терең түшүнүш керек. Интернационал деген сөз кыргызча которгондо жана маанисин түшүнгөндө эл аралык байланыш, элдердин ортосундагы мамилелер дегенди түшүндүрөт. Тигил же бул адамдын интернационалист экендиги башка улуттарга карата болгон аруу тилек, ак ниет мамилесинен, оюнан гана билинет. Албетте, эки-үч улуттан турган үй-бүлөлөр да интернационализмдин бир элементи. Бул достук белгилери катары дагы көрүнөт. Ар улуттагы жеке эки адамдын бири-бирин жакшы көрүп калышы негизги интернационалдык маселенин элементи гана деп айткым келет. Интернационалист - бул башка улутка болгон жооптуу мамиледе көрүнөт.

"Мугалимдер газетасы" 5-август, 1988-жыл
Т. Кенжеев, Ош областтык радиоуктуруу редакциясынын башкы редактору. Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер

I бөлүм
Үй-бүлө маселелери

1. Социализм шартындагы үй-бүлөнүн айрым маселелери.

Дүйнөдө биринчи жолу үй-бүлөлүк мамилелердин жаңы тибинин башталышы Октябрь социалистик революциясына таандык. Андан бери кандайча өзгөрүлгөн коомдук турмуштун көп кырдуу тармактары да Улуу Октябрдан башталат. Ф. Энгельстин үй-бүлөнүн келип чыгышы, өнүгүшү, өзгөрүшү жана перспективасы жөнүндөгү идеяларынын чындык экендиги Совет бийлиги мезгилинде, социалисттик системанын жашоо доорунда толук далилденди. Ошентип канча кылымдар өтсө да, пролетариаттын улуу күрөшүүчүсү жана жетекчиси Фридрих Энгельстин идеясы түбөлүккө сактала берет.

Пролетариаттын диктатурасы аялдардын толук коомдук тең укуктуулугуна чыныгы жол ачып берди. Аялдардын тең укуктуулугу жөнүндө жазылган толгон адабияттарга караганда ал диктатура сокур ишенимдердин тамырына көбүрөк балта чабат.

Социалисттик революциядан кийин идеологиялык эски нерселер кыйрап, өзүнүн кармап турган күчтөрүнөн ажырай баштайт. Баалуу жаңы нерселер жай жана күрөш аркылуу күндөлүк коомдук турмушка кире берет. Адамдын адамга кылган мамилеси, эркектердин аялдарга болгон көз караштары, сезими, акыл-ою революцияланат. Ушундан баштап жеке адамдын алдындагы укугуна чек коюлат.

Өндүрүш каражатына болгон жалпы коомдук менчиктин негизинде жеке адам менен коомдун ортосунда жаңы мамилелердин тиби өнүгүүгө мүмкүнчүлүк алат. Социалисттик кайра куруу мезгилинде көп түрдүү үй бүлөлүк никелик эски мамилелерден (мисалы буржуазиялык, феодалдык, уруулук общиналык, патриархалдык-феодалдык формалардан) шаарга жана кыштакка, өлкөнүн ар түрдүү райондорунда бирдей болгон социалисттик үй-бүлөлүк түзүлүшүнө өткөндөгү мамилелердин эң прогресивдүү жактары пайдаланылат.

Социализм мезгилинде үй-бүлөнүн табигый өзгөчө милдети болуп - балдарды төрөө жана тарбиялоо негизги орунду ээлейт. Ал

эми чарбалык функциясы болсо, коомдун өнүгүшү менен жеке чарбадан коомдук чарбага айланат. Мында коммунизм мезгилинде ар бир коомдун мүчөсүнүн өз үйү болбойт дегендик эмес, адамдын эмгегин көп керектеп, кыйноочу үйдөгү чарбалык-тиричиликтеги эмгегинин жеңилдегени менен түшүндүрүлөт.

Социалисттик үй-бүлөнүн дагы бир өзгөчөлүгү, анын экономикалык шарттары менен байланышпай, аны менен эсептешпей эле өз ара сүйүүнүн, урматтоонун, эркиндиктин, теңдиктин муктаждыгынын канааттанышы бир стакан суу жутуу сыяктуу эле оңой, жөнөкөй болот. В.И. Ленин бул теорияга өз мезгилинде төмөндөгүдөй жооп берген:

«Мен «бир стакан суу» деген белгилүү теорияны таптакыр эле марксисттик эмес жана анын үстүнө коомго каршы теория деп эсептеймин. Жыныстык мамиледе табийгаттын бергени гана эмес ошону менен бирге жамандыр-жакшыдыр маданияттын киргизген үлүшү да билинет. Энгельс «Үй-бүлөнүн келип чыгышы» деген эмгегинде жыныстык ашыктыктан өтүп жана назик болушунун кандай мааниси бар экендигин көрсөткөн. Жыныстар ортосундагы катнаштар коомдук экономика менен керектөөлөрүнүн ортосундагы катнаштар коомдук экономика менен адамдын ортосундагы оюн-тамашанын жөнөкөй гана көрүнүшү болуп саналбайт. Бул катнаштар бардык идеология менен болгон жалпы байланыштан бөлүнүп чыгып, өз бетинче өзгөрө беришин коомдун тикелей экономикалык базасы деп түшүндүрүүгө тырышуу марксизм эмес, рационализм болоор эле. ... Бирок, сүйүүгө эки адам катышат жана ортолорунда үчүнчү бир жаңы турмуш пайда болот. Мында коомдук кызыкчылык болуп, коллективге карата милдеттүүлүк пайда болот».[1]

Ошол «бир стакан суу» теориясынан улам жаштар жээлигип, жөн эле ашынып кетишкендигин, бул теория көп сандаган жаш жигиттер менен кыздардын убалына калгандыктары жөнүндө учурдагы милдет катарында, марксисттик тарыхый материализмдин духунда, коммунисттик жана эл аралык жумушчу кыймылынын көрүнүктүү өкүлдөрү тарабынан белгиленген болуучу. Бирок, В.И. Ленин муну жаштар пролетардык революциянын алдында жана анын жүрүшү мезгилинде жакшы түшүнүүлөрүнө ишенген жана бул проблема боюнча практикалык иштин болушун ар бир аң-сезимдүү адамдардан жана коммунистерден талап кылынат.

Биздин өлкөдө үй-бүлө жана турмуш-тиричилик проблемалары боюнча көп эле илимий эмгектер пайда болду. Бул эмгектерде

[1] В.И. Ленин жөнүндө эскерүүлөр, том 2. Ф., 1965, 499-бет.

социалисттик кайра түзүү мезгилинде жана коммунизмди кайра куруу учурундагы көп өзгөрүүлөр, өсүүлөр, перспективалар жөнүндө айтылуу менен көп социалдык маселелерди, сунуштарды, өздүк ойлорун кээ бир социологиялык изилдөөлөрдөн алынган материалдарды пайдалануу менен коомчулуктун кароосуна койушуп, ушул маселенин дагы жакшырышына баалуу пикирлерди тартуу кылышты. Мындай саамалыктар колдоого татыктуу экендигине эч ким каршы чыга албайт.

Эмесе акыркы жылдарда жарыяланган материалдардын кээ биринде көтөрүлгөн айрым проблемалар жөнүндө сөзгө өтөлү. 1967-жылы «Кыргызстан маданияты» газетасынын 21-жана 28-июндагы сандарында философия илимдеринин кандидаты Асанбек Таабалдиевдин социологиялык изилдөөлөрдөн алынган материалдардын негизинде жазылган «Сүйүүдөн турмуш жаралат» деген макаласы жарыяланган. Мындагы бир проблема ал жаштарды турмушка туура тарбиялоо, аларга турмуш тиричилик, сүйүү, үйлөнүү, үй-бүлө күтүү жөнүндө илимий түшүнүк берүү милдеттерине жана бул маселеде биздин кемчиликтерибиз айтылган. Чындыгында, мектепте да, атайын орто жана жогорку окуу жайларында да, коомдук маданий мекемелеринде да «жыныстык турмуш күтүүнү» жаштардан жашырган сыяктанабыз да, алардын «туура» жолдо жүрүшүн каалаган болобуз. Ал эми практикада тарбиялоочулар, ата-энелер айтпаган менен да турмуш өзү аларга-мугалим болору анык экендиги оюубузга да келбейт. Мисалы, Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасынын алдындагы социологиялык изилдөө лабораториясынан алынган анализдөөгө көңүл буралы. «Жыныстык турмуш» жөнүндө кайдан уккандыгы жөнүндө суроого жооп берген балдар менен кыздардын 65,5 проценти өздөрүнүн жолдошторунан, тенттуштарынан; 16,8 проценти мектептен, 7 проценти эне-аталарынан укканды ктарын айтышкан. Ушундай маалыматтарды алуу менен автор андан ары төмөндөгүдөй деп коомчулукка кайрылат.

- Карандызчы? Ушундан кийин окуучулар бул маселени билишээрине шек санабассыз. Бирок, кимден билишет? Кандай даражада туурабы, же туура эмеспи?

Сөз ушу жөнүндө болсун. Жогорку мисал боюнча алар баарынан мурун өз ара пикирлешип, бири-биринен билишет экен. Мектеп менен ата–эненин ролу жокко эсе. Баса бул жерде бир нерсени эске сала кетейин. «16 жашка чейинкилер киргизилбейт» деген фильмдерди көп эле көрүп жүргөнсүздөр. Залдан чыккандан

кийин ага дайым эле кошула берүүгө болбойт. Ал атайын сөз болуучу маселе. Бирок, фильмге кирип жатып, ошондой эскертүүнү кайра-кайра окушуп, кассаны тегеректеп, же контролерго жалдырап, сагаалап турган окуучуларды байкадыныз бекен?... Көп жолдоштор муну педагогикалык максатта жасалган чара деп түшүндүрүшөт. Биз аны менен макул эле бололу. Бирок, окуучулардын эмне себептен ошондой фильмдерди көрүүнү эңсеп, сагаалап жатышкандыктарын педагогдор ойлошот болду бекен. Мүмкүн алар үйдөн эне-атасы, мектептен - мугалимдери жашырган сырларды ошондой киолордон билишкилери келип жүрүшбөсүн? Кокус ага айрымдары кирип калышса, жокту бардай, барды укмуштуудай уламышка айлантып, теңтуштарын тегеректеп жатышпасын? Иши кылып бул маселедеги бири-бирине батынбастык, эки жакка тең (жаштарга жана алардын тарбиялоочуларына) зыян гана келтирбесе, пайда келтирип жаткан жери жокко го дейм. Ал туралуу «Комсомольская правда» газетасынын суроосуна жооп берген москвалык аялдын пикирин дагы бир ирет окуп көрүңүзчү. «Эмне үчүн бизде эркек менен аялдын мамилеси жөнүндө атайын адабияттар жок. Менин уулум быйыл 16 га чыкты. Ал бул маселелерди билиши керек, ансыз туура эмес жолго түшүп кетиши мүмкүн. Тилекке каршы ал жөнүндө бирөөдөн кеңеш алып, же ал бир жерден окуп алууга болбойт. Ошон үчүн мен уулумду врачка алып бардым. Билбейм, врач уялдыбы же кандайча жеткиришти билбедиби, айтор жалгыз олтуруп да эч нерсе айта албады. Уулум болсо караңгы бойдон кала берди. Жаштарга жардам бергиле, ал жөнүндө атайын адабияттарды көп чыгарууга жетишүү керек».

-«Жаштарга жардам бергиле!» - Эненин бул чакырыгына жөнөкөй гана жылмайып коюу, бар болгондо үй-бүлөнүн келечегине кайдыгерлик менен карагандыкка жатар эле. Сөз жаштарды үй-бүлө курууга, үй-бүлө күтүүгө даярдоо, тарбиялоо жөнүндө бара жатат. Ал бир эки айдын иши эмес. Ушундан кийин жаштардын айрыкча жогорку класстын окучууларынан сүйүү, үйлөнүү маселелерин атайы кылмыш катары жашыруунун же тыюу салуунун ордуна, аны өз колубузга алып, илимдин жетишкендиктерине, коомдук өсүштүн деңгээлине, башка элдердин тажрыйбаларына таянып, ар тараптан түшүндүрүү жолуна өтсөк, жаштар да, алардын эне-аталары да турмуш курууга болгон мезгилдин, доордун талаптарын билишсе, биздин коомубуздун прогрессивдүү жалпы ишине байланышкан бул проблема утушка ээ болуу менен алга жыла бермекчи.

Дагы бир көңүл буруучу маселе, ал нике үй-бүлөлүк мамилелердин комплекстүү изилдөө проблемасы. Бул социалдык милдетти чечүүдө Литва советтик социалисттик республикасында колдоого татыктуу саамалыктар жүрүп жатат. 1966-жылы жогорку жана атайын окуу жайлар Министерствосунда литвалык окумуштуулардын катышуусу менен нике, үй-бүлө, турмуш-тиричилик проблемаларын изилдөөдөгү соцологиялык группа түзүлгөн. Группада баары болуп 25 окумуштуу катышат. Анын ичинде: 5 философ, 7 медик, 5 педагог, 3 юрист, 3 экономист, 2 этнограф. Составы боюнча көп түрдүү. Ар бир бөлүмдүн өздөрүнчө планы, изилдөө өзгөчөлүгү болгону менен жалпы проблеманы биргелешип талкуулашат.

Социологиялык группа элдик университеттердин системасында үй-бүлөлүк, турмуш-тиричилик факультетин ачуунун демилгечилери болушкан. Окуу программасында никелик үй-бүлөлүк мамлилелердин маданиятын жогорулатууга көңүл бурулган. Программа социологиялык группа тарабынан иштелип, анда окуу мөөнөтү эки жылга белгиленген. Анда бардык негизги үй-бүлө, турмуш-тиричилик маданиятынын проблемалары киргизилген. Ал: социалдык биологиялык, чарбалык-экономикалык, эстетикалык жана психологиялык маселелерди өз кучагына алат.

1956-66-окуу жылында Литвада баары 6 филиалы менен 4 факультет иштеген болсо, 1970-жылы анын саны 24 райондо 40 филиалы ишке киришкен. Бул баалуу кыймыл өзүнүн жакшы жыйынтыктарын берүүдө. Мындан башка социологиялык группа, тиричилик үй-бүлөлүк маданияттын жогорулашы жөнүндө шаарларда жана айылдарда дайыма иштөөчү консультация борборлору уюштурулган. Ал ар түрдүү адистеги окумуштуулардын биргелешүүсү аркылуу өткөрүлөт.

Ушундан улам биздин республиканын окумуштуулары, Элге билим берүү Министерствосу, илимдер Академиясы жогоруда көрсөтүлгөндөй үй-бүлөлүк турмуш тиричилик маселелерин комплекстүү изилдөөгө өз көңүлдөрүн бурса жакшы болмок.

Бул проблема коомубузда жаштарды туура жолго тарбиялоодо элибиздин келечеги үчүн баа жеткис салым болоруна шек саноого болбойт.

“Кыргызстан маданияты” газетасы
11-январь, 1973-жыл

Интернационалдык тарбиянын айкын көрүнүшү

Өнүккөн социализмдин шартында коомдук мамилелердин, анын ичинде улуттук мамилелердин өнүгүшү, элдердин социалдык бир кылкалуулугун күчөтөт. Ал маданиятта, моралда жана турмуш тиричилигинде жалпы интернационалдык белгилердин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Совет элинин ичиндеги интернационалдык белгилеринин бири катары социалисттик улуттар аралык никелешүү - үй-бүлө маселелерин мисал келтирүүгө болот.

Улуттар аралык никелешүүнүн пайда болушу жана күчөшү улуттар арасындагы жакындашууну камсыз кылбастан, коомдун ажыроочулугунан келечектеги адамзаттын социалдык бир кылкалуулугуна кеңири жол ачып берет.

Эски убактарда эзүүчү таптар мамлекеттик-өкмөттүк колдоого таянып улуттук жана диний ырым-жырымдар менен никелешүү эркиндигин бир кыйла деңгээлде чектеп келишкен. Мисалы, ислам идеологиясынын закондору боюнча мусулмандардын башка диндеги адамдар менен никелешүүсүнө тыюу салынып, элдердин ортосунда жасалма түрдө тоскоолдук кылган.

Бирок, азыр өзгөчө жаш адамдардын ичинен бул диний-турмуштук үрп-адаттарды чечкиндүүлүк менен четке кагып жаткан адамдар көп кезигет. Бул традиция өзүнүн мурдагы маанисин жоготуп, никелешүүнүн жаңы традициясына, диний жана улуттук чектелүүчүлүк закондоруна моюн бербеген традицияларга жол бошотууда. Өлкөдө мындай аралашып никелешүү миллиондоп саналат.

Социализмдин тушундагы улуттар аралык никелешүү - тили, психологиялык жаралышы, салты, адаттары айырмаланган ар түрдүү улуттагы эркек менен аялдардын өз ара ыктыярдуу союзу болуп саналат. Үй-бүлөдөгү байлыкты эске алуу менен үйлөнүү максаты жубайлардын эркин жана тең укуктуу мамилесине өз ордун бошотту. Бир кездеги Ф. Энгельстин социалисттик коомдо экономикалык жана маданий жакындашуунун, улуттук чектелүүчүлүктү жоюнун, социалисттик моралдын орношунун натыйжасы аралаш никелешүүнүн көбөйүшүнөн ачык көрүнөт.

1970-жылдагы бүткүл союздук эл каттоонун маалыматы боюнча өлкөдө үй-бүлөлөрдүн жалпы санында аралаш никелешүү 13,5 процентти түзгөн. Латвия СССРи улуттар аралык никелешүүнүн таркашы боюнча 21 процентти түзүп, биринчи орунда турат. Аралаш

никелешүү Казак ССРинде 20,6, Украина ССРинде 19,7 процентти түзөт. Улуттар аралык никелешүү боюнча Кыргызстан республикалардын ичинде алтынчы орунду ээлейт жана ал үй-бүлөлөрдүн ичинде 14,9 процентке жетет. Кыргызстанда 1000 үй-бүлөдөн шаарда 209 үй-бүлө, жана селодо 106 үй-бүлө аралаш никелешкендер.

Ош шаардык ЗАГС бюросунун маалыматы боюнча 1960-1970-жылдары 16037 жаңы үй-бүлө курулса, алардын ичинде 3721 үй-бүлө улуттар аралык никелешүү түзгөн, 32,2 процент. Бул мезгилде Ошто миң үй-бүлөнүн ичинде 231 үй-бүлө аралаш никелешишкен. Миң үй-бүлөнүн ичинде Араван районунда 61 (1960-1972-ж). Алай районунда 37 (1960-1973-ж), Лейлек районунда 26, Ноокат районунда (1960-1974-ж) 25 үй-бүлө улуттар аралык никелешүү союзуна киришкен.

Бул фактылар улуттар аралык чектөөчүлүктү жоюунун ачык фактысы болуп саналат. Мындай никелешүү сан жагынан гана көрүнбөйт, анын сапаты да жаңырган үй-бүлөдөгү этикалык жана моралдык мамилелер жогорулап, элдердин ортосундагы достук чыңдалып, үй-бүлөдөгү эски калдыктардын жоюлушуна база түзүлүүдө.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй никелешүүгө ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү кирип жатышат. Ошентсе да жергиликтүү улуттар менен жергиликтүү эмес улуттардын ортосундагы никелешүү көп таркаган. Мисалы, малыматтарга караганда 1960-1970-жылдарда Ош шаарында орус кыздардын 48 улуттун жигиттерине турмушка чыккандыгы катталган. Ошол мезгилде орус жигиттери 35 улуттун кыздары менен – өзбек, тажик, түркмөн, кыргыз, азербайжан, татар жана башка улуттардын кыздары менен турмуш курушкан.

Улуттар аралык үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнүн өзү бир жагынан башка улуттардын турмуш жагдайынын баалуулугун өз ара кадырлоо, таануу болуп эсептелет, өзү көнгөн традицияларынын эскилигинен, диний нормалардан баш тартуу катары көрүнөт. Экинчи жагынан улуттардын маданияттарынын өнүгүшүнүн деңгээлин коомдук нормалардын жана традициялардын таасирдүүлүгүнүн өсүшүн обьективдүү чагылдырат. Бул көбүнчө жаңы шаарларга келген жаштардын арасында кездешет. Мисалы, "Литературная газета" (1975-ж, 13-август) КАМАЗда иштеп жаткан 70 улуттун ичинде бир улуттун адамдарынын никелешүүсүнө караганда ар түрдүү улуттун жаштарынын өз ара турмуш куруусу аз эмес экендигин атайын изилдеп жазат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй социалдык башка таптарга караганда улуттук чектелүүчүлүктү

билбеген жумушчу табы, улуттар аралык никелешүүгө көбүрөөк киришет. Мисалы, Ош шаарында 1968-1970-жылдарда улуттар аралык 804 никелешүү болгон. Булардын ичинде жумушчу аялдар 238, жумушчу эркектер 429 никелешүүгө кошулушкан. Бул аралаш никелешүүнүн ичинен 41,4 процентти түзөт. Ушул факты өлкөбүз үчүн да мүнөздүү.

Улуттар аралык үй-бүлө айрым өзгөчөлүктөргө ээ. Мисалы, мында эки тилде сүйлөшөт. Ошондой эле алардын балдары да көпчүлүк убакта эки тилди билишет жана ата-энелердин жоопторун анализдегенге караганда, Кыргызстандын айрым шаарлары менен селолорунда эгерде үй-бүлөдө европалык улуттардын өкүлү болсо алардын балдары үйдө, бакчада, ойногон кезде да орус тилинде сүйлөшө тургандыктары аныкталды. Же атасы, же энеси жергиликтүү улуттан болсо алардын балдары чоң энелери, чоң аталары, таяне-таяталары менен эне тилинде сүйлөшөт, бакчада жана башка жерде орус тилинде сүйлөшөт. Эгерде жашаган жерлеринде орус калкы аз болсо, мында европалык үй-бүлөдө орусча сүйлөшөт, бакчада жана кошуна бакчада жана кошуна балдар менен ойногондо кыргыз тилинде сүйлөшөт. Азыр жергиликтүү улуттардын көптөгөн өкүлдөрү өздөрүнүн балдарын орус тилинде окуу өтүлүүчү мектептерге алып келип жатышат.

Мындай улуттар аралык үй-бүлөдө үй тиричилиги эреже катары аралаш мүнөзгө ээ. Маданияттын ар түрдүү элементтери кошулуп кетет. Квартираны жасалгалоодо, кийинүүдө, тамак аш жасоодо, салт жана адаттардын белгилеринде мындай аралаштык көрүнөт. Кыргызстанда көптөгөн үй-бүлөлөрдө турак жай эки ыкта болот. Кыргыз-орус үй-бүлөсүндө дайыма бир бөлмө кыргызча (шырдак, тушкийиз ж.б.), экинчи бөлмө орусча (европалыкча) жасалгаланат.

Ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнөн курулган үй-бүлө коомдук интернационалдык маданиятты, турмуш-тиричилигин, салтты, мүнөздү калыптоого өбөлгө түзөт. Ал улуу муундарга, ата-энелерге таасир этет. Алардын кругозорун кеңейтип, башка элдер менен туугандык байланышты чыңдайт. Үй тиричилигинде өзгөрүүлөр болот. Эки улуттун өкүлүнөн төрөлгөн балдар тарбияны жана билимди интернационалдык чөйрөдө алып, улуттук чектөөчүлүктү билишпейт жана ал улуттардын жакындашуусунда сапаттык мүмкүнчүлүк түзөт. Ал балдар эки улуттун эң мыкты сапаттарын өздөштүрүп, ошол эле мезгилде ден соолугу чың, достук жана бир туугандыктын терең белгилерин алып жүрөт. Улуттар аралык үй-бүлөдөгү мындай этникалык процесстер советтик улуттардын жана

элдердин бири-бирине сиңип кетишинин элементтерин сактайт. Албетте, улуттардын биригиши адамзаттын келечектеги проблемасы болуп саналат. Ошентсе да бул процесстин элементтери улуттар аралык үй-бүлөлөрдүн өсүшүнөн, тилдик айырмачылыктын жоюлушунан аз болсо көрүнүп турат. Аралаш никелешүү – татаал, көп пландуу, коомдук көрүнүш. Анда советтик адамдардын интернационализми, элдер менен улуттардын жакындашуу процесси жатат. Адамдардын жаңы тарыхый жалпылыгы - совет элинин калыптанышын көрсөтүп турат.

Мына ушулар экономикалык кайра куруулардын, таптык айырмачылыктардын жоюлушунун, коомдук социалдык бир кылкалуулукка толук өсүүгө карай кыймылынын натыйжасы. Жаңы адамдын калыптануусунда биздеги интернационалдык тарбиянын жемиштүү натыйжасынан көрүнгөн бул сапаттар өнүгүп өсө бермекчи. Расалык жана улуттук белгилердеги чектелүүчүлүктөрдү жоюп, улуттар аралык мындай өз ара кадырлашуу, эң кымбат нерсе - үй-бүлөнү түзүү биздин коомдогу адамдардын жаңыча жашоосунун белгиси.

“Ленин жолу” газетасы
28-январь, 1976-жыл

Үй-бүлө жана тарбия

Адамдын тарбияланышы анын төрөлүшү менен бирге башталат. Адам сүйлөөдөн, угуудан мурун тарбияланат, аны үйрөнөт. Булардын баары алгачкы жолу үй-бүлөдөн баштала тургандыгы белгилүү. Ошондуктан ар бир адам үчүн үй-бүлөлүк тарбия жана алардын калыптанышына тийгизген таасири олуттуу мааниге ээ.

Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо менен ата-эне жалпы элдин келечегин тарбиялайт. Эгерде илимий көз караш менен алганда муну дүйнөнүн тарыхы десе да болот. Бул жоопкерчиликтүү, түпкүлүктүү сезимдин советтик ар бир үй-бүлөгө тиешеси бар экендиги талашсыз. Ар бир ата-эне качан, кайда болбосун өзүнүн баласына чексиз жакшылыктарды каалайт, аларды эңсейт, анын адамзат коомуна, ыйык ата мекенге чыныгы берилген мүнөзүнүн калыптанышын дайыма ойлошот. Өз коомуна, өз элине, жер энеге пайдасы тийген “чоң тамга менен башталган Адам” (М. Горкий) болсо экен деп дилгирленет.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 986952

Ата-энеңин бала төрөлгөндөгү кубанычы, ага ысым коюдан башталат. Ага чейин эле көмүскөдө, жүрөк түпкүрүндө кандай сонун ысымдарды тандайт. Бири экинчисинен жакшы көрүнөт. Ошентип,улуу тилек менен баланын ысымы аталат. Акыркы мезгилдерде, айрыкча өнүккөн социализмдин учурунда бактылуу үй-бүлөдө ысым коюу да өзүнчө бир жагымдуу салтка айланып, ага көпчүлүктүн, ата-энелердин, тууган-туушкандардын каалоолору, тилеги кошулуп жатат.Ушул көрүнүштөрдүн баары баланын төрөлүшүнөн баштап коомдун кызыкчылыгы үчүн болгон иш-аракеттер жана максаттар. Мындай үй-бүлөнүн жана коомдун биримдиги обьективдүү закондой каралып, алардын түпкү агымы жакшы нерсеге, адамзаттын жаркыраган келечегине – коммунизмге багытталгандыгы даана көрүнүп турат. Муну турмушта- практикада көрүү үчүн тарбиялоону эле талдап көрүү керек. Тарбия, В.И. Ленин көрсөткөндөй, чексиз категория.

1977-жылы атайын түзүлгөн анкеталык суроолор боюнча Ош шаарынан жана областтын селолук райондорунан социологиялык атайын изилдөөлөрдүн негизинде биз жогоруда сөз козгогон проблема боюнча бир нече ой-пикирлердин маалыматы аныкталган. Ал суроолорго шаар боюнча 148 үй-бүлөнүн өкүлү катышышты. Алардын ичинде 74 бир түрдүү улуттардан турган, ошондой эле 74 ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнөн турган үй-бүлөлөр жооп жазышкан. Жооптун жарымын энелер, калгандарына аталар жазып беришкен. Ушул эле метод менен селолук райондордогу 130 үй-бүлөнүн өкүлдөрүнүн ой-пикирлери, жашоо абалдары жөнүндөгү маалыматтар алынган.

Мындай изилдөө шаарда үй-башкармаларынан жана селолук райондор боюнча селолук советтин чарба китептери боюнча саны аныкталып, андан кийин ар бир беш үй-бүлөнүн бирине анкета таркатылып жооп алынды. Ош шаары жана селолук райондор боюнча алты улуттун өкүлдөрүнүн (бир түрдүү) турган үй-бүлөлөрдүн, ал эми ар түрдүү улуттун өкүлдөрүнөн турган үй-бүлөлөрдүн, жообуна шаардан 20дан ашык, селолордун 14төн ашык ар түрдүү ой-пикирлердин көптүгүн аныктоо менен, алардын бириктирүүчү жалпылык бар экендигин көрсөтөт.

Суроолорго көбүнчө билимдери, кызмат абалы, жашоо тиричилигинин, тилинин, маданиятынын айырмачылыгы бар, ар түрдүү социалдык катмардын өкүлдөрү жооп жазышкан. Аларга жумушчулар, кызматчылар, инженердик-техникалык, материалдык

өндүрүшкө катышпаган интеллигенттер, пенсионерлер катышышып, өздөрүнүн ой-пикирлерин ортого салышкан.

Анкетада "Өзүңүздөн балдарыңыздын кандай мүнөздө болоорун каалар элеңиз?" деген суроо коюлуп, он бир мүнөздүү белгилер саналып көрсөтүлгөн жана ошолордун ичинен үчөөнү гана ар бир үй-бүлөнүн өкүлүнүн белгилөөсү сураlган.

Бул суроого бардыгы болуп 278 үй-бүлөнүн өкүлдөрү катышкан. Ош шаары боюнча "Ата Мекенге берилгендик" деген графага ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдүн 62,2% ти, ал эми ар түрдүү улуттардын үй-бүлөлөрүнүн 74,3%ти жооп беришкен. Ошондой эле селолук райондор боюнча ушул эле мүнөздөгү анкетага ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдүн 69,3%ти, ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдүн 83,1%ти өздөрүнүн балдарына Родинага берилгендик мүнөзүн көрүүгө кызыгышкан каалоолорун билдиришкен. Проценттерге караганда жалпысынан шаардык үй-бүлөгө салыштырганда селолук үй-бүлөлөрдүн жооптору ушул мүнөздүн болушун каалагандыктары жогорку болуп турат. Айрым алганда Мекенди сүйүү, ага берилгендик бир түрдүү улуттардын ойлорунда кандайдыр көпчүлүк процентти түзгөндүгү белгиленди. Жалпы караганда изилденген үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү Ата Мекенге берилгендикке өз балдарын тарбиялоого көбүрөөк ынангандыктары, каалоолору көрүнүп жатат.

"Коллективизмге" деген анкета боюнча алганда бул багытта тарбиялоону сүйгөн ата-энелердин жооптору төмөнкүдөй белгиленген: шаар боюнча ар түрдүү улуттан турган үй-бүлөлөрдүн 16,2 проценти, бир түрдүү улуттан турган үй-бүлөлөрдүн 23%ти, селолук райондордон - ар түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдүн 4,6%ти, бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдүн 13,8 проценти өз балдарынын жүрүш-турушун коллективге берилгендиги, аны сүйүүгө тарбиялоону ниеттенишкендигин билдиришкен. Бул маалымат ата-энелер каалаган биринчи мүнөзгө караганда аз процентти түзөт. Ошондой эле, жалпысынан алганда, мындан да шаар менен селолук райондор боюнча бир улуттук үй-бүлөлөрдүн каалоосу көпчүлүк процентти ээлегендиги көрүнөт. Көпчүлүк ата-энелер Родинаны сүйүүнү коллективизмге берилгендик болот деген ойлорун анкетага билдиришкен. Түпкү маанисинен караганда бул экөөнүн биримдиги бар экендиги талашсыз. Ошондуктан ата-энелердин оюна кошулууга толук мүмкүнчүлүк бар.

"Адамдарга көңүл буруу, аларды сүйүү" графасына шаар боюнча 31,1 процент ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөр, 21,6 процент

бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөр өз балдарынан көрүнү каалашкандыгын билдиришкен. Селолук райондор боюнча бул сурооого ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдүн 29,2 проценти, бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдүн 15,4% ти жооп кайтарышкан. Бул мүнөздүн болушун каалаган шаарда жана селолордо ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөр көбүрөөк процентти түзгөндүгүн билгизет.

Мындай көңүл буруу ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдүн өздөрүнүн пайда болуудагы мүнөзүнө жараша болот деген түшүнүккө келсе туура болоор эле. Себеби, анда улуттук айырмачылыктарга көбүрөөк маани берилбегендиги ошол үй-бүлөнүн түзүлүшүнөн башталып, балдардын да ошондой сезимде өсүшүн каалагандыгы обьективдүү закон ченемдүүлүктө карооо болот.

Балдардын ак ниеттүүлүк мүнөзүн көрүнү каалаган ата-энелер шаар боюнча ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдө 74,3 процентти, бир түрдүү үй-бүлөлөрдө 77,1 процентин түзөт. Ушул эле сууолорго селолук райондор боюнча ар түрдүү жана бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө 64,6 процент, же болбосо бирдей эле жооп жазышкан. Бул маалыматтар да ар түрдүү жана бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө көпчүлүк процентти ээлөө менен ак ниеттүүлүк мүнөздү ата-энелердин көпчүлүгү каалагандыгынын күбөсү катарында карооо болот. Бул тилек, максат жана ойлоо барыдан мурда коммунисттик моралга туура келээри талашсыз.

Адамдын өз алдынча ойлоп, бирөөнүн айткандарына сын көз менен карап, бирөөнүн жардамысыз иштөөнү, максатын ишке ашырууну каалаган ата-энелердин сууолорго берген жоопторду шаар боюнча ар түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө 28,4 процентти, бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө 23 процентти түзгөн же ата-энелер жооп жазышкан. Мында да ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдө ушул мүнөзгө тарбиялоо бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөргө салыштырганда көпчүлүк процентти түзөт.

Тырышчаактуулукка, бир нерсени билүүгө өз бетинче умтулуучулукка тарбиялоого болгон ата-энелердин ойлору изилденген үй-бүлөлөрдүн берген жообу төмөндөгүлөрдү көрсөтөт. Шаарда ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдө 9,4 процент, бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө 10,8 процент, селолор боюнча ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдө 9,3 процент, бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө 7,7 процентти түзөт. Бул көрсөткүч шаардык үй-бүлөлөрдүн экөөндө тең, село боюнча ар түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө көпчүлүк процентти түзүп жатат. Берилген жоопторго

караганда селолук бир түрдүү үй-бүлөлөрдө анчалык деле маани берилбегендиги байкалып турат.

Мындан башка максатка багытталгандык, контролдук кылуу, өзүн өзү текшерүү, тил алуучулук, тыкандык же жыйнактык боюнча да балдардын мүнөзүнүн калыптанышына кызыгышкан ата-энелердин жооптору жазылган. Шаардык жана селолук үй-бүлөлөр боюнча салыштырганда жогорудагы мүнөздөрдү каалагандар анчалык деле көп процентти ээлебейт, буга да тиешелүү жооптор берилген. Тарбиялоодогу бул проблемаларга да көңүл буруу коомчулуктун зор милдеттеринин бири катарында кароо максатка ылайыктуу.

Эң акырында балдардын мүнөзүнүн калыптанышындагы суроолорго ата-энелердин берген ой-пикирлери көбүнчө эмгекчилдикке же эмгекти сүйүүгө тарбиялоого бурулган. Бул суроого шаардык ар түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдүн 79,7 проценти, 78,3 проценти бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөр түзө тургандыгын маалыматтар көрсөтүп турат. Селолор боюнча ар түрдүү улуттардан турган үй-бүлөлөрдүн 72,3проценти, бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдүн 78,5 проценти балдардын келечекте эмгекчил адам болушун каалагандыктарын билдиришкен. Ал эми салыштырмалуу түрдө караганда шаар менен селолордо ар түрдүү жана бир түрдүү улуттук үй-бүлөлөрдө бул мүнөзгө бардык ата-энелердин көпчүлүгү каалагандыгын жүргүзүлгөн анализ далилдеди.

Үй-бүлөлүк тарбиядагы мүнөздүн калыптанышы жөнүндөгү жогоруда саналып көрсөтүлгөн кээ бир белгилердин ичинен Ата мекенге берилгендик, ак ниеттүүлүк, эмгекти сүйүү деген түшүнүктөргө бардык саналган мүнөздөрдүн ичинен көпчүлүк проценти туура келет. Булардан кийинки жогорку процент – адамдарга көңүл буруу, сыйлоо боюнча мүнөздүн болушун каалаган ой-пикирлерге таандык. Анкеталык суроолорго жооп жазуудан көпчүлүк процентке ээ болгон мүнөздүү белгилер азчылык процентке ээ болгон мүнөздүү белгилерди аныктайт деген ата-энелердин көпчүлүгүнүн ою катарында кароо керек.

Бул болсо коомчулук, тарбиялоо системасындагы кызматчылар жана интеллигенттер көңүл буруучу маселе экендиги талашсыз. Муну балдарды тарбиялаган ар бир ата-эне эске алып, ойлонуп, туура тарбиялоого багыт алышса, ал коомдун өнүгүшүндө зор прогресс болор эле. Коомдун кызыкчылыгы үчүн ойлогон ойдун практикага айкалышы ар бир үй-бүлө үчүн да, коомчулук үчүн да пайдалуу.

Мына ошондуктан ата-энелердин өз баласын коомубузга татыктуу гражданин кылып тарбиялоого милдеттүү жана жооптуу экендигине коомдук уюмдар менен алар иштеген мекемелер контролдук кылуулары закон ченемдүү. Балдарына жат жоруктардын таасирин тийгизген үй-бүлө жөнүндө коомчулуктун пикири айтылыш керек.

"Эл агартуу" журналы
№10, 1977-жыл

Аялдардын үй тиричилигиндеги орду

Аял деген сөздү укканда биринчи кезекте үйдүн куту болгон эненин элеси көз алдыга тартыла калгандыгы бекеринен эместир. Анткени, баарыбыздын тең балалыгыбыз ошол эне кармап, жыйнап, термеп, мээримин төгүп турган үйдө чоңойгонбуз. Учу-кыйырына көз жетпеген Мекенибиздин ар кайсы булуң-бурчтарына иштөөгө да ошол энебиздин мээрими менен кең көрүнгөн кичине үйүбүздүн эшигинен учуп кеткенбиз. Эми өзүбүз балдарга ата-эне болуп, бир үйгө баш-көз болгон кезибизде аял-эненин үй-бүлөдөгү, үй тиричилигиндеги алган ордунун зор экендигине ого бетер ишенип, ого бетер таазим этүүдөбүз. Бирок илимде аялдын адам катары калыптануу проблемасын изилдөө эреже катары көбүнчө анын адистик жана социалдык-саясий ролдорун изилдөө менен гана чектелип жүрөт. үй-тиричилигиндеги аялдын ролун изилдөөчү окумуштуулардын бири - З. Янкованын пикири боюнча бул позиция бир беткей, реалдуу абалы менен келишпеген, теориялык жактан да, методикалык жактан туура эмес болуп саналат. Аялдын адистик жана коомдук-саясий ролу, бир жагынан жана үй-тиричилигиндеги ролу, экинчи жагынан, жетилген социалисттик коомдо өз ара бирин-бири толуктап турат, анткени, коомдун өнүгүшү адамды эмгектин эскирген түрлөрүнөн бошотууга, башкача айтканда, социалдык негизги максатка жетүүгө – чыгармачыл адамды калыптандырууга, коомдо жана үй-бүлөдө тең укуктуулукту камсыз кылууга багытталган.

Социализм тушундагы аялдын турмуш-тиричиликтеги орду олуттуу түрдө өзгөрдү. Эгерде мурда патриархалдык үй-бүлөдө аялдын негизги иши үй-бүлөнү тейлөө, үй жумуштарын бүт бойдон мойнуна алуу болсо, азыр ал үй-бүлөнүн тең укуктуу мүчөсү. Анын милдетине эми үй-бүлөнүн эс алуусун уюштуруу да, үй-бүлө

мүчөлөрүнүн социалдык багыт алуусун иштеп чыгууга катышуу ж.б. милдеттер кирет. Бул – үй-бүлөдө аялдын кадыр-баркынын өскөндүгүнүн далили болуп саналат. Социологиялык материалдар турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн жана кооперативдештирүүнүн азыркы кездеги деңгээлинде аялдарды үй чарбасындагы майда-барат жумуштардан жана балдарды тарбиялоодон толук колу бошобогондугу алардын өндүрүштүк активдүүлүгүнүн өсүшүнө жана рухий жактан өнүгүшүнө белгилүү түрдө жолтоо болуп жаткандыгын айгинелеп олтурат. Ушуга байланыштуу СССРде социалдык өнүгүүнүн азыркы кездеги этабында аялдардын өндүрүштүк жана үй тиричилигиндеги эмгегин рационалдуу айкалыштыруунун жолдорун издеп табуу улам барган сайын актуалдуу маселе болуп бара жатат. Бул маселенин Кыргызстан үчүн мааниси өзгөчө, анткени, мында үй-бүлөдө жана үй тиричилигинде эмгекти бөлүштүрүүнүн эски саркындылары белгилүү өлчөмдө сакталып келүүдө. "Аялдардын үй тиричилик эмгегин женилдете турган узакка пайдаланылуучу буюмдарды алуу маселесин ким чечүүгө тийиш?" деген суроого Ош шаарында туруучу үй-бүлөлөрдүн басымдуу көпчүлүгү: " Бул маселени эрди-катын биргелешип чечүүгө тийиш"- деп жооп беришкен. Бул келтирилген маалымат бир жагынан республикада жашоо–турмуш образынын жаңы үлгүсү орноп жана өнүгүп жаткандыгын айгинелейт. Ошондой эле үй-бүлөдөгү өз ара мамилелердин мүнөзүнүн өзгөргөндүгүн да, үй-бүлөнүн жаңы структурасынын жана функцияларынын орногондугунун да күбөсү болуп саналат.

Марксизмдин-ленинизмдин классиктери белгилегендей аялдарды толук азаттыкка чыгаруу үчүн адамды адам эксплуатациялашын жок кылуу, аялдарды коомдук өндүрүшкө тартуу, үй-тиричилик чарбасын коомдук өндүрүштүн бир тармагына айландыруу зарыл болгон. Бул идеялар социализмди куруунун жүрүшүндө ишке ашты: жеке менчик жоюлду, аялдар коомдук өндүрүшкө тартылды, алар үй-бүлөдө да, коомдо да тең укуктуулукка ээ болушту. Азыр калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө системасын механикалаштыруу жана индустриялаштыруу процесси жүрүп жаткан мезгилде үй-бүлөнүн өзүндө үй эмгегин кооперативдештирүүнүн жаңы тиби да пайда болууда. Ошентсе деле аялдын адистик жана үй тиричилигиндеги ролунун ортосунда өз ара карым-катнаш ынгайлуу деңгээлге жете элек. Экономисттердин эсептөөлөрү боюнча ушул азыркы кезде аял үй чарбасына сарп кылган эмгектин 5 процентин гана турмуш-тиричилик жактан тейлөө

мекемелери канааттандырат. "Аялдардын үй чарба эмгегин жеңилдетүү үчүн эмнени каалар элеңиз?" – деген суроого жумушчу аялдардын 80 процентке жакыны: "Үй тиричилигинде пайдаланылуучу машиналардын, аларды прокатка берүүчү пункттардын санын көбөйтүү керек"– деп жооп беришет, 20 пайызга жакыны кир жуучу жайларды, ашканаларды көбөйтүү, жарым-жартылай даярдалган азык түлүктөрдү сатууну кеңейтүү керектигин белгилешет. Жогоркудай социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасы көрсөткөндөй үй-бүлөсүнө тамак даярдаш үчүн ар бир аял орто эсеп менен 3 саат 33 минута, ал эми кир жуушка – 3 саат 10 минута сарп кылат. Натыйжада, бир үйдөгү бул сыяктуу жумуштарга күн алыс 6 саат 43 минута жумшайт. Мындан тышкары өзүмдүк көмөкчү чарбада иштөөгө аял эркекке караганда 2,5 эсе көп убакытты сарп кылат. Бул, албетте, үй тиричилигиндеги аял эмгеги али да болсо эркектерге караганда көбүрөөк сарпталып жаткандыгын айгинелейт. Бул жерден эркек жолдоштор үй-бүлөчүлүктө али да болсо аял эмгегин женилдетип, анын чыгармачылык эмгегинин жүзүнүн толук ачылышына мүмкүнчүлүк түзбөй жаткандыгыбызды моюнга алууга тийишпиз.

КПССтин XXVI сьезди аялдардын үй тиричилигинде, турмуш-тиричилик эмгегин жеңилдетүүгө айрыкча көңүл бурулду. Жолдош Л. И. Брежнев бул маселеге токтолуп: "Биз айтып жаткан, азык-түлүк продуктылары, эл керектөөчү товарлар, тейлөө чөйрөсү, - бул миллиондогон жана миллиондогондордун күндөлүк турмушунун маселелери. Магазин, ашкана, кир жуучу жай, химиялык тазалоочу жай - бул жерлерде адамдар күн сайын болушат. Алар эмнелерди сатып ала алышат? Аларды кандай тосуп алып жатышат? Алар менен кандай сүйлөшүшөт? Алар ар кандай турмуш-тиричилик машакаттарына канча убактысын жоготот? Көбүнесе, ушул маселелердин кандайча чечилишине жараша адамдар биздин ишибиз жөнүндө баа беришет. Алар катуу талап коюп баа беришет. Ошондуктан, муну, жолдоштор эске тутуу керек.

Ар бир адам жөнүндө, анын керектөөлөрү жана талаптары жөнүндө ачык-айкын камкордук көрүү – партиянын экономикалык саясатынын башталышы жана акыркы пункту, мен булар туурасында жөнөкөй, бирок өтө маанилүү ойду: калк үчүн товарларды чыгаруу, тейлөө чөйрөсүн өнүктүрүү - бул партиялык эң биринчи иш экендигин дагы бир жолу баса көрсөтүү үчүн эске салып жатам. Буга дал ушундай мамиле керек - деп айткан.

Майда үй жумушунан аялды бошотуу жөнүндө сөз козгоп жаткан учурунда В.И. Ленин яслилерди, балдар бакчаларын, коомдук ашканаларды коммунизмдин эми гана өнүп чыккан көк тамырлары деп атаган. Ал эми Ош областтык элге билим берүү бөлүмүнүн маалыматтары боюнча область боюнча 1980-жылдын 1-январына карата мектепке чейинки жаштагы балдардын жалпы санынын 19 проценти гана туруктуу иштөөчү балдар мекемелерине тартылган. Ушуга байланыштуу областта мектепке чейинки балдар мекемелеринин санын көбөйтүү сыяктуу кечиктирилгис милдет турат. Ансыз аялдардын "эки эсе жумуш күнүн" жоюу проблемасын чечүүгө мүмкүнчүлүк болбойт.

Азыр турмуш-тиричиликти тейлөөнү индустриялаштыруудан жана автоматташтыруудан тышкары турмуш-тиричилик техникасын мындан ары өркүндөтүү белгилүү ролду ойнойт, үй-чарбасында аны пайдалануу аялдын үй эмгегин канчага жеңилдетери белгилүү.

Аялдын үй тиричилигиндеги эмгегин жеңилдетүү проблемасын чечүү – эмгек ресурстарын рационалдуу пайдалануу гана эмес, ошондой эле аял-энелердин балдарын тарбиялоосуна, өзүнүн рухий дүйнөсүн кеңейтүүгө көбүрөөк убакыттын калышына мүмкүндүк берет. Ушул үстүбүздөгү жана болочоктогу беш жылдыктар Советтер Союзунун бардык республикаларында үй-бүлө турмуш тиричилигинде аял менен эркектин тең укуктуу-бирдей эмгек бөлүштүрүү проблемасын чечүүдө, аялдардын адистик жана үй-бүлө тиричилик ролунун алда канча рационалдуу өз ара катышын камсыз кылууда жаңы этап болмокчу.

Социалисттик эл чарбанын, советтик демократиянын илимдин жана СССР элдеринин маданиятынын жана совет коомунун өнүгүшүнүн башка прогрессивдүү факторлору – аялдардын улам барган сайын өлкөнүн өндүрүштүк коомдук-саясий, маданий турмушуна эркектер менен бирдей даражада тартылып, мунун натыйжасында өз алдынча социалдык-таптык абалды ээлешине алып келет.

Илимий–техникалык прогресстин өсүшү менен мындай өнүгүү процесси улам жогорулайт жана аялдардын эмгегинин мүнөзүнө, мазмунуна маданий-техникалык деңгээлинин жогорулашына өзүнүн таасирин тийгизет. Атап айтканда, аялдын адистик жана үй-бүлө тиричилик функцияларынын айкалышы улам барган сайын рационалдуу формага ээ болуп, социалисттик типтеги аялдын калыптануу процесси тынымсыз жүрө бермекчи.

"Кыргызстан аялдары" журналы
№3, 1982-жыл

Советтик үй-бүлөнүн социалдык проблемалары

Үй-бүлө коомдун социалдык эң маанилүү ячейкасы экендиги белгилүү. Талдоо советтик коомдун негизги принциптери, идеалдары күнүмдүк турмушта жүзөгө кандайча ашырылып, советтик турмуш образынын мүнөздүү белгилери үй-бүлөлүк турмуштун бардык чөйрөсүндө кандайча көрүнүп жаткандыгын байкоого мүмкүнчүлүк берүүдө.

Үй-бүлөнүн социалдык проблемаларын, анын турмуш–тиричилигин изилдөөнүн актуалдуулугу социалдык бир тектүү коомдун андан ары өнүгүшү үчүн аялдар менен эркектердин иш жүзүндөгү теңдигин жүзөгө ашыруу, социалисттик типтеги инсанды калыптандыруу үчүн ал проблемалардын улам өсүп жаткан маанеси менен аныкталат. Үй-бүлөнүн көптөгөн функцияларынын ичинен бала төрөөнүн жана тарбиялоонун, жубайлардын өзүн өзү тарбиялоосунун жана өз ара тарбиялашуусунун бөтөнчө мааниси бар.

Анын мындан башка - эс алуу, маданий, чарбалык, турмуш–тиричиликтин ж.б.у.с. функциялары дагы чоң мааниге ээ, инсандын калыптанышы да, тиричилик чөйрөсүндө иш жүзүндө теңдиктин орношу да, советтик турмуш образынын, керектөө жана адамдын акыл-эстүү керектөө процесстеринин өркүндөлүшү да ошолорго көп жагынан байланыштуу.

Үй-бүлөнүн социалдык-тарыхый маңызын илимий талдоо биринчи жолу Маркс жана Энгельс тарабынан жүзөгө ашырылгандыгы белгилүү. Алар үй-бүлөлүк мамилелер акырында келип коомдун экономикалык түзүлүшүнө, материалдык жыргалчылыктардын өндүрүлүшүнө байланыштуу экендигин ачып көрсөтүп, ал мамилелерди талдоого тарыхый конкреттүү мамиле жасоо керек экендигин нечен жолу белгилешкен. Марксизм-ленинизм негиздөөчүлөрдүн никенин жана үй-бүлөнүн тарыхый формалары, үй-бүлөнүн коомдун социалдык-экономикалык табиятына көз карандылыгы, аялдын коомдогу жана үй-бүлөдөгү орду, коммунизмдин тушунда никелик-үй-бүлөлүк мамилелердин мүнөзү жана мазмуну, коомдук көрүнүш катары үй-бүлөнүн маңызы сыяктуу ж.б. маанилүү проблемаларды иштеп чыгууларынын теориялык-методологиялык жана практикалык чоң мааниси бар.

Маркс менен Энгельс материалдык өндүрүштүн эң кеңири жана жалпы планда эки жагы: буюмдарды жасап чыгаруу жана адам өмүрүн жаратуу жактары бар, деп баса көрсөтүшкөн.

"Материалисттик түшүнүүгө ылайык, түздөн-түз өмүрдү жаратуу жана кайра жаратуу акырында келип тарыхта аныктоочу момент болуп саналат. Бирок ал жаратуучунун өзү кайра эле эки түрдүү болот. Бир жагынан - жашоо каражаттары: тамак-аш азыктарын, кийим-кече, турак жай жана бул үчүн зарыл керектүү куралдарды жасап чыгаруу; экинчи жагынан - адамдын өзүн-өзү жаратуу, тукумду улантуу түрүндө болот. Белгилүү тарыхый доордун жана белгилүү өлкөнүн адамдары жашап жаткан коомдук тартипте өндүрүштүн эки түрү менен: бир жагынан, эмгектин, экинчи жагынан, үй-бүлөнүн өнүгүү баскычы менен шартталат. Эмгек канчалык аз өнүккөн болсо, анын продуктыларынын саны, демек, коомдун байлыгы канчалык чектелген болсо, коомдук түзүлүштүн уруулук байланыштарга көз карандылыгы ошончолук күчтүү көрүнөт. Мындай материалисттик концепцияга ылайык үй-бүлө тарыхый көрүнүш болуп саналат. Анын өзгөрүшү бүтүндөй өндүрүштүк мамилелердин өзгөрүшүнө жараша болот.

СССРде социализмди куруу практикасы жана азыркы кездеги никелик-үй-бүлөлүк мамилелер Октябрь революциясынын натыйжасында болгон терең прогрессивдүү социалдык өзгөрүүлөрдүн эң ачык-айкын көрсөткүчтөрү болуп саналат.

Совет бийлигинин жылдарынын ичинде өлкөдө турмуш-тиричилик уклады, никенин жана жубайлык мамилелердин мүнөзү жана мазмуну өзгөрдү. Үй-бүлөнүн экономикалык негизи таптакыр башкача болуп калды. Бардык өндүрүш каражаттарынын коомдук менчикке айланышы менен азыркы кездеги советтик үй-бүлө өндүрүштүн функциясын акырындап жогото баштайт. Азыр анын материалдык жыргалчылыгынын негизин көбүнчө коомдук өндүрүшкө катышуудан алынган кирешелер түзүп жатат. Ал эми кирешелердин деңгээли жана үй-бүлөнүн составы үй-бүлөнүн турмушунун шарттарын калыптандыруучу эң маанилүү факторлор болуп саналат. Иштеп жаткандар менен алардын багуусундагылардын, кызмат акылардын өнүгүү денгээлиндеги ар кандай катыш үй-бүлөлөрдүн материалдык жактан камсыз кылышындагы олуттуу айырмачылыктарга сөзсүз алып келет.

Илимий коммунизмдин негиздөөчүлөрү өз убагында эле социалисттик коомдун биринчи стадиясында мүлктүк теңсиздик сөзсүз сакталып кала тургандыгын далилдешкен. "Бул жерде,- деп белгиленет "Гота программасына сында",- өз негизинде өнүгүп чыккан коммунисттик коом жөнүндө эмес, тескерисинче, дал ошол капиталисттик коомдон эми гана чыгып жаткан жана ошондуктан

бардык жактан, экономикалык, адеп жана акыл-эс жагынан өзү түпкүрүнөн чыккан эски коомдун тубаса тактарын али да сактап калуучу коом жөнүндө болуп калат" (Маркс К жана Энгельс Ф. Тандалган чыгармалары, 3-том, 14-бет).

Чынында эле, ар бир адам иштеп берип, коомдук эмгектин башкалар менен бирдей үлүшүн, коомдук продуктынын бирдей үлүшүн алат (көрсөтүлгөн кармап калуулардан башка). Анткен менен адамдар бирдей эмес да: бирөө күчтүү, башкасы чабалыраак болот, бирөө үйлөнгөн, башкасы үйлөнө элек болот, бирөөнүн балдары көп, башкасынын балдары аз ж.б.у.с.

"Тең эмгек кылган кезде,- деп корутундулайт Маркс, - жана, демек, коомдук керектөө фондусуна тең катышкан кезде бирөө чындыгында башка бирөөгө караганда көп алат, башка бирөөдөн байыраак болуп чыгат жана дагы ушул сыяктуу. Мына ушунун бардыгын болтурбоо үчүн укук тең болуунун ордуна, тең эмес болууга тийиш".

Демек, коммунизмдин биринчи фазасы адилеттикти жана теңдикти али бере албайт: байлыктагы айырмачылыктар, болгондо да адилетсиз айырмачылыктар кала берет, бирок адамды адам эзүү мүмкүн болбой калат. Социалисттик коом, Лениндин оюу боюнча, "коомдун бардык мүчөлөрүнүн толук жыргалчылыгын жана ар тараптан эркин өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн" жашайт. Бул принцип социалисттик мамлекеттин негизги Законунда - СССР Конституциясында чагылдырылган, анда мындай деп жазылган: "Социализмдин тушундагы коомдук өндүрүштүн жогорку максаты-адамдардын өсүп жаткан материалдык жана рухий керектөөлөрүн өтө толук канааттандыруу" (СССР Конституциясы (Негизги Закону). Фрунзе "Кыргызстан",1979-жыл,11-бет).

Адам жөнүндө, анын бактысы жана жыргалчылыгы жөнүндө камкордук көрүү - бул социалисттик мамлекеттин жогорку максаты экендигин советтик коом өзү жашап келе жаткан жылдардын ичинде практика жүзүндө көрсөттү. Эмгегине жараша акы төлөө –социализм шарттарында советтик үй-бүлөнүн материалдык жана маданий керектөөлөрүн канааттандыруунун негизги булагы. Азыркы кезде жумушчулар менен кызматчылардын үй-бүлөлүк бюджетинде кызмат акы 67 ден көбүрөөк процентти, ал эми өнөр жай жумушчусунукунда 69,4төн көбүрөөк процентти түзөт. Бул закон ченемдүүлүк социалисттик коомдун "Ар кимден-жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге эмгегине жараша" деген негизги принцибинен келип чыгат.

Эмгегине жараша бөлүштүрүү, В.И. Ленин көрсөткөндөй, - социализмдин негизи, анын күчүнүн түгөнбөс булагы, анын биротоло жеңишинин кебелбес залогу. Эмгегине жараша бөлүштүрүүнүн социалисттик принциби өндүрүштү уюштурууну жакшыртууда маанилүү ролду ойнойт, советтик бардык адамдардын таламдарын коомдук таламдар менен эриш-аркак байланыштырат, эмгекти жалпыга бирдей жана милдеттүү эмгек кылат, эмгекке коммунисттик мамиле жасоого тарбиялоонун, аны турмуштук керектөөгө айландыруунун кубаттуу каражаты болуп кызмат кылат. Мына ошон үчүн эмгектин санына жана сапатына жараша акы төлөө советтик үй-бүлөнүн жыргалчылыгын жогорулатуунун негизги жолу болуп саналат.

Бирок жумушчулар менен кызматчылардын үй-бүлөлүк бюджетинин кирешелүү бөлүгү бир гана кызмат акы менен бүтүп калбастыгы белгилүү, анын суммасынын кыйла бөлүгү мамлекеттен пенсиялар жана ар кандай пособиелер, отпускага төлөөлөр жана окуучулар менен студенттерге стипендиялар, акысыз билим берүү жана медициналык тейлөө, санаторийлер менен дем алуу үйлөрүнө акысыз жана арзандатылган бааларда берилүүчү путевкалар, мектеп жашына чейинки балдар мекемелеринде балдарды багуу жана коомдук керектөө фондуларынан жумшалуучу башка бир катар төлөөлөр жана жеңилдиктер түрүндөгү каражаттар түзөт.

Керектөөнүн коомдук фондуларынын маанисин баалоо кыйын. Эгерде социализмдин тушунда социалисттик үй-бүлөнүн бардык керектөөлөрү эмгегине жараша түшкөн кирешелердин эсебинен гана канааттандырыла турган болсо, башкача айтканда, акы төлөп канааттандырыла турган болсо, анда коммунисттик коомдогу өндүргүч күчтөрдүн салыштырмалуу жогорку эмес деңгээлинин тушунда (бөтөнчө социалисттик мамлекеттин жашап турган алгачкы жылдарында) калктын айрым топторунун белгилүү жана маанилүү керектөөлөрү коом үчүн зарыл өлчөмдө канааттандырылбай калар эле. Материалдык жактан аз камсыз кылынган үй-бүлөлөрдө балдарды окутууда, медициналык тейлөөдө кыйынчылыктар пайда болушу мүмкүн эле.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында керектөөнүн коомдук фондуларынын эсебинен сабатсыздыкты жоюу жүзөгө ашырылган, саламаттыкты сактоонун мамлекеттик системасы, энеликти жана балдарды коргоо, өлкөнүн бардык региондорунда, анын ичинде Орто Азияда да калктын эс алуусу уюштурулган. Ресурстардын өсүшүнө жана социалдык-экономикалык мамилелердин өнүгүшүнө жараша

керектөөнүн коомдук фондулары да өсө берет. Мисалы, жалпы орто билим берүүчү мектептерде бир окуучуга чыгымдоолор бир жылга эсептелгенде 250дөн ашык сомду, атайын орто окуу жайларында - 805 сомду, жогорку окуу жайларында -1200дөн ашык сомду түзөт. Балдар яслилеринде бир баланы багууга жылына 630га жакын сом, балдар бакчаларында 530дан ашык сом чыгымдалат, анын үстүнө бул чыгымдардын 80 проценти мамлекет тарабынан төлөнөт, ошону менен бирге төртүнчү бала жана андан кийинки балдар төрөлгөндө азыр берилип жаткан пособиелердин өлчөмдөрү сакталып калат.

Социалдык жактан камсыз кылуу жана социалдык камсыздандыруу керектөөнүн коомдук фондуларынын чыгымдарынын эң маанилүү статьялары болуп саналат, булардын үлүшүнө керектөөнүн коомдук фондуларынын 39 проценттен көбүрөөгү туура келет. Алардын эсебинен балалуу үй-бүлөлөргө жана жаш жубайларга мамлекеттик жардам берүүнү күчөтүү боюнча чаралар да жүзөөгө ашырылат. Атап айтканда, биринчи бала төрөлгөндө 50 сом өлчөмүндө жана экинчи, үчүнчү бала төрөлгөндө 100 сом өлчөмүндө бир жолу берилүүчү пособия төлөө киргизилди, төртүнчү бала жана андан кийинки балдар төрөлгөндө пособиенин азыр берилип жүргөн өлчөмдөрү сакталып калат. Он биринчи беш жылдыкта жалгыз бой энелерге берилүүчү мамлекеттик пособиелер балдары бар иштеген аялдарга акы төлөнүүчү үч күндүк кошумча отпуск киргизилди.

Кызмат акынын, керектөөнүн коомдук фондуларынан төлөөлөрдүн өсүшүнүн, жеңилдиктердин кеңейишинин натыйжасында социалисттик типтеги үй-бүлөлөрдүн өнүгүшү, советтик турмуш образын калыптандыруу, ар кандай керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн, керектөөчүлүк таламдарды канааттандыруунун үй-бүлөлүк жана коомдук формаларын гармониялуу айкалыштыруу үчүн материалдык шарттар түзүлдү. Мындай гармония үй-бүлөнүн материалдык жыргалчылык булактарынын мүнөзүнүн өзү менен детерминдештирилген.

Социализмдин тушунда аялдардын абалынын өзгөрүшү СССРде, анын ичинде Орто Азия республикаларында никелик-үй-бүлөлүк мамилелерде терең өзгөрүүлөрдү пайда кылган ири фактор болду. Азыркы кезде жумушчулар менен кызматчылардын жалпы санында аялдардын ээлеген проценти Өзбекстанда 1940-жылдагы 31 проценттен 1986-жылдагы 43 процентке чейин, Кыргызстанда тийиштүү тартипте алганда - 29 проценттен 49 процентке чейин, Тажикстанда - 29 проценттен 38 процентке чейин, Түркмөнстанда -

36 проценттен 41 процентке чейин өстү. Бирок, Орто Азия республикаларында аялдардын коомдук өндүрүшкө катышуу деңгээли жалпы союздук деңгээлге жетпейт. Ошол эле убакта, 1979-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоо көрсөткөндөй, Орто Азияда аялдардын билим деңгээли бүткүл союздук деңгээлден али артта калып жатат, бул өзүнүн чечилишин талап кылган проблемалуу белгилүү жагдайдын сакталып калып жаткандыгын айгинелеп турат.

Социологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн жана үй эмгегинин кооперациясынын азыркы кездеги төмөнкү деңгээлинин учурунда аялдардын үй чарбасында, балдарды тарбиялоодо иштеп жатышы алардын активдүүлүгүнүн андан ары өнүгүшүнө тоскоолдук болуп жаткандыгын көрсөтүп олтурат. Мына ушуга байланыштуу аялдардын өндүрүштөгү жана үйдөгү жумуштарын рационалдуу айкалыштырууну издеп табуу социалдык мамилелердин өнүгүшүнүн азыркы этабында улам көбүрөөк актуалдуу болуп бара жатат.

Азыркы кезде, экономисттердин эсептөөлөрүнө караганда, аялдардын үй тиричилигине жумшаган убактысынын 5 проценти гана турмуш тиричилик жактан тейлөөчү коомдук мекемелер тарабынан канааттандырылат.

"Аялдардын абалын жакшыртуу үчүн эмне кылуу керек?" деген суроого кызматкер аялдардын 80 процентке жакыны "үй тиричилигинде пайдаланылуучу машиналардын, аларды прокатка берүүчү пункттардын санын көбөйтүү керек" –деп жооп беришет, ал эми 20 пайызга жакыны кир жуучу жайларды, ашканаларды көбөйтүү, жарым-жартылай даярдалган азык түлүктөрдү сатууну кеңейтүү керектигин белгилешет. Ал эми Орто Азиянын шарттарында, айрыкча айылдагы калк жашаган пункттарда калкты тейлөөчү кир жуугуч комбинаттар, турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү мекемелер дээрлик жок.

Кыргызстанда жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, эне-аял убактысынын негизги бөлүгүн тамак-аш даярдоого, нан бышырууга жана кир жууганга жумшайт. Мындан тышкары, статистика органдарынын маалыматтары боюнча, өздүк көмөкчү чарбага да алар убактысын эркектерге караганда 2,5 эсе көп жумшашат.

Ошентип, аялдын кесиптик жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик функцияларын гармониялуу айкалыштыруу проблемаларын чечүү үчүн алдыда татаал жана узакка созулуучу иш жүргүзүү милдети турат, бул иш социализмдин материалдык-техникалык базасын андан

ары өнүктүрүү, коомдук мамилелерди өркүндөтүү менен байланышкан.

Социализм өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүн тездетип, республикалардын чарбалык адистешүүсүн, кооперациялашуусун тереңдетет, миграция процесстерин интенсивдештирет, республикалардын калкынын жана экономикалык-географиялык региондордун улуттук гетерогендүүлүк (гетерогендик - составы жагынан бир тектүү эмес (карама-каршы - гомогендүү) деңгээлин жогорулатат. Калктын көп келиши улуттук гетерогендик никелердин таралышы үчүн гана эмес, ошондой эле маданияттардын өз ара байышуусу үчүн, республикалардын бүткүл калкынын турмуш образынын интернационалдык белгилерин калыптандыруу, үй-бүлөлүк-турмуш-тиричиликтик мамилелерди андан ары өнүктүрүү үчүн шарт түзүүгө көмөктөшөт.

Кийинки мезгилде, статистика органдарынын маалыматтарына караганда, улуттар аралык никелешүүлүрдүн саны өсүүдө. Шаар менен айыл калкынын арасында 1959-жана 1979-жылдарда алардын салыштырма салмагы тийиштүү тартипте алганда СССР боюнча 10,2ге жана 14,8ге, Өзбек ССРи боюнча 12,3кө жана 15,5ке, Тажик ССРи боюнча 9,4кө жана 13кө, Түркмөн ССРи боюнча 8,5ке жана 12,3кө барабар болду.

Элдердин достугун жана бир туугандыгын бекемдөөчү улуттар аралык никелердин пайда болушуна жана алардын жашап турушуна орус тилинин жана кош тилдүүлүктүн таралышы сыяктуу факторлор көп жагынан көмөктөшөт. Мындай үй-бүлөлөрдө орус тилинен тышкары башка улуттук тилдер да колдонулат. Кыргызстандагы улуттук гетерогендик үй-бүлөлөрдө балдары менен орус тилинде алардын 89,2 проценти, жубайы менен - 93,3 проценти, ата-энелерни менен - 89,2 проценти, жаш ата-энелери менен - 90,6 проценти, улгайган туугандары менен - 85,1 проценти сүйлөшө тургандыгын көрсөттү. Айылдык райондордо бул көрсөткүч бир аз төмөн. Бул жана башка фактылар орус тили улуттук-гетерогендик үй-бүлөлөр үчүн турмуш-тиричилик чөйрөсүндө өз ара сүйлөшүүчү негизги тил болуп калгандыгы жөнүндө айтып турат. Шаардык жерлерде бул процесс көбүрөөк интенсивдүү, айыл жерлеринде азыраак интенсивдүү жүрүүдө, бирок ал бардык жерде кеңири масштабдары менен айырмаланууда.

Улуттук-гетерогендик никелешүүлөрдүн жана үй-бүлөлөрдүн таралып жаткандыгы жөнүндөгү статистикалык маалыматтар тандап алуу жолу менен жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн

материалдары менен ырасталууда. Мисалы, Орто Азиянын жана Казакстандын элдеринин өкүлдөрүнүн ортосундагы никелешүүлөр өтө көп таралган көрүнүш болуп саналат. Кийинки жылдарда өзбектер менен тажиктердин, өзбектер менен түркмөндөрдүн, өзбектер менен кыргыздардын ортосундагы никелешүүлөр көп боло баштады. Өзбектер тажик, түркмөн, кыргыз кыздарына гана үйлөнүшпөстөн, ал элдердин өкүлдөрүнө өзүлөрүнүн кыздарын да күйөөгө беришет. Дунган уландары да кыргыз, казак, өзбек кыздарына үйлөнүшөт. Бул никелешүүлөрдүн баары элдердин узак убакыт бою маданий жактан өз ара таасир көрсөтүүсүнүн негизинде түзүлгөн турмуш-тиричиликтин кыйла жакындыгы менен шартталган. Мунун натыйжасында мындай типтеги никелешүүлөрдө салттуу үй-бүлөлүк-турмуш-тиричиликтик кээ бир белгилер туруктуу сакталып калат, ажырашуулар өтө сейрек болот. Муну менен бирге мындай бир белгилүү закон ченемдүүлүк туруктуу байкала баштады: күйөөсү жергиликтүү улутка таандык жаш жубайлардын улуттар аралык никелешүүлөрү колуктусу жергиликтүү улутка таандык жаш жубайлардын никелешүүлөрүнө караганда кыйла тез өсүп жатат. Бирок соңку жылдарда кийинки типтеги никелешүүлөрдүн саны кыйла көбөйдү. Тажикстандын Душанбе жана башка шаарларында, мисалы, улуттук-гетерогендик бүтүндөй бир катары үй-бүлөлөр пайда болду, бул үй-бүлөлөрдө тажик кыздары өздөрүнүн тагдырын орус, латыш, осетин жаштары менен байланыштырышты. Орто Азиядагы башка республикаларда да ушундай эле процесстер болуп жатат.

Орто Азия республикаларында улуттук-гетерогендик никелешүүлөрдүн өсүү тенденциясы жаңы маданий тажрыйбалардын жана үйдөгү турмуш-тиричиликтик формалардын, үй-бүлөлүк үрп-адаттардын, бүтүндөй советтик турмуш образынын калыптанышына оң таасирин тийгизет. Атап айтканда, улуттук гетерогендик чөйрөдө өткөндүн калдыктары тез жоюлат, советтик үрп адаттары, ырым-жырымдар турмушка оңой киргизилет, элдик салттар андан ары өнүгүүгө ээ болот.

...Эмгек ырларынын, кошоктордун, акын-демократтардын поэтикалык чыгармаларынын, элдик оюндардын, макал-лакаптардын да тарбиялык мааниси бар, аларда элдин эмгеги даңкталып, адептик баалуулуктар ырасталат. Санат-насыят ырлары акындар тарабынан адамдар көп катышкан жыйындарда балдардын көз алдында аткарылган жана балдарды тарбиялоонун өзүнчө бир мектеби болгон.

Балдарды жаштайынан эмгек кылууга тартуу аларды эмгекчилдикке тарбиялоонун зарыл шарты деп эсептелген. Буга "Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт" деген макал мисал боло алат. Эр жеткен ар бир адам ар кандай кырдаалда балдардын кимиси болсо да эмгек кылууга тартууга акылуу болгон. Мындай учурда ал баланы сөзсүз "Жаш келсе - ишке, кары келсе -ашка", деп үйрөткөн.

Ондогон жылдар бою түзүлгөн элдик макал-лакаптар эмгекчи адамдын өткөндөгү оор абалын, анын адептик түшүнүк-элестөөлөрүн ачык айкын мүнөздөгөн. Таасын айтылган санат сөздөрдө эзүүчүлөргө болгон жек көрүү, аларды адамды жек көргөн моралы, ач көздүгү жана таш боордугу билдирилген.

Элдик педагогикада тарбиялык атайын механизмдерди иштеп чыгууга чоң маани берилет. Элдик акылмандык, атап айтканда, адептик тарбиялоодо өрнөктүн жана көнүгүүлөрдүн ролун жогору баалайт ("Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кыз өсөт").

Кеңири таралган макалдардын жана насыят ырларынын негизги максаты - адептик жактан тарбиялоо. Балдарга, ата-энелерге карата айтылган ар кандай кеңештер жана акыл-насаттар бара-бара афоризм формасын алган. Адамдар өз ара же балдар менен сүйлөшкөндө өз ойлорун ырастоо үчүн көп учурда элдин сыдыргыга салынган акылмандыгына кайрылышкан. Макалдарда "Сөздүн көркү макал, чалдын көркү сакал" деп ырасталат.

Адамдарда ата-энелерди урматтоо жана кастарлоо сезимин тарбиялоочу макал-лакаптар көңүл бурууга татыктуу ("Алты күн ачка калсаң да, ата-энеңди кадырла". "Ата-энеңди сыйласаң, балдарыңдан сый көрөсүң". "Достун баркын жаманатты болгондо, ата-эненин баркын балалуу болгондо билесиң").

Макал-лакаптар, акыл-насыят ырлар, акындардын дастандары ж.б.у. сыяктуулар кыргыз үй-бүлөсүнүн турмуш-тиричилигине бекем сиңип, адептик жактан тарбиялоо ишине кызмат кылып жатат.

Бирок үй-бүлөдө оң, прогрессивдүү салттар менен катар зыяндуу ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр, үрп-адаттар сакталып кала берип, алар үй-бүлөнү бекемдөө жана жаштарды тарбиялоого терс таасирин тийгизип жатат. Ажырашуу - үй-бүлөлүк мамилелердин мына ушундай көрүнүштөрүнүн катарына кирет. 1984-жылы СССРдин калкын социалдык-демографиялык жактан талдап изилдөөнүн жыйынтыктары 16 жашында жана андан жогорку куракта баш кошкон 1000 аялдын жана эркектин (шаарлардагы жана айыл жерлериндеги калк эске алынып жатат) ичинен ажырашып

кеткендердин 39у эркек, 80и аял экендигин көрсөттү. Анын ичинен эркектердин 10у - өзбек, 11и - кыргыз, 9у - тажик, 7си-түркмөн. Аялдардын 21и - өзбек, 27си - кыргыз, 20сы -тажик, 11и - түркмөн. Шаар калкынын арасында бул көрсөткүчтөр кыйла жогору.

СССР боюнча айрым улуттардын арасында ажырашып кеткен эркектер көп: латыштарда - 62, эстондордо - 87, орустарда - 51 адам ажырашат. Латыш аялдарынан арасында ажырашуулардын көрсөткүчү эң жогору - 103 адам. Орус аялдарынан - 96, эстон аялдарынан - 87 адам ажырашышат. Ажырашуулар айылдагыларга караганда шаарларда көп болот. СССР боюнча бардык улуттардагы аялдардын ажырашуулары эркектердин ажырашууларына караганда арбын. Азыркы этапта ажырашуу бардык улуттар үчүн, калктын бардык социалдык кесиптик топтору үчүн, бардык муундар жана ар кандай сандагы балдары бар адамдар үчүн мүнөздүү көрүнүш.

Социализм тушундагы үй-бүлөлүк ички мамилелердин структурасынын өзгөрүштөрүн көрсөтүү менен социалисттик типтеги үй-бүлөнүн чектеринде адамдын негизги керектөөлөрү: кесипке, коомдук-саясий иш-аракетке, балалуу болууга, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда жекече терең мамилелешүүгө, өзүн көрсөтүүгө болгон керектөөлөрү жүзөгө ашып жана тереңдеп жаткандыгын белгилөөгө болот. үй-бүлөнүн коом жана өзүнүн мүчөсү менен байланыштарынын мүнөзү үй-бүлөнүн өз функцияларын - бала төрөөнү жана тарбиялоону, керектөөлөрүн, эс алуусун, маданий эмоциялык функцияларын жүзөгө ийгиликтүү ашырышына байланыштуу болот. КПССтин XXVII сьездинде "Коом, албетте, бул көрүнүштөргө кайдигер мамиле жасай албайт. Бекем үй-бүлө - анын эң маанилүү негиздеринин бири",-деп кокусунан айтылган эмес.

"Кыргызстан коммунисти" журналы
№8, 1988-жыл

Үй-бүлөнү кайра куралы

Кайра куруу сенектик процесстерди чечкиндүү жоюп, анын механизмдеринин быт-чытын чыгаруунун зарылдыгына, коомдун социалдык экономикалык жактан ыкчам өнүгүүсүнүн ишеничтүү жана жемиштүү механизмдеринин түзүүнүн зарылдыгынан келип чыккан, советтик коомдун терең түпкүрүнөн өсүп жетилген турмуштук талап.

Ар бир эле инсандын тиричилик турмушунун негизги чөйрөлөрү бар. Алардын эң маанилүүсү - адамдын адистиги боюнча аткарган иши жана үй-бүлөсү. Адамдардын аткарган кызматын кайра куруу боюнча өндүрүштүк кеңешмелер түрдүү формада, түрдүү масштабда тынымсыз өсүп жатканына баарыбыз күбө боло алабыз.

Бекем үй-бүлө коомдун эң негизги туткаларынын бири деген эң жөнөкөй чындыкты дайыма эле бардык адамдар түшүнө бербегендиги өтө өкүнүчтүү. Үй-бүлө коомдун негизи, ыймандуу инсанды тарбиялоонун фактору. Эгерде ар бир үй-бүлөдө ар бир кызды жакшы колукту, мээримдүү эне, ар бир уулду жакшы күйөө, камдуу ата кылып тарбиялоого жетишкен болсок, коомубуздагы адамдын ыманын учурган наадандык кубулуштардан эбак кутулган болбойт белек. Өзүбүздү өзүбүз алдоодон бошонуп айланага-чөйрөгө сергектик менен көз жүгүртүп көрөлүчү. Коомубуздун духуна жат, адепсиздик сапаттар биздин жаштардын белгилүү бөлүгүндө кайдан, кантип болгондугуна башың катат. Жатып ичер жалкоолук, уурулук, сүткордук, соодагерлик өңдүү жаман илдеттер коомубуздун табыйгатына туура келбей турган көрүнүштөр эмеспи! Биздин оюбузча булардан кутулуунун, биз пайдалана билбей жаткан резервдери - үй-бүлөдө. Үй-бүлөнү кайра куруу -элдин кылымдар бою калыптанган маданий салт-санаа, үрп-адаттарына урматтоо менен мамиле кылууда, муундардын бири-бири менен карым-катнаш мамилелерин ата-бабаларыбыздын тарыхына, тилине жана улуттук дилине таазим кылуу духунда тарбиялоодо. Элинин тарыхын, тилин, ата-тегин билбеген инсан - селсаяк деген ой партиянын Бүткүл союздук XIX конференциясында бекеринен айтылган жок да. Чындыгында өз ата-энесин, анын тилин, тарыхын билбеген жана урматтабаган инсан эч качан интернационалист боло албайт!

Ыймандуу инсандын калыптануусуна эң сонун өбөлгө түзө турган жогоруда айтылган жагдайларга маани бербей, аларды эски деп жээрүү -адамдагы инсандык сапаттарды жоготкондугуна эми баамыбыз жете баштады. Бул маселени өз мезгилинде өтө толкундануу жана ачыркануу менен көтөргөн заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун оюн - манкуртизмдин коркунучун өз учурунда жакшы кабыл алып, автордун пикирин колдоого чамабыз келбеди.

Үй-бүлөдө ата салтты бузуу манкуртизмдин башаты. Балдарды жашынан эле үй-бүлөлүк турмушка психологиялык жактан тарбиялоого элибиз өтө чоң маани берген. Күйөөгө тийерин, үй тутарын, эне болоорун кыз кичинесинен эле билчү. Буга энени

даярдоочу. "Кыздуу үйдө кыл жатпайт"- деп, аны үйдү, буюмдарды, идиш-аякты таза тутууга үйрөтүүчү...Эне өзү үлгү болууга аракеттенүүчү. "Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт ". Күйөөсүнө урмат-сый мамиле кылуу менен үлгүнү өз кызына эне көрсөтүүгө аркеттенүүчү. Элдин акыл-оюнун уюткусу болгон макал-ылакаптар - элибиздин тарбияга туура баа бергендигине күбө. Азыркы учурда үй-бүлөдө да, мектепте да жыныстык тарбияга эч кандай маани бербей койдук. Бул өз "жемишин" дароо эле берди. Чыгыш-коюш, бойдок кыз, келиндердин төрөшү, төрөлгөн балдарды таштап кетүү акырындык менен көнүмүш адатка айланып бара жатат. Булар элибиз үчүн жат көрүнүш эмес беле! Үй-бүлөнү кайра курууну жыныстык тарбияны жолго коюудан баштасак жакшы болмок. Анткени жыныстык тарбия - адептүүлүк тарбиясынын данакери. Немец элинин улуу жазуучусу Т. Манн: "Адам бир жагынан периште, бир жагынан жырткыч айбан, демек, экөөнүн так ортосунда турат. Ал периштеден алыстап жырткычка жакындап айбан болуп калабы же жырткычтан алыстап, периштеге жакындап периштедей инсан болобу - бул жыныстык тарбияга жараша болот" деген таамай ойду айткан.

Туура тарбиянын данекери жыныстык тарбия экендигин туура түшүнгөн кыргыз эли буга өтө чоң маани берген. Кызды, уулду жыныс жагынан туура тарбиялоодогу эненин ролун эл өтө жогору баалап таазим кылган. "Кыздын кырк чачы улуу" – кандай залкар педагогикалык ой. Кызды, энени ыйык тутуу - аялдын коом алдындагы, табийгат алдындагы миссиясынын улуулугун түшүнүү.

"Мугалимдер газетасы"
22-сентябрь, 1989-жыл

Үй-бүлө жана коом

Алар бири-бирине кантип жардамдашышы керек.

Бекем үй-бүлө - коомдун эң маанилүү тиреничтеринин бири тууралуу чындык тилекке каршы баардыгына дайыма эле түшүнүктүү болгон эмес.

Үй-бүлө - коомдун молекуласы катарында коомдук-тарыхый процесстин ийгиликтерин гана эмес ошону менен бирге анын карама-каршылыктарын да билдирет. Бирок өзүнүн жеке керт башына, өмүр сүрүшүнө, ыйык тутумуна, ыйман-ынсаптуу жагдайына жараша ар башкача чагылдырат. Каттоодон өткөн жетимиш миллиондон ашык

советтик үй-бүлөнүн ичинде ынтымактуу бекем, эмгекчил үй-бүлөлөр менен бирге (аларда аялы менен күйөөсүнүн, балдары менен ата-энелеринин өз ара мамилелери жакшы) чыр-чатактуу, эки жүздүүлүк менен жашашкан, ынтымагы жок үй-бүлөлөр да бар.

СССРде XX к. II жарымында ажырашуулардын «дүрт» эте түшкөндүгү байкалган: бул жылдардын ичинде үйлөнүү тойлорун өткөрүшкөн 92 миллион үй-бүлөнүн 21 миллиону ажырашып кетишкен. Изилдөөчүлөр үй-бүлөнүн бузулушунун кесепети ата-энелери ажырашкандан 10 жыл өткөндөн кийин да балдар азап тартып жапа чегиши мүмкүн деген тыянакка келишкен. Ажырашкан үй-бүлөдөгү балдардын дээрлик тең жарымы - тынчы жок, сааначыл, маанайы пас, өзүнүн жөндөмүнө ишене албаган же болбосо ызакор уландардын катарына кошулат. Мамлекеттин кызыкчылыгы да жапа чегет - туруксуз никелешүүлөр өлкөнүн туруктуу өнүгүшүн камсыз кыла албайт. Коом үчүн аялдар өндүрүшкө, коомдук турмушка дагы активдүүрөөк тартылышы керек. Аялдардын бала багып, үй кызматын жасоочу аялдын милдетин, балдарды тарбиялоодогу эч нерсе менен алмаштырууга болбой турган түйшүгүндөгү бөтөнчөлүгүн жана алардын мүдөөлөрүн көз жаздымында калтырып койгон окшойбуз Балдарын тарбиялоого аялдар күнүгө 17 минуталык убактысын үнөмдөп кала алышат деп далилдешет социологдор. Эгерде ал курулушта, өндүрүштө, тейлөө чөйрөлөрүндө, илимде иштесе, анда үй-бүлөлүк кыйла татаал милдеттери жөнүндө айтпаган кезде да, өтө жөнөкөй күндөлүк иштерге да анын убактысы жетишпейт. Ошентип, көпчүлүк кырсыктар - балдар менен жаштардын кулк-мүнөзүндөгү патология, коомдук адеп-ахлактын, маданияттын төмөндөп кетиши, ал тургай өндүрүштөгү чыр-чатактар - үй-бүлө бошоңдоп, үй-бүлөлүк парздын төмөндөп кеткендигине байланыштуу.

Үй тиричилигиндеги аялдар, бала-чаканын апасы дээрлик жок болуп кетти, алар жаталак карга сыяктуу өгөй таптын элементтериндей көрүнөт. Ал тургай акындар да аялдардын чабалдыгын, өзүн-өзү коргой албастыгын, назиктигин ырга кошпостон, алардын саясий жетиктигин, эмгектик көрсөткүчтөрүн, кыйынчылыктарды жеңүүдөгү эрдиктерин ырдашат. Аялдарды «Баатыр эне» медалы менен сыйлаган өлкөдө аларды иштебей, балдарды гана тарбиялоо укугу менен сыйлоо эч кимдин оюна да келген эмес.

Социологдор эгерде коом билим берүүгө өзүнүн улуттук кирешесинин 7-8 %га жетпегенин гана чыгымдаса, анда ал

деградацияланат деп далилдешет. Биз балдарды тарбиялоодон үнөмдөп калып жатабыз. Бизде балдар бакчалары жетишпейт - алар ашкере толуп кеткен, начар жабдылган, тарбиячылардын билимдери начар, көпчүлүгү балдарды да, өздөрүнүн ишин да жакшы көрүшпөйт, алардын айлыктары аз. Адамга бала кезинде кем берилип калгандардын бардыгы ал чон киши болгондо коом үчүн кошумча чыгымга айланат. Бул – оройлук, арам эмгек, ак-ниетсиздик, ырайымсыздык күчүнөн кара ниеттик менен пайдалануу. Эгерде биз колониялар менен түрмөлөрдү, соолуктуруучу жайларды жана атайын интернаттарды күтүүгө, бангилерди айыктырууга жумшалган чыгымдарыбызды, жаман иштегендерибиздин чыгымдарын балдарды тарбиялоого кошо турган болсок, анда натыйжада балдар да, коом да уткан болор эле.

Баланын мектеп жашына чейинки курагында көкүрөгүнө уялаган мына ушулардын баардыгы кийин өмүр бою сакталып калат. Ошону менен бирге балдар мектепке интеллектуалдык жактан да, тулку боюн өстүрүү жактан да даярдыгы жок келишет. Биздин окуучу балдарыбыздын теңинен көбү – невротиктер, үчтөн эки бөлүгү – аллергиктер. 60 процентинин кебете кешпири бузулган. 80 проценти - жогорку дем алуу органдарынан азап тартышат. Ондон тогузунун этика, эстетика, адамдардын карым-катнашынан жөнөкөй эрежелери жана нормалары жөнүндө бүшүркөгөн элес-булас гана түшүнүктөрү бар.

Мектеп жашына чейинки тарбия берүүдөгү терс көрүнүштөр жылдан жылга өсө берет. Биз мектепке чейинки тарбиянын кескин түрдө артта калган түпкү тармагын жетиктирмейин орто мектепти тийиштүү бийиктикке эч качан көтөрө албайбыз. Өлкөбүздүн азыркы финансылык абалында муну иштөө жөнөкөй иш эмес. Бирок, альтернативдүү жолдор жөнүндө эмне үчүн ойлонууга болбосун? Энелердин эмгегине дифференцияланган (балдарынын санына жараша) акы төлөө маселесин чечүүгө убакыт жетти (бул пенсиялык камсыз кылууга да тиешелүү). Энелик милдетин аткарууга жумшаган аялдардын жалпы эмгек стажына кошуу үй-бүлөлүк тарбиянын сапатына, балдарынын кандай адам болгондугуна: психикалык жана адептүүлүк жагынан таза, ак ниеттүү эмгекчи, өз өлкөсүнүн татыктуу гражданини же коомдун кайра тарбияланышына туура келгендей өскөндүгүнө жараша жолго коюлууга тийиш. Бул менин көз карашымда үй-бүлөнүн коомдогу кадыр-баркын жогорулатат.

Ошондой эле ынтымактуу, эмгекчил үй-бүлөлөрдүн беделин көтөрүү алардын тажрыйбасын пропагандалоо, бирок үй-бүлөлүк

турмуштун башкы маңызы жана максаты - балдарды тарбиялоо экендигин эстен чыгарбоо керек. Бирок да жогоруда аталган проблемалардын баардыгын дароо эле чечип жиберүүгө болбой тургандыгына көздү жуумп коюга болбойт. Дайыма эле маселе каражатты кайдан алууга болот? - дегенге келип такалат. Держава кедей болсо – үй-бүлө гүлдөп өсө албайт. Көптөгөн адамдарга жыл сайын эле бир эле проблема - үй-бүлө бюджетинин таңкыстыгы менен күрөшүүгө, турмуштук эң эле жөнөкөй проблемаларды чечүүгө туура келип жаткандыгы жашыруун эмес. Ар бир адамдын өзүнүн өзүнчө бөлмөсү, же жок эле дегенде чырлашкан кезде ачуусун токтотуу үчүн качып кете турган жайы болсо. Ал эми бир эле бөлмө болуп, качып кете турган жайы болбосочу? Ал эми ошол эле бөлмөдө ата-энелери да жашашсачы? Советтик аялдардын көбү күйөөсүнүн ата-энелери менен же күйөөсү анын ата-энелери менен тил табыша албаган мамилелерин ажырашуунун себеби катарында карашкандыктары бекеринен эмес.

Бул жагынан ага кандай жардам берүүгө болот? Мунун жолдору ар башкача болушу мүмкүн. Булардын бирөөнү гана карап көрөлү. Айылдык калк басымдуулук кылган биздин республикабыздын шарттарында үй-бүлөлүк подряд, үй-бүлөнүн эмгектик ресурстарын алардын өзүлөрүнүн таламдарында, ошондой эле коомдук өндүрүштүн кызыкчылыгында пайдалануунун мыкты формасы болуп саналат. Айыл-чарбасында үй-бүлөнүн ресурстарын пайдалануунун формасы болуп саналган жекече жумушчу чарба коомдук эмгектин системасына кошулгандыгы менен айырмаланат. Ошол эле мезгилде үй-бүлөлүк подряд жекече көмөкчү чарбанын базасында да уюштурулушу мүмкүн жана бул учурда ал коомдук өндүрүш менен анын интеграциясынын формасы болуп саналат.

Чындыгында Кыргызстанда, Түндүк Кавказда, өлкөбүздүн башка региондорунда жайытта кой өстүрүү үй-бүлөлүк подрядка негизделет. үй-бүлөлүк подряддын негизинде жибек пиллаларын өстүрүшөт. Пиллалардын басымдуу көпчүлүгүн айыл калкына тиешелүү болгон үйлөрдө жана көмөкчү жайларда өндүрүшөт. Өзбекстанда гана бул иште 600000 үй-бүлө, ал эми бүтүндөй Орто Азия республикалары менен Түндүк Кавказда – 1 миллиондон ашык үй-бүлө иштешет.

Үй-бүлөлүк подрядды азыркы кездеги колдоолор аны таркатуу үчүн жакшы шарттарды түзүп жаткандыгы талашсыз, буга айрым чарбалар менен райондор боюнча маалыматтар далил болот. Мисалы, Панфилов районундагы Панфилов атындагы кохоздо

Тыняновдордун үй-бүлөсү 1987-жылы 30 торпокту келишим менен бордоп семиртүүгө алган. Бул үй-бүлө колхозго 19 миң сом накта киреше берген, өзүлөрү да 6 миң сомдон ашык иштеп табышкан. Сокулук районунан Куловдордун үй-бүлөсү гектарына эсептегенде клубникадан 89 центнер түшүм жыйнап алган. Колхозго 38 миң сом пайда түшкөн. үй-бүлөнүн өзү дагы кур калган эмес. Республикада бул өсүмдүктүн түшүмдүүлүгү гектарына 3,7 центнерден, 89 менен 3,7ни салыштырып көргүлөчү. Стимул деген мына ушундай.

Үй-бүлөлүк подряд балдардын эмгегин эксплуатациялоонун жашыруун формасы болуп калбайбы? деген коркунучтун келип чыгышы мүмкүн. Буга: ал эми мектеп окуучуларынын пахта плантацияларында акысыз иштегендиктери мындай формалардан болуп саналбайбы? - деген аралжы суроо бергибиз келет. Анда эмесе адилет бололу, үй-бүлөнүн өзүнө көбүрөөк ишеним жүктөйлү, ал эми кандайдыр бир чекке жеткен учурларда коомдук ишке кийлигишүүгө жана аны оңдоого дайыма убакыт табылат.

Үй-бүлөнүн өтө маанилүү нерседе – материалдык жыргалчылыкка жетишүүнүн жолдорун жана каражаттарын тандап алуу укугу болгондой бардык шарттарды түзүү керек. Бул - турмуштун негизи. Адамдын, айрым үй-бүлөнүн камсыз болушу бүтүндөй коомдун гүлдөшүнө алып келет. Ал эми гүлдөгөн коомдо билим алууга да, саламаттыкты сактоого да, маданиятты өнүктүрүүгө да каражаттар табылат. Бул болсо өз кезегинде үй-бүлө байланыштарын чыңдоого, таза муундарды тарбиялоого көмөк берет. Кана эмесе баардыгыбыз бирге ушул үчүн иштейли.

"Кыргызстандын пропагандисти жана агитатору"
журналы №21, 1989-жыл

Коом жана үй-бүлө

СССРде орточо үй-бүлө 3,5 адамдан турат. Илимпоз-демографтар өз изилдөөлөрүндө бул көрсөткүч элдин санын толуктоону жетиштүү камсыз кыла албайт, коомду көптөгөн проблемалар, анын ичинде экономикалык кыйынчылыктар коштогон "улгаюу" күтүүдө деп түшүндүрүшүүдө. Мындай болгон учурда үй-бүлөгө балдардын санын аң-сезимдүү пландоо мүмкүнчүлүгүн түзүү жана аны социалдык коргоого алуу туура болмокчу.

Элдин санын көбөйтүү проблемасы энелик маселесине да принципиалдуу мамилени талап кылат. Адам - коомдун башкы өндүргүч күчү экендигин таануу энеликти жок эле дегенде баланын алгачкы жашоо жылдарында, энелик таасир аны социализациялоодогу негизги фактор мезгилинде коомдук-өндүрүштүк ишмердүүлүк катары баалоону шарттайт. Ушуга байланыштуу энелик эмгекке пенсиялык камсыздоону кошуу менен дифференциялуу (балдардын санына жараша) төлөө маселесин чечүүгө киришүү зарыл. Энелик милдетти өтөөгө жумшалган убакытты аялдын жалпы эмгек стажына кошуу үй-бүлөлүк тарбиянын сапатына, үй-бүлө тарабынан ата-энелик милдет кандай аткарылгандыгына байланыштуу болууга тийиш. Бул, албетте, аялдын кадыр-баркын коомдогудай эле үй-бүлөдө да арттырат, жыныстык мамилени чыңдоого көмөктөшөт, үй-бүлөлүк ички жана инсандар ортосундагы байланыштардын жаңы формаларын жаратат.

Экономиканы, маданиятты башкарууга, коомдук турмушка аялдар дагы кеңири тартылып, билим алууга, кызматка көтөрүлүүгө бардык шарт түзүлүшү кажет. Бирок аялдардын өздөрүнө гана таандык, алардын эне, үй-бүлөнүн очок ээси, тарбиялоочусу ролуна тийиштуу укуктары менен керектөөлөрүн да эстен чыгарбоо абзел. Аялдар балдарды тарбиялоого күнүнө болгону 17 минута убакыт бөлө тургандыктарын социологдор ырасташууда. Курулушта, өндүрүштө, тейлөө чөйрөсүндө, илимде иштеген, чыгармачылык менен алпурушкан аялдардын балдарга элементардык тарбия берүүгө убакыттары жетишпей, үй-бүлөлүк түйүндүн бошоңдошуна, үй-бүлөлүк милдеттердин нарк–насилинин кемишине алып келүүдө.

Социализм шартында аялды эркек менен бардык тараптан теңдөөгө саясий умтулуу мына ушундай парадоксту жаратты. Азыр эми аялга анын чыныгы аялдык касиетин кантип толугу менен кайтаруу маселеси курч жана кызуу талкууланып жатат.

"Ким иштебесе, ал тиштебейт" деген принцип аял да сөзсүз иштөөгө тийиш экендигин туюндургандай сезилет. Эне болуу - маанилүү милдет. үй кызматындагы аялдар, үй-бүлө куту болгон энелер дээрлик жоголду же учурда жат таптык элемент сыңары өтө эле чанда учуроочу болду. Жадакалса акындар да аялдардын аярлыгын, коргоого муктаж экендигин, махабат лаззатын, сүйүү, назиктигин ырдабастан, алардын кара күчүн, саясий зиректигин, эмгек көрсөткүчтөрүн, кыйынчылыкты жеңүүдөгү каармандыктарын даназалашчу болушту. Аялдарды "Баатыр Эне" ордени менен

сыйлаган өлкөдө, ошентип, аларды иштебөө, балдарды тарбиялоо укугу менен сыйлоого боло тургандыгы эч кимдин оюна келген жок.

Балдарды тарбиялоого комплекстүү мамиле кылуу шылтоосу менен көп милдеттер тарбия мекемелерине ыйгарылган. Ушуну менен комплекстүүлүк ар бир үй-бүлөнү жана белгилүү багыттагы тарбия мекемесин кайталоодо эмес, анын ар биринин өзүнө таандык милдетин аркалоодо экендиги унутта калат же буга ойдогудай көңүл бурулбайт.

Социологдор мына муну баса белгилешүүдө: эгерде коом тарбиялоого, билимге өзүнүн улуттук кирешесинин жети–сегиз процентин гана жумшай турган болсо, аны эртедир кечтир деградация кыя өтпөйт. Биздин коом, маселен, балдарды тарбиялоодо каражат үнөмдөп, төрт процентке жакынын гана жумшайт. Көпчүлүк балдар бакчаларына нормадан ашык балдар кабыл алынат, анын үстүнө алар начар да жабдылган. Тарбиялоочулардын даярдыктары жетишсиз, көпчүлүгү балдарды жакшы карашпайт, өз ишин сүйбөйт, алардын эмгек акылары өтө аз.

Балдар тарбиясынан үнөмдөө - өзүн-өзү алдагандык. Адамга бала кезинде беришпегендин баары кийин коомго кошумча чыгымдарды алып келет. Эгерде балдарды тарбиялоого биз колониялар менен түрмөлөрдү, соолуктуруучу жайлар менен атайын интернаттарды, баңгилерди дарылоого жумшалган каражаттарды багыттаган болсок мындан балдар да, коом да утушта болмок.

Балага мектепке чейинки куракта сиңирилгендин баары өмүр бою кызмат өтөйт. Антсе да балдар азыр мектепти интеллектуалдык, дене тарбия жагынан начар даярдыкта бүткөрүшүүдө. Мектеп окуучуларыбыздын жарымынан көбү –невротиктер, үчтөн экиси – аллергиктер. 60 проценти бой сымбатынан, 80 проценти жогорку дем алуучу органдарынын илдеттеринен жапа чегишет. Ондон тогузу этика, эстетика, адамдык баарлашуунун эң жөнөкөй эрежелери жана нормалары тууралуу элес-булас түшүнүккө ээ.

Үй-бүлөнүн маңызы жана максаты - адамды жарык дүйнөгө жаратып, аларды тарбиялоо. Бул атрибуттарсыз үй-бүлөнү элестетүү кыйын, себеби эки адамды никесиз да бириктире ала турган сүйүү байланышы балдарсыз жана аларга багытталган мээримсиз, аларда өзүн кайталоого умтулуусуз - үй-бүлө эмес, болгону жыныстардын кадыресе союзу.

Бирок, үй-бүлөнүн өзүнүн негизги милдеттерин аткарууда өз кыйынчылыктары бар, алардын бири жетишсиздиги турмуш-тиричиликтик чыр-чатакка, сүйүүнү өз ара жокко чыгарууга алып

келген турак жай маселеси. Үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өзүнчө бөлмөгө ээ учурда - жаңжал туулган убакта жалгыз калуу мүмкүнчүлүгү болот. Ал эми эгерде андай мүмкүнчүлүк болбосочу? Эгерде бир бөлмөгө ата-энелери да баш катып турушсачы?

Социологиялык суроолордун жыйынтыгы боюнча көпчүлүк советтик аялдар ажырашып кетүүнүн себебин өзүлөрүнүн күйөөлөрүнүн ата- энелери менен же күйөөлөрдүн алардын ата-энелери менен жалпы тил табыша албагандыктарынан көрүшкөн.

Америкалык аялдар бул проблеманы ажырашуунун себеби катары дээрлик оозго алышкан эмес. Дегинкиси, турмушта бардык системадагыдай, түзүлүштөгүдөй эле баары өз ара тутумдаш.

Тоталитаризм бул байланыштарды дагы бекем өз ара көз карандылыкка коет. Үй-бүлө, анын турмуш-тиричилик оош-кыйыштары, турак жай маселеси, ажырашуу, адам санын көбөйтүүнүн эн төмөнку деңгээли жана мунун натыйжасы катары коомдун "улгаюусу", демек анын деградациясы жана системанын деградациясы үй-бүлөнү ушундай шартка такаган системанын өзүнүн деградациясынан башталат. Бул тизмектин кайсы звеносу менен күрөшүү керек? Балким ажырашуудан баштоо зарылдыр?

Бекем үй-бүлө - коомдун башкы таянычы деген чындык биз жашаган түзүлүштүн максат ченемдүүлүгүн ушул убакка дейре саат сайын сынакка алып келет. XX кылымдын II жарымында СССРди болуп көрбөгөндөй "ажырашуу жарылуусу" каптагандыгын, бул жылдары 92 миллион үйлөнүү тоюнун 21 миллиону ажырашуу менен аяктагандыгын айтуу жетиштүү болор. Бири-бирине ишенимин жоготкон 40 миллиондон ашуун адам! Ажырашуулардын өсүшү менен үй-бүлөдөн сырткары жашаган адамдардын саны да түздөн-түз байланышта: өлкөнүн европалык бөлүгүндө ал Орто Азия республикаларына караганда 2 эсе жогору.

Балким, жалгыз бой энелерге жардамды күчөтүү керектир, бул звенону чыңдоого далалаттансак проблемалардын түйүнү чечилип жүрбөсүн?

Учурда балдар үйлөрүндө, интернаттарда, башка балдар мекемелеринде 300минге жакын жетимдер тарбияланууда, бул балдардын дээрлик 95 процентинин ата-энелери тирүү. РСФСРдин саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча балдар үйлөрүндөгү наристелердин 71 проценти жалгыз бой энелердики.

Балдардын никесиз төрөлүүлөрү 15 жаштан 19 жашка жана 35 жаштан 40 жашка чейинки куракка туура келет. 35 жашында төрөгөн аялдар буга билип туруп барышат жана алардын кийин балдардан

баш тартышы дээрлик жокко эсе. Демек, сөз негизинен жаш энелер жөнүндө жүрүүдө. Мында, арийне, алар эмне үчүн балдардан баш тартып жаткандыктары тууралуу ой жүгүртүүгө туура келет.

Наристелүү болгон жалгыз бой аялдардын 1 проценти айына 90 сом киреше ээ, бул аялдардын 70 проценти 75 сомдон аз жана жалгыз бой аялдардын дээрлик 6 проценти 25 сомдон кем киреше алышат.

Ушуну менен бирге статисттер нариste үчүн баштапкы буюм-тайымдарды (кийим, коляска ж.б.) алуунун өзү үй-бүлөгө 650 сомдон кем эмес турарын баяндашат. Бала төрөлгөндө үй-бүлөнүн материалдык камсыз болуу деңгээли болжол менен 18 процентке төмөндөйт.

Жалгыз бой энелерге мамлекеттик материалдык жардам кандай? Ал айына 20 сомду түзөт. Ал эми жогоруда айтылган мекемелерде бир баланы асыроого эле мамлекет айына 300 сомдон ашуун каражат сарптайт. Бул цифраларды, албетте, салыштырып болбойт.

Материалдык кыйынчылыктардын алдындагы коркунуч, өз турак-жайына ээ эместиги көп учурларда жалгыз бой энелердин өз чүрпөлөрү менен балдар үйлөрүн "толтуруу" чечимине келүүлөрүн шарттайт деген ойду да четке кагып болбойт.

Коом, албетте, буга көз жумду мамиле жасабоого тийиш. Эмне үчүн, маселен, мамлекет үй курууга, турак жай сатып алууга, чарба күтүүгө ж.б. ссудаларды берет да, баланы тарбиялоого мындай көмөк көрсөтпөйт?

Арийне, энелерге өз озуйпаларын өтөөгө жардам берүү илимпоздордун чакырыгы, мамлекеттин жакшы ой-санаалары менен гана курулай ураанга айланбоосу абзел. Учурда балдарды тарбиялап өстүрүп жаткандарга мамилени жөнгө салган мыйзам керек.

Акыркы эсепте, дегинкиси үй-бүлөнү чындоого, анын бюджетин жана жалгыз бой энелерди коргоого багытталган айрым чаралар адамдарда коом менен адамдын гармониясы тууралуу жалган пикирдин пайда болушуна алып келиши мүмкүн деп ойлойбуз. Бирок ар дайым курмандыкты жана жалпы баш ийүүнү талап кылган системанын идеологиялаштырылган, өзөктүү мамилелер өзгөрүлмөйүнчө үй-бүлө жана үй-бүлөлүк ички байланыш проблемасы мурдагыдай эле курч бойдон кала берет.

"Кыргызстан коммунисти" журналы
№10, 1990-жыл

II бөлүм.
Турмуш-тиричилик проблемалары

Турмуштук жактан тейлөөнүн маданияты

Социалисттик турмуштук жактан тейлөөнүн түзүлүшүнүн жана өнүгүшүнүн эң негизги составдык бөлүкчөсү - бул эмгекчилердин турак жай жактан муктаждыктарын жакшыртуу болуп саналат. Турак жай социалисттик турмуш тиричиликти жакшыртуунун материалдык фактору болуп саналат. Өкмөт менен партия элдин ушул жактан болгон керектөөлөрүн эске алып, эмгекчилер үчүн камкордуктарды көрдү жана көрүп келе жатат. Мындай бир мисал келтирели: акыркы он жылдын ичинде (1955-1964) республиканын шаарларында жана поселокторунда 4,9 миллион чарчы метр аянттагы турак жай, башкача айтканда 136 миңден ашуун квартиралар курулуп, пайдаланууга берилди.

Мындай жетишкендик республиканын экономикалык потенциалынын өскөндүгү менен түшүндүрүлөт. Бул жетишкендиктердин дагы бир шарты – биздин турак жай курулушубуздагы техникалык прогресстин генеральный линиясы болуп калган типтештирүү менен индустриализация болуп саналат. 1962-жылдан баштап биздин республикада ири панелдүү үйлөрдү куруу иши кеңири тарала баштады. Мындай үйлөрдү куруунун салыштырма салмагы республиканын курулуштарында 63 процентти түзөт. Жети жылдыктын акыркы жылдарынын ичинде Фрунзе, Ош шаарларында ири панелдүү үйлөрдүн жаңы шаарчалары пайда болду.

1962-жылы 31-июлдагы КПСС Борбордук Комитетинин жана СССР Министрлер Советинин «Жекече жана кооперативдүү курулуштар жөнүндөгү» токтомунун негизинде турак жай курулушун курууну тездетүү өзгөчө мааниге ээ болуп олтурат. Токтомдо элдик каражатты пайдалануу менен, уюмдашкан турак жай курулушунун корпоративи аркылуу үйлөрдү курууну өрчүтүү көрсөтүлгөн. Ош, Жалал-Абад шаарларында азыр 16 квартиралуу кооперативдешип курулган мындай эки үй курулуп бүтүп пайдаланууга берилген.

Совет бийлигинин акыркы эле жылдарынын ичинде жаңы типтеги шаарлар жана шаар тибиндеги поселоктор өсүп чыкты. Анда баардык улуттардын өкүлдөрү бир туугандай жашап жана иштеп жатышат. Жакында Кара-Көл поселогу пайда болду. Бул поселок

барган сайын сулууланып, шаарга айланып бара жатат. Нарындын эбегейсиз катуу агымын токтотуп, аны көлгө айландыруу үчүн келген адамдардын саны менен Кара-Көлдүн калкынын саны күндөн күнгө өсүүдө. 1966-жылы январда Нарын буулду. Нарын эми эл үчүн кызмат кылат. Мына ушул ГЭСте 38 улуттун өкүлү иштейт. Бул совет элинин бузулбас достугунун күбөсү. Бул совет элинин экономикалык жактан байып, турмуш тиричилик жактан өскөндүгүнүн күбөсү.

Кийинки жылдардын ичинде Кыргызстандагы эң эски шаарлардын бири болгон Өзгөн шаары өзгөрдү. Мында капиталдык курулуш кеңири кулач жайды. Мисалы жети жылдыктын ичинде эки-үч этаждуу 7940 чарчы метр аянты бар 12 үй курулуп пайдаланууга берилди.

Шаарларда жана кыштактарда ушул эле жылдардын ичинде жумушчулардын, кызматчылардын, колхозчулардын өздөрү каражаттары менен 4 миң турак жай үйлөр курулуп бүттү. Ал эми Өзгөн шаарында эле мончонун, 140 орундуу балдар бакчасынын, 300 орундуу жайкы кино-театрдын, аптеканын, китепкананын, эки этаждуу типтүү мектептин, гастрономдун жана ашкананын курулуштары аяктап пайдаланууга берилип олтурат. Бирок кийинки жылдардын ичинде эмгекчилердин турак жайларга болгон муктаждыктарына карабастан, керектүү материалдык жана экономикалык каражаттар бөлүнүп берилип турса да, турак жай курулунун планы системалуу түрдө орундалбай калып келе жатат.

Жети жылдыктын ичинде республика боюнча 100 миллион сом өздөштүрүлгөн эмес. Ушул эле мезгилдин ичинде эмгекчилердин керектөөсүнө карабастан, Ош области боюнча 700 мин чарчы метр аянттагы турак курулушу бүткөрүлбөй калган. Бул турак жай курулунун бир жылдык планын түзүп олтурат.

1966-жылда республикада эл чарбасын өнүктүрүү планында мурдагыдай эле турак жай курулушун куруу кеңири масштабда каралган. Пландын долбоорунда мамлекеттик жана калктын каражатынын эсебинен 597 миң чарчы метр жалпы аянттагы турак жайларды куруу белгиленген болуучу. Бирок, буга карабастан курулуштарда орчундуу кемчиликтер кетирилип жатат.

Кыргызстандын түштүгүндө эң эле майда кыштактар көп. Бул өндүрүштү өнүктүрүүгө, ошондой эле саясий тарбиялык жана турмуш тиричилик жактан маданияттуу тейлөө кыйынчылыкка учуратууда. Мындай көрүнүш кээ бир селолук эмгекчилердин жашоо шартынын жакшы эместиги менен түшүндүрүлөт. Бирок айыл кыштактарда баардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө болор эле. Мисалы,

Араван районундагы XXII партсьезд колхозун алалы: бул колхоздо акыркы эле жылдардын ичинде 1200 турак үй курулган. Мындан тышкары типтүү конторанын, кампанын, айыл чарба машиналарын ремонттоочу мастерскойдун, 60 машинага ылайыкташтырылган гараждын, миң орундуу маданият двореципин, 800 орундуу кинотеатрдын, эки мончонун, алты сёлолук магазиндин, төрөт үйүнүн, 3 балдар бакчасынын жана башка коомдук жайлардын курулушу бүткөрүлгөн.

Азыр колхоздо 500 окуучуга эсептелген үч этаждуу мектеп-интернаттын курулушу курулууда. Селонун негизги көчөлөрү асфальтталып, ар бир көчөгө жана үйгө суу проводдору жеткирилген. Айыл чарба артелинин мүчөлөрү маданияттын жана тейлөөнүн өскөндүгү тууралуу дагы бир мындай фактыларды келтиришет: «Колхозчулардын 25 жеңил автомашинасы, 115 мотоцикили, 500 телевизору жана ар бир үйдө радио приемниктери бар».

Азыр газета журналдар селолук колхозчулардын турмуштук тейлөөсүнөн кеңири орун алган. 1965-жылы айыл чарба артелинин мүчөлөрү 12 миң экземпляр газета-журналга жазылышкан. Бул ар бир үй бүлөгө үч экземпляр газета-журнал туура келет. Мындай көрүнүш шаар менен кыштактын ортосундагы айырмачылыктын жоюлуп бараткандыгынын күбөсү.

Совет бийлиги жылдарынын ичинде шаарлар менен атаандашкан селолор өсүп чыкты. Партия республика коомчулугунун алдында эски чачкын кыштактарды, селолорду кайра куруу жөнүндөгү орчундуу маселени өз убагында эле койгон. Азыр баардык жерлерде жаңы курулуш аянттары пайда болуп олтурат. Мисалы, 1966-жылы Араван районундагы Жданов атындагы айыл чарба артели колхоздук селону куруунун негизги планы даярдалып, азыр ал план иш жүзүнө ашырылып жатат. Келечекте бул жерде жаңы поселок пайда болот. Поселокто колхоз правлениесинин, универмагдын корпустары курулат. Ар бир үй бүлө суу проводу, газ, телефон, радио түйүнү менен камсыз болот. Ушул күнгө чейин эле жүздөн ашык үйлөр курулуп, мектеп интернаттын, почтонун, төрөт үйүнүн имараттары пайдаланууга берилди. Бул курулган ар бир үй жарык терезелүү, полдуу, терассалуу жана кухнялуу. Мындан колхозчулардын турмушу жылдан жылга жакшырып бара жатканын байкоого болот.

Жаңы турак жайлардын курулушу менен бирге, үй ичиндеги буюмдарды алуу жана аларды жайгаштырууда да өзгөрүү болду.

Этнограф К.И. Антипина түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын үй буюмдары жөнүндө мындай деп жазган:

«Үйдү кооздоонун жаңы стили пайда болду. Буга мүнөздүү нерсе үй буюмдарынын өз орду менен жайгаштырылышы, жаңы мебелди элдин көп сатып алуусу болуп саналат. Шкаф, этажеркаларга колхозчулар массалык түрдө муктаж боло баштады. Ал эми радиоприемниктерге болгон элдин суроосу күндөн күнгө өсүүдө. **«Социалисттик турмуш-тиричиликтин маданиятынын өсүшү коммуналдык чарбанын өнүгүшү жана элдүү пункттарды электрлештирүү менен байланышкан коммуналдык кызмат кылуунун системасы социалисттик турмуш тиричиликти уюштуруунун негизги формаларынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан социалисттик коомдо бардыгы адам үчүн кызмат кылат»».**

Ош областтык Советтин аткаруу комитетинин карамагында азыр калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөнү областтык башкармасынын райондук, шаардык бөлүмдөрү иштейт. Калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөнүн областтык башкармасы өзүнүн ишин жылдан-жылга жакшыртып бара жатат. Тейлөө уюмдары жети жылдын ичинде эки эсе өстү. Мисалы 1960-жылы областа 417 мастерская павилондору болсо, 1965-жылы ал 773кө жетти, башкача айтканда 1960-жылга салыштырганда 356 мастерская көп дегенге жатат.

1966-жылдан баштап калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн төмөнкүдөй жаңы түрлөрү пайда болду: **трикотаж кийимдерин даярдоо, клейлөө методу менен кайыш бут кийимдерди ремонттоо, кийимден тез арада май тактарын чыгаруу, үйлөнүүчүлөр үчүн кийимдерди тигүү, үн жазуу, пластмасса жана капрон такалуу бут кийимдерди ремонтоо жана башка тейлөө точкалары бар. Мындан башка үй кызматтагы аялдардын кызматын жеңилдетүү маселеси Оштогу турмуштук жактан тейлөө комбинаттары да каралып жатат.**

Областтын шаарларында турмуштук жактан тейлөөнүн бир топ жакшыргандыгына карабастан, анын тескерисинче айыл кыштактарда турмуштук тейлөө талапка жооп бербейт. Бул көбүнчө ошол жердеги материалдык-техникалык базага байланыштуу болот. Ошондой эле кадр маселелери да орчундуу роль ойнойт. Мунун субективдүү фактору болуп жергиликтүү партиялык уюмдардын начар жетекчилиги эсептелет.

Калкты турмуштук жактан тейлөөнү жакшыртуу, жаңы мектептерди, клубдарды, кино-театрларды, балдар бакчаларын, медициналык пункттарды көбөйтүү жана кеңейтүү, колхозчулардын, жумушчулардын турмуштук суроосун канааттандыруу – бул социалисттик турмуштук жактан тейлөөнүн маданиятынын улам өскөндүгү менен түшүндүрүлөт.

"Ленин жолу" газетасы
1-март, 1967-жыл

Турмуш-тиричилик маданияты жөнүндө

Кыргыз элинин Совет бийлиги мезгилиндеги маданиятынын өнүккөндүгүн даниялык Ганс Шерфиг өзүнүн Кыргызстанда болгондугу жөнүндө төмөндөгүдөй деп жазат:

«Мен Кыргызстанда көп эле кишилер менен жолуктум. Алардын туулган күнү 7-ноябрга туура келет. Бул дата Орто Азия өлкөлөрүнүн турмушунда маданиятынын өсүшүнүн башталыш күнүн азыркы мезгилдеги батыш өлкөлөрүнүн эң алдыңкысынан калышпайт. Анын борборунда - Фрунзе шаарындагы маданий мекемелери Копенгагенден калышпайт: китепканалар, театр, опера, музей, университет, илимдер Академиясы, илим-изилдөө институттарында кыргыздар башкарышат жана жетекчилик кылышат. Кыргызстан - бул кичинекей бөлүкчөсү. Өздөрүнүн жыл эсептөөсүн орус революциясынан баштаган жана 7-ноябрды туулган күнүбүз деп майрамдаган бир гана кыргыз улуту эмес».

Октябрь революциясынын таасири, андан кийинки коомдук турмуштун өсүү процесси улут элдеринин маданий турмуш тиричилигинде зор секирүү жасады. Муну далилдеш үчүн мисалдарга кайрылалы.

Лейлек районундагы «Кулунду» колхозу райондо ири чарба. Советтик мезгилге чейин азыркы «Кулунду» колхозу жайланышкан жерде бир да адам жашаган эмес. Себеби, суусу жок, эсе адыр болгон. Октябрь революциясы тоодогу элдерге бакты-таалайды куруу менен мурдагы көчмөн элдерди отурукташтырды. Алардын экономикасын жогору көтөрүүгө жардам берүү менен бирге, турмушунун жаңыча түзүлүшүнө негиз салды. Мурдагы суу жетпеген Кулундуга окшогон жерлер өзгөрдү, өстү, сулуулукка бөлөнүп кулпурду.

Чындыгында эле Кулунду өзгөргөн село. Селону мүнөздөш үчүн эң оболу анын социалдык абалына көңүл бөлүү керек. Эгерде мурда чарбада батрак койчу, жылкычылар болсо, азыр чарбада ар түрдүү кесиптеги адамдардын тобу пайда болду.

Кулундудагы эмгекке жарамдуу колхозчулар 2350 адам. Мунун ичинен 1007 эркек, 1345 аял бар. Колхоздук өндүрүш процессине катышкандар төмөндөгүдөй болуп бөлүштүрүлгөн: административдик башкаруучулар 61 адам, айыл чарба адистери жана тейлөөчүлөр 84, тракторист-машинисттер 204, шоферлор 57, саанчылар жана музоо багуучулар 74, падачылар 90, чабандар 208, атбагарлар 7, дыйканчылыкта иштегендер 1134 адам. Мындан башка колхоздордо мугалимдер, медициналык кызматкерлер, электриктер, монтерлор жана башка кесиптеги адамдарды жолуктурабыз.

Бул эмгек процессинин бөлүнүшү колхоздук чарбанын өскөндүгүн көрсөтүп олтурат. Булардын баары ар түрдүү кесипте болгону менен колхоздук өндүрүшүн жогорулашына, маданияттын өсүшүнө өз салымдарын кошкон адамдар. Колхоздун экономикасынын өнүгүшү анын акчалай доходунун өсүшү менен мүнөздөлөт. Эгерде 1960-жылы акчалай доход 746092 сомду түзсө, 1965-жылы 1947522 сомду түзгөн. Бул фактылар колхозчулардын эмгек акысын көбөйүшүнө өбөлгө түзөт. 1960-жылы ар бир адам күнүнө 0,68 тыйындан бөлүнгөн болсо, 1965-жылы 2,33 сомдон бөлүнгөн.

Колхозчулардын турмуш деңгээлинин жогорулашынын негизги шарттарынан болуп суу проводунун иштеши, көчөлөрдүн асфальтталышы, радио түйүнү, байланыш бөлүмү, колхоздук мончо, турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү жайлар, чачтарачкана, бут кийим ремонтоочу мастерской, ашкана, магазин жана башкалар эсептелет. Булардын баардыгы колхозчулардын өздүк талаптарын канаатандырып турат. Колхозчу адамдардын өндүрүштө жакшы иштешин камсыз кылуу максатында үч жерде балдар бакчасы иштейт. Ал эми ар бир бригадалар боюнча талаа стандартында балдар яслилеринин иштешине толук шарттар түзүлгөн. Сезон ичинде колхоздун эсебинен балдар бакчасы үчүн 7 мин сом акча жумшалат. Колхоздун келечек планы боюнча кийинки беш жылдыкта турмуш-тиричиликтин маданиятын жогорулатуу үчүн көп акча каралган. Эгерде 1960-жылы маданий турмуш тиричилигине жумшалган каражаттар 25410 сомду түзсө. 1970-жылы 90 миң сом жумшалары белгиленген.

Биз сөз кылган «Кулунду» колхозунда бир орто, 6 сегиз жылдык, 4 баштооч мектеп бар. Буларда 2086 окуучу билим алат. Бардык мектептерде 107 мугалим эмгектенүүдө. Алардын ичинен аялдардан 34 мугалим бар. Мугалимдердин бардыгынын жогорку жана атайын орто педагогикалык билимдери бар.

Колхозчу дыйкандардын күндөлүк турмуш-тиричилигинде медицина кеңири орун алган. Мында 36 койкалуу бир ооруканa, 3 медпункт, 3 төрөт үйү колхозчулар үчүн кызмат кылат. Эмгекчилердин өздүк талаптарын канааттандырууда колхоздо 12 селолук магазин иштейт. Мунун ичинен эки китеп магазини, бир маданий товарларды сатуучу магазин бар.

Колхозчулар жумуштан кийинки бош убактарын көнүлдүү өткөрүшөт. Колхоздук маданият үйүндө саясий, илимий жана көркөм китептерге толгон окуу залы, жаштарга арналган бий аянты, шахмат, шашке, домино оюндары ойнолуучу атайын зал бар. Жаштардын өздөрүнүн демилгеси боюнча өздүк көркөм чыгармачылык кружогу иштейт. Кружокко Коммунизм 8 жылдык мектебинин директору П. Токторбаев жетекчилик кылат. Улуу октябрь социалисттик революциясынын 50 жылдыгына карата бул коллективдин катышуучулары М. Алдакулов, З. Раимбердиева, А. Халиловалар областтык жана республикалык кароолорго катышышты.

Колхоздун материалдык байлыгынын көбөйүшү анын адамдарынын духовный байлыгынын кеңейишинин негизи экендиги баарыбызга белгилүү. Бул процесстин өзү айыл чарба адамдарынын үй-бүлөлүк мамилелеринин жана турмуш тиричилигинин маданиятынын кайра түзүүдө зор мааниге ээ. Колхозчулардын үй-бүлөлүк турмушунун өзгөрүшүн төмөнкү мисалдар ачык көрсөтүп турат.

Социологиялык изилдөө максаты боюнча колхоздун №10 бригадасынан 47-үй бүлөнүн турмуш-тиричилиги менен тааныштык. Үй-бүлөлүк турмуштун түзүлүшүндө турак жай негизги маселе болуп саналат. Мындагы үй-бүлөлөрдүн дээрлик көпчүлүгү европалык формада тургузулуп, үстү шиферленген, айнектери кенен жана жарык. Кенен көчөлөр селонун (айылдын) көркүнө көрк кошот. Бул селодо 600дөн ашык кожолук бар. Үйдүн тургузулушу, анын ички көрүнүшү кооз. Радиоприемниктер, телевизорлор, буфеттер, китеп коюучу шкафтар жана башка азыркы мезгилдеги турмуш-тиричилик буюмдары көпчүлүк үйлөрдө бар.

Бул жыргалдуу турмушту жараткан «**Октябрь революциясы**,- деп белгилейт КПСС Бкнын Улуу октябрь социалисттик

революциясынын 50 жылдыгына карата Тезистеринде,- социализмди куруу өткөндө артта калышкан элдерди ойготуу жана өз алдынча тарыхый чыгармачылыкка көтөрдү. Ал эми алардын ичинен кээ бирөөлөрү өзүн-өзү өлүп жок болуудан куткарды, социализмди курууну жүрүшүндө алар өзүнүн мамлекетине ээ болушту, өзүнүн экономикалык жана маданий артта калышын жоюшту, чарбанын жана маданияттын социалисттик жогорку формаларына аралашты. Бул жеңиштин алда канча даңктуу болгондугунун себеби мына мында: революцияга чейин феодалдык жана ал гана турсун патриархалдык-уруулук түзүлүштүн стадиясында турушкан элдер капитализмди аттап өтүү менен социализмге келишти».

"Ленин жолу" газетасы
6-октябрь, 1967-жыл

Тиричилик жөнүндө камкордук –коммунисттик курулуштун маанилүү бөлүгү

Социализмдин ийгилиги аны курууучу адамдардын турмуш-тиричилик маданиятынын жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы, анын көңүлүнүн көтөрүңкү болушу, үй-бүлөсүнүн бекемдиги материалдык жана духовный жактан болгон талаптарынын канааттандырылышы менен түшүндүрүлүшү баарыга маалым. Тиричилик кандай уюшулган болсо адамдардын коомго болгон көз карашы, эмгекке болгон мамилеси, үй бүлөдөгү кулк-мүнөздөрү, балдарды тарбиялоодогу иш аракеттери ошондой болот.

Турмуш тиричиликтин жогорулашы жөнүндө сөз болгондо анын деңгээлинин өсүшүндөгү бир бөлүгү болгон турмуштук жактан тейлөө мекемелерин мисалга алалы.

Акыркы жылдарда колхоздордун экономикасы өсүп, турмушу жакшыра баштады. Тиричиликке көп жаңы предметтер кирди. Турмуштун жакшырышы адамдардын күндөлүк талаптарынын өсүшүнө түрткү берүүдө. Эгерде мындан бир топ жылдарда тиричилик жактан тейлөө комбинаты – мейманканалар, чач тарач, мончо, ашканалар, соода мекемелери, бут кийим мастерскойлору, химиялык жол менен ар түрдүү кийимдерди тазалоо жана башкаларды шаарлардан, райондук борборлордон көрүүгө мүмкүн болсо, азыр аларды көпчүлүк колхоздордон кездештирүүгө болот.

Араван районундагы Жданов атындагы колхоз өзүнүн экономикалык жана маданий өсүү деңгээли боюнча областта гана эмес, республикада аты чыккан чарбалардын бири. Анын экономикалык өсүшү акчалай кирешесинин (миң сом эсебинде) төмөнкүдөй көрсөткүчү менен түшүндүрүлөт.

1959-жылда акчалай киреше 1747,3 сомду түзсө, 1965-жылы бөлүнбөс фондусу 1410,8 сомдон 2225,5 сомго жеткен. Ал эми колхозчунун бир жылдык орточо эмгек акысы 1959-жылы 484 сомдон 1965 832 сомго жеткен.

Мына ушул көрсөткүчтөр колхозчулардын экономикасы өсүп, материалдык жактан жакшыртылышын камсыз кылуу менен духовный талаптарын кеңейтүүдө. Колхозчулардын турмуш тиричилигинин жакшыртылышы дагы төмөндөгүдөй мисалдар менен түшүндүрүлөт. Колхозчуларда менчиктүү 41 автомашина, 375 мотоцикил, 650 телевизор, 895 радиоприемниктер, мындан башка радиоузел, автомат телефон, аларды күндөлүк турмушуна пайдалануу менен алардын маданий талаптарын жогору көтөрүүдө. Жогорудагы биз көрсөткөндөй материалдык турмуштун жакшырышы улам өсүп бара жаткан калктын талаптары күн тартибине жаңы турмуштук жактан тейлөө мекемелеринин иштешин талап кылды.

Колхоздо өткөн жети жылдыктын ичинде 70 орундук мончо, 3 медициналык пункт, 2 төрөт үйү, 3 клуб, чайкана, мейманкана, эки кабат балдар бакчасы, мектеп интернаты, үч селолук азык түлүк магазини, универмаг, тигүүчү мастерская, чач тарачы, кийимдерди химиялык жактан тазалоочу цех, өтүк тигүүчү жайы бар турмуш тиричилик комбинаты, селонун калкы үчүн кино установка, суу проводу пайдалануга берилген. Мына ушулардын баарына колхоздук бөлүнбөс фондунан 747,469 сом жумшалган.

Колхоздо медициналык жактан тейлөө жакшы жолго коюлган, анда атайын медициналык билим берүү адистери иштейт.

Колхоздун борборундагы төрөт үйүнүн башчысы жолдош Абдырахманова Малике менен болгон аңгемелешүүдө төмөндөгүлөрдү айтып берди:

Төрөт үйүндө он койка бар. Мында төрөт үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Колхоздун эсебинен мындагы аялдарга тамак берилет. Төрөт үйүнөн чыгаарда балага ат койулуп, туулгандыгы тууралуу күбөлүк тапшырылып, атайын төрөт үйүнүн машиналары менен үйлөрүнө жеткирилет.

Төрөт үйүндө 1965-жылы 19 аял төрөсө, 1966-жылы анын саны 207ге жеткен. Бул бара-бара медицинаны селолук адамдардын кеңири

колдонулушун көрсөткөн цифра болуп саналат. Энелердин эмгегин жеңилдетүү жана алардын коомдук өндүрүшкө активдүү катышышын камсыз кылууда балдар яслилеринин жана балдар бакчаларынын тейлөө ролу абдан зор.

Мында баары болуп 90 бала тарбияланып жатат. Атайын бөлүнгөн автомашина балдарды эрте менен алып келип, кеч үйлөрүнө жеткирип турат. Балдар бакчасында тамак, кийим колхоздун эсебинен берүүлүүдө. Баары болуп бригадалардагы балдар яслилерине кеткен акчалай сумманы кошуп эсептегенде аларды тейлөөчү адамдардын кызмат акысына жылына 42580 сом кетет же болбосо колхоздун жашылдык кирешесинин 2 проценти чыгымдалат. Мына бул колхозчулардын турмуш тиричилигинин далили. Колхоздун территориясында жайгашкан Чек-Абад селолук советиндеги чарбалык китеп боюнча колхоздо 1 жаштан 6 жашка чейинки балдардын саны 605. Мунун ичинен 280 бала балдар яслилеринде жана балдар бакчаларында тарбияланат. Колхоз башкармасы менен партиялык баштапкы уюм бул маселени күн тартибинде карап, жакынкы жылдары дагы бир балдар бакчасынын имаратын колхоздун Жданов участкасына курууну пландаштырган.

Биз жогоруда санап көрсөткөн турмуш тиричилик комбинатынын ар бир тармагы өзүнчө калкка жардам көрсөтүүдө зор мааниге ээ. Мындай мүмкүнчүлүгү бар чарбалар областта ондоп саналат.

Бирок - деп көрсөтүлгөн КПСС Борбордук Комитетинин жана СССР Министрлер Советинин **«Калкты тиричилик жактан тейлөөнү мындан ары өнүктүрүү чаралары жөнүндөгү» токтомунда тиричилик жактан тейлөөнү өнүктүрүүнүн жетишилген деңгээли совет адамдарынын улам өсүп жаткан суроолорун канааттандыруусу камсыз кылбайт».**

Калктын турмуш тиричилигинин жогорулашына баа бербеген жетекчилер жок эмес.

Ноокат районундагы колхоздордун ичинен экономикасы өнүккөн «Россия» колхозу. Мындагы колхоздун чарбалык өнүгүшү биз сөз кылган Араван районундагы Жданов атындагы колхоздон кем калышпайт. Акчалай кирешеси 1965-жылы 1686,4 миң сомду түзгөн. Ал эми колхозчулардын орточо жылдык эмгек акысы 755 сомго жеткен. Бул салыштырмалуу карап көргөндө эки чарбанын ортосунда анчалык деле айырма жоктой сезилет. Ал эми турмуш тиричилик жактан тейлөөнүн ортосунда айырма чоң.

"Россия" колхозу азыр үч участкадан турат. Бул жагынан эки чарбанын элдери топтоштурулган. Ушул мезгилге чейин бир да клубу жок, суу проводдору, көчөлөрүнүн асфальтталышы, тиричилик комбинатынын курулушу ойдо жок нерсе. Китепканага баары болуп 1966-жылы 350 китеп окуучу катталган. Мунун ичинен колхозчулар - 96, жумушчулар - 26, кызматчы–интелегенттер - 32, мектеп окуучулары - 196. Ушул эле жылда китептин пайдаланышы төмөндөгүдөй болгон: жалпы саясий китептер - 302, тил жана адабий китептер - 4563, айыл чарба - 169, тарбия боюнча - 30 китептин ичинен бирөө да пайдаланылган эмес.

"Россия" колхозунда Кыркоол селолук Советинин чарба китеби боюнча 1 жаштан 7 жашка чейинки жаш балдардын саны 1986. Ал эми колхоздо бар болгону 30 орундук балдар бакчасы бар, ал да жумуш кызыган мезгилде иштебейт дешет. Колхоз активдери себеби тамекинин сезону. Ага иштеш керек. Андан кийин аны тейлөөчүлөрдүн колу бошогондо гана балдар бакчасы иштей баштайт имиш.

Акыркы мезгилдерде партия менен совет өкмөтү тарабынан кабыл алынган тиричилик жагынан элдердин маданиятын жогорулатуу жөнүндөгү чаралары ишке ашырылбай келе жаткандыгы кимди болсо да тынчсыздандырбай койбойт. Ал эми "Россия" колхозунун башкармасы жана партиялык уюму бир да ушул маселе боюнча күн тартибинде талкуулашкан эмес. Ошол эле колхоздун территориясында Кыркоол селолук Совети бул маселе боюнча акыркы жылдарда кеңири талкууга койбогон. Биз бул макалада чарбалык түзүлүшү ар түрдүү жана экономикалык жактан көп эле айырмаланбаган эки чарбанын маданий турмуш-тиричиликке жасаган мамилеси жөнүндө сөз козгодук. Мындай чарбалар түштүк Кыргызстанда көп эле кездешет.

Селолук калктын маданий турмуш тиричилигин жогорку деңгээлге көтөрүү жөнүндөгү партиянын камкордугу жана аны андан ары өркүндөтүү чаралары, КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин 14-сентябрь 1967-жылы кабыл алган. **"Калкты тиричилик жактан тейлөөнү мындан ары өнүктүрүү чаралары жөнүндөгү"** токтомунда төмөнкүдөй деп көрсөтүлөт:

"Селолук калкты тиричилик жактан тейлөөнү тездик менен өнүктүрүү чараларын колдонууга 1967-1969-жылдарда ар бир райондук борбордо жана селолук калк жашаган ири пункттарда тиричилик жактан тейлөөчү комбинаттар менен павильондорду, азыркы кездеги техникалык жабдуулар менен

комбинаттарды жана павильондорду куруу, ал эми совхоздор менен колхоздордо тиричилик жактан тейлөөчү үйлөрүн жана кабыл алуучу комплекстүү пункттарды уюштурууну камсыз кылууга" милдеттендирилген. Бул чаралардын ишке ашышына партиялык жана советтик уюмдардын салымдары өтө зор.

"Ленин жолу" газетасы
11-ноябрь, 1967-жыл

Эски менен күрөшүү - маданиятты жогорулатуунун негизи

Түштүк Кыргызстандын ар кайсы райондорунун чарбачылыгы жана географиялык шарттары боюнча айырмаланган колхоздук селолордон алынган атайын социологиялык турмуш тиричилик жактан изилдөө жеке аңгемелешүү методу боюнча жүргүзүлгөндөн кийин турак жай курулушу боюнча төмөндөгүдөй маалымдоолорду берди.

Лейлек районундагы Кулунду селосундагы атайын алынган 47 үйдүн баардыгы жаңы типтеги стандарттуу, шифер менен жабылган. Алай районундагы Ленин атындагы колхоздон 75 үйдүн 84 проценти жаңы типтеги, 16 проценти эски коргондолбогон үйлөрдөн турат. Араван районундагы Жданов селосундагы 67 үйдүн 74,8 проценти жаңы, 25,2 проценти эски типтеги үйлөр. Бул селодо коргондолгон үйлөр 7,4 процентти түзөт. Ноокат районундагы "Россия" колхозунан алынган Коммунизм селосундагы 91 үйдүн баары дубал менен коргондолгондугу белгилүү болду.

Бул көрсөтүлгөн маалыматтар башка райондар тарабынан алынган колхоздук селолорго караганда, биз сөз кылган маанилүү маселе боюнча Коммунизм селосундагы колхозчулар тиричилик маданиятынан артта калуу менен эскинин калдыгынан чыга албай келеткандыгы көрүнүп турат. Ал эми Араван районундагы село өздөрү кабыл алган үндөөдөн кийин колхоз башкармасы жана баштапкы партиялык уюму кеңири иштерди жүргүзгөндүгү турмуш-тиричилик маданиятын жогорулатууда зор салымдарды кошкондугун изилдөөлөр далилдеди.

Бул көрсөткөн документтер Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин алдында жана андан кийин тоолуу элдердин турмушуна отурукташуу кеңири жайылтылгандыгын көрсөтүп турат. Ал эми ушул мезгилдеги пайда болгон колхоздук

селолордо турак жайлардын курулушу коргонсуз болгондугун социологиялык жана этнографиялык изилдөөлөр аныктаган. Ошентип дубал жөнүндө сөз болгондо анын пайда болушундагы объективдүү шарттарды көрсөтүү менен, аны жоюуга боло турган мүмкүнчүлүктү белгилөө жергиликтүү партиялык жана советтик уюмдардын иш аракеттеринин бир бөлүгү болууга тийиш. Алар эмгекчилердин туура бөлүштүрүлүшүнө, тиричиликтин маданиятына жумшоолору үчүн масса арасында жемиштүү иштеши зарыл. Муну күндөлүк турмуш талап кылат. Ал шарттар тиричиликтеги аялдардын эмгегин жеңилдетүүчү предметтер болуп саналат. Мына ушундай мүмкүнчүлүктөр азыр бар.

Азыркы күнгө чейин тапкан кирешенин көпчүлүк бөлүгү учурга туура келбеген шаан-шөөкөткө жумшоо менен, пайдасыз кымбат баалуу килемдерди, шырдактарды, туш кийиздерди, традициялуу жарашыгы жок кымбат баалуу кийимдерди сатып алууга умтулушат. Мисалы, кыштак аялдарында ушул күнгө чейин зарыл түрдө кошкоштоп көйнөк жана башка баалуу кийимдерди кийүү адатка айлантып алган. Ошол эле кийимдерин үй тиричилигине, жумушка, базарга кийишет. Бул материалдык жактан, маданияттуу жүрүш турушка да ыңгайсыз. Азыркы учур жөнөкөйлүктү, карапайымдыкты талап кылат. Ошон үчүн тиричиликтин жөнөкөй жана кооз болушуна умтулуу максатка ылайыктуу. Мындан тышкары да үй тиричилигинде аялдардын эмгегин жеңилдетүүдө көпчүлүк эркектер аларга жардам берүүгө кызыгышпайт. Үй тиричиликти толук аялдардын мойнуна жүктөшөт. Мына ушундан улам үйгө келген коноктор менен бирге даам татыбаган аялдар көп учурайт.

Биз сөз кыла турган дагы бир маселе үй-бүлө куруудагы кээ бир эски калдыктары жөнүндө. Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинен кийин кыргыз элинин турмуш-тиричилиги жана жашоо шарты, формасы жана мазмуну жагынан түп тамырынан өзгөрдү. Азыркы биздин мезгилде советтик жаштардын өз сүйгөндөрү менен турмуш куруп, бактылуу жашоосуна шарт түзүлгөн. Бирок ушул мезгилге чейин жаңы үй-бүлөнү түзүү мезгилинде эскиден келе жаткан көп зыяндуу салттар өкүм сүрүп келе жатат. Акыркы жылдары комсомолдук жаштардын демилгеси боюнча элдик тойлор пайда болду. Мындай кээ бир тойлордон сырткары көрүнүшү, же аны өткөрүү формасы гана болбосо, мазмуну боюнча комсомолдук тойдун талабына жооп бербейт. Кыргыз элинин турмуш-тиричилигиндеги, айрыкча түштүк кыргыздар үчүн мүнөздүү болгон кээ бир фактыларга кайрылалы: себеби, күндөлүк турмушта бирге жүрүп,

бирге болгон башка адамдарга караганда көбүрөөк белгилүү. Айрым учурларда түштүк жеринин шартында үйлөнүү шарты башкача болуп жатат. Кыздын талабы боюнча адат болуп калган. Бул өз ара сүйлөшүүнүн негизи калың жөнүндө макулдашуу. Качан бала менен кыздын ата-энелери макулдашып бүткөндө гана "комсомолдук той" башталат. Сырткы формасын карасаң чыныгы эле жаңыча той. Ал эми мазмуну жагынан эскиче кыз берүү, уул үйлөөдөн айырмасы жок.

Биз көп эле жаштардын үйлөнүү тоюна катышып жүрөбүз. Ошол тойдогу дагы бир көрүнүш жөнүндө айталык. Ал салттар мезгилинде туш тараптан чыккан "горько" деген үндөрдүн кайталанышы. Башка улуттардан турмушубузга кирген жаңыны ошол элдердин өзгөчөлүгүнө жараша пайдалансак жакшы болмок. Той салтанаты кыздын, баланын ата-энеси, ага-туугандары, жолдоштору, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөрүлүп жүрөт. Ушул мезгилде "горькага" жооп кылышып кыз-жигиттен ошол коомчулуктун алдында өбүшүү талап кылынган. Эгерде байкаган адамдар болсо, жигит аргасыздан ордунан туруп, кыздын бетине эптеп илебин тийгизгенин көрөсүң. Бул процесстин өзү ошол салттын чыныгы бурмаланышынын далили. Ал эми үн башталгандан тартып улгайып калган адамдардын залдан чыгып кетип бара жатканын көрөсүң. Мына ушунун өзү эле кыргыз элинин байыртадан келе жаткан үйлөнүү салтында көпчүлүк элдин алдында андай өбүшүүлөрдүн болбогондугун аныктайт. Биздин оюубуз боюнча бул жерде кыз менен жигиттин чыныгы сүйүүсүнө "горько" эмес, ушул өтүп жаткан той далил болуп турбайбы.

Турмуш-тиричиликтин түзүлүшүндө үй-бүлөнүн ролу чоң. Жаштардын үй-бүлө курууда алгачкы мезгили райондук же шаардык ЗАГС бюро бөлүмүнөн ника тууралуу күбөлүк алуудан башталат. Бул абдан жакшы жөрөлгө. Андан кийин жаштардын дээрлик көпчүлүгү никелешүүнүн экинчи этабына өтүп жүрүшөт. Ал молдо аркылуу оозеки эки жаштын жаңы турмушун бекемдеши. Мындай көрүнүштөр азыркы мезгилдеги жаштардын үй-бүлө курууусунда да кездешет.

Ошондуктан селолук интеллигенттерди даярдоого атайын жана жогорку окуу жайларда жүргөн мезгилден баштап ар бир предметтик мугалим сабак берүү менен гана чектелбей, студенттердин арасында көбүрөөк болуп, турмуш-тиричилик темасында, анын азыркы мазмуну жөнүндө аңгемелешип турса, коомдук уюмдардын катышуусу менен ушул темада диспуттар көбүрөөк өткөрүлсө дурус болор эле. Ушундай болсо азыркыдан да сапаттуураак тарбиячы

мугалимдеribиз көбөйүп, мектеп жаштарынын көз карашын түзүлүшүндө зор күч болору анык. Бизде турмуш курууда азыркы мезгилде кудалашып баш коштуруу жанданды. Ошондой болсо да ата-эненин ушул маселе боюнча ролу али да таасирин жогото элек. Эгерде кыз менен бала экөөнүн ой-пикирлери бир болгону менен, ата-энеси каршы болсо, алар максатына жетпей калышы мүмкүн. Бул боюнча эки жаштын туруктуулугу, келечек үчүн күрөшүү, уялбай эле аларга өз ойлорун түшүндүрүүлөрү талап кылынат. Ал өз сүйгөнүн ата-энеден жашырса, максатка ылайыктуу болбой калышына ишенүүгө болот.

Келечек ээлеринин жаңыны кабыл алышы, алардын дүйнөгө ой-жүгүртүүлөрүнүн жана аларды талдай билишинин негизи мектепте түзүлөт. Адамдардын эскиге каршы күрөшү, аларды биздин коомубуздан тазалоо, азыркы турмуштун мазмунуна түшүнгөн карыя ата-энелердин, келечек ээлери – жаштардын, жалпы эле коомчулуктун ыйык милдети.

"Ленин жолу" газетасы
13-май, 1968-жыл

Айыл маданияты жөнүндө

Марксисттик философияда адамдардын өндүрүштүк жана коомдук сферадан тышкары кылган иштери жана турмушу **"быт"** деген термин менен аталат. **Ал терминди кыргызча "оокат-тиричилик", "турмуш-тиричилик" деп болжолдуу туюнса болот. Ушул түшүнүктүн ичине элдин илим-билимге ээ болуу даражасы, ар кыл ишенимдери, салт-санаалары, оюн-зооктору, жашоо өнөкөттөрү, турак жайы жана анын жасалгаланышы коомдук көрүнүштөр да кирип кетет.**

Биздин өлкөдө элүү жылдын ичинде калктын оокат-тиричилиги укмуштуудай өзгөрүүгө учурады. Айрыкча коомдук өнүгүштүн артта калган элдердин турмушунда бу жагынан кескин секирик болду. Маселен, кыргыздын революцияга чейинки оокат-тиричилиги менен азыркысын жалпы жонунан эле салыштырып көргөндө, асман-жердей бар экени дароо оркоюп көзгө урунат. Бирок кыргыздын турмушундагы ошол өзгөрүүлөрдү социологиялык жактан терең изилдеп, кенен жалпылоолор жасаган илимий эмгектер, айрым этнографиялык изилдөөлөрдү эсепке албаганда, алигиче жазыла элек.

Биз соңку жылдары Кыргызстандын түштүк аймагындагы калктын оокат-тиричилик абалы боюнча конкреттүү социологиялык изилдөөлөр жүргүзүп жүрөбүз. Изилдөө процессинде элдин турмуш-тиричилигиндеги өзгөрүштөр жөнүндө көп материалдар жыйнап, бир топ кызыктуу байкоолор жана жалпылоолор жасадык. Ошол байкоолорубуздун айрымдарын окуучулар менен бөлүшкүбүз келип, Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган калктын оокат-тиричилигинин өнүгүшүндөгү кээ бир тенденциялар жөнүндө сөз кылалы дедик.

Октябрь революциясына чейин кыргыз эли патриархалдык-феодалдык коомдо жашап, негизинен көчмөн турмуш өткөрүп келгени белгилүү. Элибиздин коомдук өнүгүш жактан кедери калышынын бир себеби ошол көчмөндүк менен байланышып кетет. Бул туурасында академик Б. Жамгырчинов: "Кышкы тоютка көп көңүл бурулбаган көчмөн малчылыктын шарттарында өндүрүш техникасы анча өзгөрүүгө учурабай, өркүндөтүлбөй, жакшыртылбай, кылымдан кылымга бир калыпта кала берген. Ушул кырдаал башка көчмөн элдер сыяктуу эле кыргыздардын да экономикалык жана маданий жактан артта калышына негизги себеп болгон", - деп туура белгилеген.

Илгери кыргыздар кышында шамалдан буйга, кар аз токтогон, мал багышка ыңгайлуу тоо этектеринде жашаган. Жаз келип, көк жамырап, тоолор ак кардын жүгүнөн бошонгондо, эл улам-улам жогорулап көчүп отуруп, акыры адамга жана малга бейиштей сезилген жайлоолорго барып токтогон. Анан суук түшүп, чөп бышып, кардын муздак илеби сого баштаганда жайлоодон козголуп, улам төмөн эңкейип, кайра баягы көңүмүш кыштоолоруна түшүп келген. Жылдан жылга улам-улам кайталана берген ушундай көчмөн турмуш кыргыздардын оокат-тиричилигинин айырмалуу өзгөчөлүктөрүн пайда кылган.

Революцияга чейин кыргыздардын оокат-тиричилиги жалпысынан мал чарбачылыкка багынган. Негизги байлыгын эле мал түзгөндүктөн, анын үстүнө малга кышкы тоют атайын камдалбагандыктан, биздин эл күтүрөгөн малдын сакталышы жана көбөйүш айласы үчүн бат-бат жер которуштуруп көчүп жүрүүгө мажбур болгон. Ал эми кыргыздардын үй-оокаты, салт-санаасы, жашоо өнөкөттөрү, алар урунган тиричилик предметтери көчмөн турмуштун шарттарына ылайык уюштурулган. Жашоого жана үй-оокатка керек буюмдардын баары тең жеңил, портативдүү жасалган. Мисалды өзүбүзгө таанымал боз үйдөн баштасак, ал көчүп-конууга

жана жыйноого абдан ыңгайлуу, үй-оокаты үчүн ылайык, дайыма жашап турууга белгилүү даражада мүмкүнчүлүгү бар архитектуралык курулуш эмеспи! Боз үйдүн ичиндеги идиш-аяктар өйдө-ылдыйы көп секиртмелүү жолдордо сынбай турган бышык болгон, башка эмеректер да көчмөнчүлүккө аябай ылайыкташкан.

Ырас, боз үй биздин элдин миң жылдардан берки тиричилик тажрыйбасы жараткан кайталангыс нерсе, кийин чыккан чатырларга салыштырганда, ал көчмөн турмуш үчүн идеалдуу башпаана. Бирок ушундан улам көчмөн турмушту идеалдуу кылып көрсөтүүгө да болбойт. Канткен менен отурукташкан турмуш көчмөнчүлүктөн алда канча өйдө да, прогрессивдүү да экендигин азыр эч ким тана албас.

Кыргыздардын отурукташа башташы негизинен өткөн кылымда башталды. Адегенде түштүк кыргыздардын өзбек менен тажиктерге канатташ жашаган уруулары там салып, жер иштетүүгө баш бурду. Алар там-ташын жана үй-тиричилигин өзбек менен тажиктердикине окшотуп куруп жатты. Бирок ошол бирин-серин отурукташкан кыштактардын калкы деле жарым-жартылай көчмөн болушкан: дыйканчылык ишине тикелей катышпаган кемпир-чалдар, катын-калач, бала-чака мал менен жыл сайын жайлоолоп кеткен. Ал эми түштүктүн тоолуу райондорундагы кыргыз калкы жалпысынан көчмөн бойдон калган.

Биздин элдин жапырт отурукташууга өтүшү Совет бийлиги орногондон кийин башталды. Эгер революцияга чейин кыргыздардын отурукташуусу бүтүндөй стихиялуу мүнөздө болсо, революциядан кийин көчмөн айылдарды отурукташтыруу план менен ишке ашырылуучу жалпы элдик чарага, партиябыздын изден тайбас саясатына айланды.

Кыргызстандын түштүгүндө массалык отурукташуу процесси айтылуу жер-суу реформасынан кийин айрыкча күч алып, 30-жылдардын башында алыскы тоолуу райондордун калкын да өз кучагына камтыды. Жайлоолоп-кыштоолоп көчүп, тийип-качып дыйканчылык кылып жүргөн тоолуктар эми туруктуу тиричилик өткөргөнгө биротоло бет алды. Албетте, алар там-таш куруу өнөрүн билишкен эмес, ошондуктан ал жумушка өзбек, тажик, уйгур усталарын, кээ-кээде гана орус жана татар усталарын чакыртышкан. Ошондон улам аякта адеп салынган тамдар чоң-чоң эки канасы бар, шыбы увасажуп же кырчын менен бекитилген, төбөсү топурак менен жабылган орто азиялык жана кашкарлык типтеги тамдар болгон.

Жапырт отурукташуу кыргыз элинин оокат-тиричилигиндеги чоң бурулуш болду, анын турмуш шарттарынын жаңы багыт

алышына реалдуу өбөлгөлөр түзүлдү. Бирок отурукташуу менен эле биздин элдин жашоо маданияты дароо өзгөрүп кеткен жок. Салт-санаа, тиричилик жөрөлгөлөрү, жашоо өнөкөттөрү консервативдүү келет, оңой менен жаңылана койбойт. Ошол себептен биротоло отурукташкандан кийин деле кыргыздар көчмөн турмуштун инерциясы менен жашады, алардын тиричилигинде миңдеген жылдар бою сөөккө сиңген көчмөндүктүн өнөкөттөрү үстөмдүк кылды. Маселен, түштүктүн тоолуу райондорундагы айыл-кыштактарда көпкө дейре бак-дарак тигүү, жашылчалар өстүрүү, малкана менен имараттын арасын бөлүү болгон жок. Айланасындагы таяк кыларга дарагы жок, жепирекей тамдар көпкө дейре тоолуктардын кыштагы үчүн мүнөздүү болду. Тамдын полун такталоо, дубалын актоо, терезелерди чоң жана жарык кылуу адегенде эч кимдин оюна кирген эмес. Ал эми дубал тургузуу, тамдын жыгачтарын коюу, дарбаза менен терезе жасоо көпчүлүк элге өзбек менен тажиктердин гана колунан келчү ашкан кыйын жумуштай сезилген, а түгүл, сынган айнектерди койдуруу үчүн да шаардан атайын усталар чакыртышкан.

Ырас, түштүктүн өрөөндөгү райондорундагы баштаган жарым-жартылай отурукташып калган кыштактардын калкы короолоруна бак дарак тигип, жашылчалар эгип, эшик алдын мизилдете шыпырып, а түгүл айрымдары гүл өстүрүп калышкан. Бирок алар деле үй актаганды билген жок, тамдарынын таманы дайыма сыз тартып турчу, терезелери жапыс, үйдүн ичи тамчыдан көлдөп кетер эле. Ал эми короолору жаман коргондор менен курчалып турчу.

Отурукташкан кыргыздардын оокат-тиричилигиндеги жаңы бурулуш колхоз курулушу кадресе күч алгандан башталды. Калктын экономикалык турмушу бир кыйла өйдөлөдү. Колхоздордун көпчүлүгүндө айылдык маданияттын борборлору болгон клубдардын, китепканалардын, мектептердин, медициналык пункттардын имараттары салынды. Колхоздун калкы биринчи иретте айылдык интеллигенттер жана активисттер европалык типтеги тамдарды салдырып, алдын тактайлатып, шыбына фанера кактырып, дубалын актаттырышка демилге жасашты. Мындай бирин-эки тамдар орустардын таасиринде пайда болду. Тамдын үстүн чатыр өңдөтүп жасап, аны камыш менен жабуу кеңири тарай баштады. Бирок капыстан чыккан согуш жаңыдан башталган процессти үзүп кетти. Албетте, согуш учурунда элдин турмуш тиричилиги токтоп калган жок, бирок а кезде үй тиричилигин жаңылоого көпчүлүк элдин чамасы анча келген жок.

Согушка кеткендерден аман-эсен кайткандар көп элдердин турмуш-тиричилигин көрүп, жашоо жөнүндөгү жалпы түшүнүгү кеңейип келишти. Айыл кыштактарда жаңы типтеги тамдар салына баштады. Тамдын чатырын камыш менен жабуу, үйдүн шыптарын чий менен кагып, анын үстүн кум шыбак менен шыбоо, дубалдын бетин актоо барган сайын кеңири тарап барды. Бирок а кездерде деле жаңы типте жакшылап салынган тамдар кыргыз кыштактарында сейрек эле. Согуш катаалчылыгынан бөксөрө түшкөн элдин турмушу али кайра калыбына келбей жаткан, анын үстүнө кыйраган шаарларды кайрадан куруп жаткан мамлекет айыл-кыштактарды курулуш материалдары менен камсыз кылышка али жетише элек болчу.

Биздин элдин экономикалык турмушу акыркы он, он беш жылдын ичинде кескин өнүгүү жолунда түштү. Колхоздор ирденип байыды, колхозчулардын да көмөкчү чарбасы оңдолуп калды. Ушундан улам Түштүктүн айыл-кыштактарында тиричилик маданиятын жакшыртуу, там таштын оңдоо ишине эл жапа тырмак киришти. Жаңы үйлөр бир нече бөлмөлөргө асты тактайланып, үстү черепица, шифер, тунике менен капталып, жарык терезелүү болуп салынды. Дубал тургузуу, тамдын эшик терезеси менен жыгачтарын коюу, чатыр жабуу, пол кагуу, үй актоо өнөрлөрүн кыргыздар да өздөштүрө башташты. Мурда шаардыктар колдонгон тиричилик предметтери кыргыз турмушуна улам арбын кирип отурду. Ал эми тоолуу райондордо эшик алдында бак-дарак тигүү да кеңири тарала баштады. Ушулардын баары кечээги көчмөн кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде жана психологиясында эбегейсиз зор жылыштар болгондугун айкын көрсөтөт.

Жер үстүндө социалисттик коомду биринчи куруп бүткөн советтик эл акыркы жылдары коммунизмдин экономикалык негиздерин курууга тикелей киришип калды. Бирок жалаң гана экономикалык өнүгүш менен коммунисттик коомду курууга болбой турганы белгилүү. Оокат-тиричилик сферасын өндүрүштүк эмгек менен аста асталап жакындаштырып, оокат-тиричиликти да өндүрүш сыңары эле илимий негизде уюштурууга жетиштүү коомду коммунисттик кайра куруу маселесинин составдык элементи болуп саналат. Арийне, комминисттик коомдун тушунда акыл эмгеги менен кара жумуштун, айыл кыштак менен шаардын арасындагы айырма биротоло жоюлушу керек эмеспи. Албетте, ал айырмачылыктар оңой-олтоң эле жоюла койбойт, ал үчүн адегенде айыл-кыштак калкынын тиричилик-турмушун шаар калкыныкына улам жакындаштырып

баруу зарыл. Демек, коммунизмди көздөй бет алган азыркы учурубузда айылдык элдин тиричилигинин кайра куруу жеке адамдардын же болбосо, айрым өндүрүштүк коллективтердин гана иши эмес, эртенкиге калтырууга болбогон эң зор коомдук жана мамлекеттик ишке айланып калды. Ушуга байланыштуу Коммунисттик партиябыз жана Совет өкмөтү айыл-кыштакта жашаган калктын тиричилик маданиятына айрыкча көңүл бура баштады.

Адамдардын коомго карата көз карашы, эмгекке болгон мамилеси, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум, рухий абалы тиричиликтин уюштурулушуна бир кыйла көз каранды болот. Ош областынын Араван районундагы Жданов атындагы колхоздун жетекчилери ушул маселени жакшы эсепке алышат. КПСС Борбордук комитети менен СССР Министрлер Советинин 1967-жылы 14-сентябрда кабыл алынган **"Калкты тиричилик жактан тейлөөнү мындан ары өнүктүрүү жөнүндө"** деген белгилүү токтому чыкканда, колхоздун башкармасы менен кошо колхозду бүт камтыган Чек-Абад сельсовети кыштак калкынын турмушун дагы жакшыртуу боюнча бир топ жаңы демилгелерди көтөрүштү. Өзгөчө пахтада иштеген аялдарды үйдүн оор жумуштарынан бошотуу, бала-чаканы багуудан кадыржам кылуу алардын ден соолугу чың болушуна кам көрүү жагы көңүлдүн борборунда турмак болду. Кыштактын көрктөнүшү, жолдордун асфальттанышы, эс алуу жайларынын курулушу кезектеги кечиктирилбес иштер деп табылды.

Албетте, Жданов атындагы колхоз сыяктуу калктын турмуш-тиричилигинин маданияттуу болушуна чындап көңүл бурган чарбалар Түштүктө ондоп саналат. Баарыдан мурда экономикалык жактан ирденип калган колхоз-совхоздор ушул багытта жакшы-жакшы иштер кылууда. Бирок оокат-тиричиликтин абалы материалдык-экономикалык байлыктын деңгээлине жараша болбогон учурлар да жолугат. Буга мисал катары Ноокат районундагы "Россия" колхозун алсак болот.

"Россия" колхозунун экономикалык жактан өсүш деңгээли, коомдук бөлүнбөс фондусу, колхозчуларга эмгек акы төлөшү Жданов атындагы колхоздукунан анча деле айырмаланбайт. Ал эми турмуш-тиричиликти тейлөө жагын уюштуруу боюнча эки чарбанын арасында асман менен жердей айырма бар.

Азыркыга чейин "Россия" колхозунун алгылыктуу клубу жок, суу проводун өткөрүү, көчөлөрдү асфальттоо, тиричилик комбинатын куруу, кыштакты пландуу көрктөндүрүү маселеси алигиче колхоз

жетекчилеринин капарына илине элек. Колхоздо азыр бир жаштан жети жашка чейинки эки миңге жакын бала болсо, балдар бакчасы отуз эле орунга ылайыкташкан. Тамекиге иштеген аялдардын үйдөгү жумушун аздыр-көптүр жеңилдетүү жагы такыр эстен чыгыптыр. "Россия" колхозунун башкармасы жана партиялык уюму колхозчулардын жашоо жагдайын жакшыртуу, алардын тиричилигин маданиятташтыруу, калкты тейлөөнүн коллективдүү формаларын өнүктүрүү маселелерин атайын чогулуш жасашып, бир жолу да талкууга коюшкан эмес. Бул маселелер ошол эле колхоздун аймагында жайгашкан Кыркоол селолук Советинин да көз жаздымында калган.

Демек, экономикалык материалдык шарттар, барган сайын оокат-тиричилик маданияты да өзүнөн өзү жакшыра берет деп ойлош таптакыр туура эмес экен. Адамдардын жашоо өнөкөттөрү, көнүмүш каадалары, турмушка карата традициялуу көз караштары аябаган өжөр, желимдей жабышчаак көрүнүш экени белгилүү го. Ошол себептен адамдардын көз караштарындагы жана жашоо образындагы эскинин саркындыларына каршы аң-сезимдүү, системалуу күрөш алып баруу, коомдук пикирди мобилизация кылуу, журтчулуктун көңүлүн буруу зарылчылыгы туулат. Бул жагынан Ош областындагы Социалисттик эмгектин баатыры Т. Жунусов, Т. Көчүбаев сыяктуу атактуу адамдардын **"Дубал-көчөнүн көркүн бузган эски калдык"** деп калайыкка жарыялаган үндөөсү жакшы өрнөк боло алат. "Областтын баардык райондорунан, ал гана эмес шаарларынан үйлөрдү тегерете курчаган, көчөлөрдү бойлото салынган, кээ бир жерлери бузулган, бозоргон дубалдарды көрүүгө болот. Ал тосмолор көчөгө көрк, айрым адамдар үчүн чек да боло албайт. Тескерисинче, ал көчөнүн көркүн бузат, адамдардын бири-бирине болгон ишенимин кетирет... Азыр биздин селобуз шаар тибинде болуп, көчөлөрүбүз көрктүү да, көңүлдүү да, үйлөрүбүз стандарттуу, ыңгайлуу, жарык жана таза болууга убакыт жетти. Ошондуктан, көчөнүн көркүн бузган, эскинин калдыгы болгон дубалды жок кылууга аттаналы" - деп жазышкан алар.

Партиянын областык комитетинин бюросу бул демилгени колдоп, дубал-коргонду айыл-кыштактардан арылтуу боюнча бир топ чаралар белгиленди, аталган үндөөнү эл арасында кеңири талкуулап, түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү райондук жана баштапкы партиялык уюмдардан, колхоз-совхоз жетекчилеринен жана айылдык советтерден талап кылды. Албетте, бул чаралар жакынкы жылдары өз жемишин бере алат деп ишенүүгө болот.

Адам коомдук эмгектен, өндүрүштүк жумуштан тышкары бүткүл убакытын оокат-тиричиликтин сферасында өткөрөт. Демек, жумуш механизациялашкан жана автоматташкан сайын адамдын оокат-тиричиликте өткөрүү убакыты көбөйө берет. Ошон үчүн коммунизм кишисинин рухий жана нравалык кебетесин калыпка салууда оокат-тиричилик өндүрүштүк эмгектен кем калбаган маниге ээ. Андай болгон соң, жалпы элдин, айрыкча айыл-кыштак калкынын тиричилик шарттарын жана жашоо өнөкөттөрүн коммунисттик негизде кайра куруп чыкмайынча жаңы коомдун самаган баскычына көтөрүлүү мүмкүн эмес. Ушул аспекттен караганда, азыр биздин алдыбызда аткарылуучу милдеттер жана иштер өтө эле көп.

Баарыдан мурда айыл-кыштак калкынын турак үй-шарттарын, урунган эмеректерин, мебелдерин, тамак-ашын жакшыртуу, селого тиричиликти тейлөөнүн коллективдүү формаларын киргизүү, оокат-турмуштун баардык жактарын кайра куруу темпин ылдамдатуу маселеси кескин коюлат.

"Кыргызстан маданияты"
газетасы 26-июнь, 1968-жыл

Турмуш-тиричилик - социалдык проблема

СССР эл чарбасын 1971-1975-жылдарда өнүктүрүүнүн беш жылдык планы боюнча КПССтин XXIV сөездинин Директиваларында жаңы пландын башкы милдеттеринин ажырагыс бөлүгү болуп, совет элинин **"турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин бир кыйла өркүндөтүүнү камсыз кылууда турат"** - деп белгилеши, шаардык жана селолук калктын турмуш деңгээлин жакындаштыруудагы бир жаңы кадам болоруна дүйнөнүн ар бир прогрессивдүү адамы ишенет.

СССРдин эл чарбасынын 1971-1975-жылдарында өнүктүрүүнүн негизги милдеттеринин бир бөлүгү – социалдык чаралардын кеңири программасын иш жүзүнө ашыруу болуп саналат. Мында калктын кирешесин, керектөөнүн коомдук фондуларын өстүрүү, эмгектин шарттарын жакшыртуу жана өркүндөтүү, шаар менен селолук калктын турмуш деңгээлин жакындаштыруу проблемалары менен бир катарда турмуш-тиричилик милдети коюлуп олтурат.

Турмуш-тиричилик жагынан советтик экономиканын өнүгүшү жөнүндөгү жаңы долбоордо абдан зор, ошондой эле турмуш чындыгына байланышкан планы белгиленген. Мунун негизинде ар түрдүү аспектте көп макалалар, эмгектер жазылары закон ченемдүү нерсе. Көрсөтүлгөн программаны бир эле газеталык же журналдык макалада толук жазыш мүмкүн эмес. Ал изилдөөлөргө түгөнбөгөн зор булак болору айтпаса да белгилүү. Ошондуктан, бул макалада СССРде турак жай курулушун кыскача мүнөздөп көрсөтүү менен кыргыз элинин да турак жай шарттарынын өзгөрүшү, келечек пландары жөнүндө сөз кылалы дедик.

Совет бийлигинин мезгилинде өлкөдө абдан зор турак жай курулушу ишке ашырылды. Мамлекет бул маселени чечүүдө багытталган капиталдык салымдарды жылдан жылга көбүрөөк бөлө баштады. Мамлекет тарабынан үй салууда колхозчуларга жана калкка акчалай чоң жардам көрсөтүү традициялуу болуп калды.

1966-1970-жылдарда өлкөдө жалпы аянты *318 миллион чарчы метр келген турак үйлөр курулган болсо, СССРдин эл чарбасынын 1971-1975-жылдардын өнүгүшүндөгү беш жылдык план боюнча КПССтин XXIV сөездинин Директиваларында анын жалпы аянты 565-575 миллион чарчы метрге көбөйтүү белгиленген. Эгерде өткөн беш жылдыктын ичинде 55 миллион дээрлик адамдын турак-жай шарты жакшыртылган болсо, жаңы беш жылдыкта мындан да көбөйөт. Мындай пландын реалдуу экендигин чет элдик басма сөздөрдө да кайталап жатышат.

Тогузунчу беш жылдык план боюнча союздук республикалардын экономикасын жана маданиятын мындан ары кубаттуу түрдө жогорулатууну карап олтурат. Мунун өзү СССРдин элдеринин достугунун жана бир туугандыгын бардык чаралар менен чыңдоого багытталган партиянын лениндик улут саясатынан келип чыгып олтурат. СССРдин эл чарбасын 1971-1975-жылдарда өнүктүрүүнүн беш жылдык планы боюнча КПССтин XXIV сөездинин Директиваларында **"Кыргыз ССРинде өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 45-48 процентке көбөйтүлсүн"**- деп белгиленген. Мунун өзү биздин республикабыздын экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшүндөгү жаңы кадам экендиги атайын далилдөөлөрдү талап кылбайт.

Чарбалык пландар адамдар тарабынан аткарылары айтпаса да белгилүү. Советтик ар бир адам өз эмгеги менен коммунизмдин салтанатын жакындатат.

Совет бийлигинин тушунда Кыргызстандын эл чарбасы аябай өстү, анын өнөр жай продукциясынын көлөмү 153 эсе көбөйдү. Азыр мурдагы көчмөн элдин колунан жасалган биринчи класстагы жүздөн ашык наамдагы эл чарба продукциялары Советтер Союзунан тышкары 55 мамлекетке жөнөтүлүп турат. Ал продукциялар социалисттик өлкөлөргө гана жиберилбестен, Францияга, ФРГ, Индия, ОАР жана башка өлкөлөргө жөнөтүлөт. Мындай байланыш, өнүгүү биздин элибизде күндөн күнгө тынымсыз жогорулоодо. Жаңы беш жылдыкта бул жагынан чоң алга жылыш болору шексиз.

Кыргыз эли Совет бийлигинин мезгилинде сан жагынан да, сапат жагынан да өстү. 1913-жылдын акырында жалпы калктын 12,3 проценти шаарда, 87,7 проценти селолук айыл-кыштактарда жашаган болсо, 1970-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгында жалпы Кыргызстандагы жашаган калктын 37 проценти шаарларда, 63 проценти айыл кыштактарда жайланышкан. Жаңы шаарлар, шаар тибиндеги поселоктор, селолук жерлерде пландуу түрдө жаңы кыштактар гана пайда болбостон, коомдун талабына жараша көркү өзгөрүлдү.

Ушул процесстин өзү кыргыз турмуш-тиричилигине ири өзгөрүүлөрдү кийирди.

Кыргызстанда турак жай куруунун темпи Казакстан жана Түркменстандан бир кыйла жогору. Мисалы, 1965-жылы СССР боюнча турак жай курулушу 1950-жылга салыштырганда 3,5 эсе өскөн болсо, Кыргызстанда 6,3 эсеге көбөйгөн. Өнүгүүнүн мындай темпи буржуазиялык окумуштуу-жазуучулардын "Россиядагы коммунизмдин жемишине мүнөздүү нерсе – шаарлардын кыйрашы. Шаарлар кайрадан жайдак талаага айланууда" - деген "пайгамбарчылыгынын" калп экендигин далилдейт. Даниялык прогрессивдүү жазуучу Ханс Шерфинг өзүнүн Советтер Союзунун элдеринде жана Кыргызстанда болгонун эстеп, андагы ири өзгөрүүлөргө таң калуу менен "Кыргызстанда мейманда" деген китепчесинде анын борбор шаары Фрунзени төмөндөгүдөй сүрөттөйт.

"Курулуш тармагы күндөн күнгө өркүндөөдө. Шаар кулачын жайып, жаңы турак жайлары көбүрөөк салынып жатыптыр. Элетте жашаган адамдар ваннасы, балкону бар жаңы үйлөргө киришип, шаардык болуп жатышат. Фрунзедеги үйлөрдүн көпчүлүгү административдик имараттарды эсептебегенде 3-4 этаждуу.. курулуш иштери бүгүнкү күндүн жаңы талабы менен ишке ашырылат.. жыл сайын универмаг, ресторан, кинотеатр, балдар бакчасы, эс алуучу

паркы бар турак жай кварталдары өсүп чыгууда. Шаардын жаңы архитектуралык стили эң эле жөнөкөй, бирок кооз. Ал скандинавиялыктардыкынан анчалык деле айырмаланбайт.

Коомдук жана маданий мекемелердин имараттары архитектуралык жактан өтө эле кооз салыныптыр... Мына ошентип бул көчмөн элдин таланты канчалык таң калтырса, өнүгүү темпинин тездигине ошончолук таң каласың".

Өткөн беш жылдыктын ичинде шаарларда жумушчу поселоктору менен совхоздордо ошондой эле колхоз селолорунда 6126 миң чарчы метр аянттагы турак үйлөр курулуп, 535 миң киши жаңы үйлөргө көчүп келишкен. 3 миң километр суу проводу салынып, канализация тармагы кеңейтилген. Калк жашаган селолук пункттарды электрлешүү негизинен аяктаган. Шаар менен селолордун эмгекчилердин үйлөрүндө телевизорлор, радиоприемниктер, муздаткычтар, маданий багыттагы жана чарбалык тиричиликтеги башка буюмдар улам көбөйүп бара жатат. Мунун баары элибиздин турмуш-тиричилигинин белгилүү өлчөмдө жогору көтөрүлгөндүгүнүн күбөсү болуп саналат.

Турак жай курулушунун тез өнүгүшүнө карабастан, бул проблема курч мүнөздө болуп кала берүүдө. Кыргызстанда бардык союздук республикалар сыяктуу эле жаңы беш жылдыкта турак жай курулушунун масштабдарын алда канча кеңейтүү, анын долбоорун жана сапатын жакшыртуу милдети каралган. Жалпы аянты 7,5 миллион чарчы метрден ашкан турак үйлөрдү куруп берүү, шаарларда жана райондук борборлордо 525 миң километр суу проводу, селолук жерлерде 4,1 миң суу провод тармагын куруу милдети белгиленди. Бул эл жашаган 300 пунктту суу менен камсыз кылууга мүмкүндүк келтирет.

Ошондой эле чоң шаарларда канализация курулуштарын киргизүү, жылуулук жана газ тармактарынын узундугун 225 километрге көбөйтүү, 220 миң квартираны газ менен камсыз кылуу пландаштырылган. Беш жылдыктын аягында турак жай фондусун газ менен камсыз кылуунун деңгээли шаарларда 80 процентке, селолук жерлерде 50 процентке чейин жогорулап, перспективдүү элдүү пункттардын бардыгын электрлештирүү иши аяктайт. Бул болсо турмуш тиричиликтеги электр энергиясын кеңири пайдалануу менен андагы эмгектин мүнөзүнүн азыркыдан дагы жеңилдешине зор шарт болорун далилдейт.

СССРдеги ар бир улут элдердин экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшүндөгү жаңы этаптар дайыма

интернационализмдин принциптерине негизделет. Советтик түзүлүштүн мындай маанисин чет өлкөлүк журналистер да жашыра алышпайт. Совет элдеринин достугун мүнөздөө менен "советтик колониализм" жөнүндөгү ушактарга жооп иретинде Кыргызстандын мисалында жазылган очерктердин биринде мындайча мүнөздөлөт.

"Кыргызстандын социалисттик өлкө болгондугуна көп деле убакыт өткөн жок. Ошондуктан, канчалык зор кыйынчылыктарды жеңүү керек, болгондугу жана ал кыйынчылыктардын бардыгы эле нукура материалдык мүнөздө болгондугу түшүнүктүү. Советтер Союзунун баардык элдери Кыргызстандын азыркы кездеги өнүккөн өлкө болуп калышы үчүн ага чоң өлчөмсүз жардам беришкен. Бул ушунчалык кыска мөөнөттүн ичинде болгондугу укмушка – социалисттик укмушка окшош. Совет мамлекети ар бир союздук республиканын өзгөчөлүгүнө кандай барктоо менен мамиле кыла тургандыгын башка ар кандай жерлерге караганда так мына ушул жерден көрүүгө болот. "Советтик колониализм" жөнүндө батыштa жоопкерсиздик менен айтып жаткандарга: "Кыргызстанга барып келгиле" деген кеңештен башка мыкты кеңеш бере албаймын".

Ошентип, кыргыз эли өзүнүн келечегине ишенимдүүлүк менен карайт. Кыргызстандын эмгекчилери коммунисттик курулуштун жаңы этабынын милдеттерин ийгиликтүү чече тургандыгына шек жок.

"Кыргызстан маданияты" газетасы
28-апрель, 1971-жыл

Турмуш маданиятынын гүлдөшүнүн күбөсү

Ушул процесстин өзү кыргыз-турмуш тиричилигине ири өзгөрүүлөрдү кийирди.

Кыргызстанда турак жай куруунун темпи бир кыйла жогору. Мисалы, 1965-жылы турак жай курулушу 1950-жылга салыштырганда Кыргызстанда 6,3 эсе көбөйгөн. Азыркы кезде ар жылы 1940-жылдарга караганда турак-жайлар 5 эсе көп курулат, ал эми совет бийлигинин бардык жылдарынын ичинде республикада жалпы аянты 27 миллион чарчы метр келген турак үйлөр пайдаланууга берилди. 1950-жылдан 1973-жылга чейин республиканын эмгекчилеринин үчтөн эки бөлүгүнөн ашыгы өздөрүнүн турак жай шарттарын жакшыртышты.

«Коомдук жана маданий мекемелердин имараттары архитектуралык жактан өтө эле кооз салыныптыр... Мына ошентип, бул көчмөн элдин таланты канчалык таң калтырса, өнүгүүнүн темпине ошончолук таң каласың», – деген Х. Шерфиг.

Мындай таң калуу Фрунзе шаарынын мисалында гана эмес, республикабыздын, анын ичинен Ош областынын шарттарындагы укмуштай өнүгүү деп түшүнүү керек. Акыркы жылдары областыбыздын шаарларында жана селолук жерлерде турак жай курулуштары кеңири кулач жайууда. Эгерде 1961-жылы пайдалуу аянты 294,2 миң чарчы турак жай курулган болсо 1973-жылы областыбыз боюнча 438,0 миң чарчы метрге көбөйгөн. Анын ичинен 1961-жылы колхоздо колхозчулар жана селолук интеллигенттердин өздөрүнүн турак жайы 121 миң чарчы метрди түзсө, 1973-жылы 225,5 миң чарчы метрди түзгөн. Бул факт элибиздин турак жай шарттарынын улам жакшырышынын далили болот.

Турмуш жыргалчылыгынын деңгээли боюнча да, турмуштун образы жана ыңгайлуулугу боюнча да селолорунун эмгекчилерин шаардык калкка жакындатууну маанилүү милдет деп билебиз. Көп миллиондогон айыл-кыштактарда жашаган адамдар үчүн бул проблема биздин өлкө үчүн ушул милдет бирдей эле өлчөмдө маанилүү да, татаал да болуп эсептелет.

Кыргыз элинин турмуш-тиричилигиндеги көп өзгөрүүлөрдүн ичинен дагы бир олуттуу тармактарына ири секириктерди далилдеп көрсөтүшү анык нерсе. Ал жарым кылым ичинде турмуш-тиричиликтен бекем орун алган «Электр энергиясы, газ, суу проводу, радио, телевидение жана башкалар» болуп эсептелет. В. И. Ленин электрлештирүүнү коммунизмдин курулушунун негизи катарында баалашы да бекеринен эмес. Мындан илимий жетишкендиктерди социализм гана туура пайдалана тургандыгын ал эчен ирет кайталаган. Октябрь социалисттик революциясы бул мүмкүнчүлүктү андан ары жогорулатты. Азыр электр тогусуз жашоонун өзүн элестетүү кыйын болуп калды.

Кыргыз эли илимдин-техниканын жетишкендиктерин жарым кылым ичинде кеңири пайдалануууда бай тажрыйбага ээ болду. Биз жогоруда келтирилген В.И. Лениндин идеялары кыргыз турмуш-тиричилигинде да бекем орун алды. Буга төмөнкүдөй мисал келтирели. Ош областы боюнча шаардын жана селонун калкы турмуш-тиричилик жана жарык үчүн 1972-жылы 85,9 миллион киловатт саат электр энергиясын пайдаланган. Ал эми айыл-чарба өндүрүштүк максатта ушул эле жылы 160,6 миллион киловатт саат

электр күчүн пайдаланган. Ар жыл сайын мындай кеңири пайдалануу закон ченемдүү процесс. Ал социалисттик өндүрүштүн өнүгүшү, ага жараша социалисттик коомдун мүчөлөрүнүн турмуш деңгээлинин жогорулашы менен да түшүндүрүлөт.

Областыбыздын эмгекчилери 1974-жылы пландын долбоору боюнча турмуш-тиричилик үчүн 96,5 миллион киловатт саат электр энергиясын пайдаланышмакчы. Ал эми айыл чарбасында 272,0 миллион квт саат электр кубатын пайдаланышат. Бул болсо айыл чарба продукциясын арзан жана көп өндүрүүгө, турмуш тиричиликтин кооз жана жарашыктуу болушуна зор салым болот.

В.И. Ленин «Ар бир үйдө электр энергиясынын болушу жана үйдүн электр менен жабдылышы миллиондогон «үй күндөрү» өмүрүнүн төрттөн үчүн быкшыган ашканада сарп кылуунун зарылчылыгынан куткарат» - деп жазган. Айрыкча бул идеянын азыркы биздин доорго мааниси зор. Себеби, коммунизмдин мезгилинде турмуш-тиричиликте техниканын жетишкендиктери кеңири пайдаланылат. Бизде ар 100 үй бүлөнүн 72 си телевизор, 86сы радиоприемник жана радиола, 64 муздаткыч, 67си кир жуугуч машиналуу болот. Ал эми кир жуугуч машинанын өзү эле жылыга 500 саат убакытты үнөмдөйт. Эгерде бул эмгек кол менен болсо 2 ай бою иштөөнү талап кылат. Бардык тиричилик техникасы убакытты үнөмдөйт жана рационалдык түрдү пайдалануу мүмкүнчүлүк берет.

Тогузунчу беш жылдыктын ичинде Кыргызстандын шаарларында канализация курулушун киргизүү, жылуулук жана газ тармактарынын узундугун 225 километрге көбөйтүү, 220 миң квартираны газ менен камсыз кылуу пландаштырылган. Беш жылдыктын аягында турак жай фондусун газ менен камсыз кылуунун деңгээли шаарларда 80 процентке, селолук жерлерге 50 процентке чейин жогорулап, перспективалуу элдүү пункттардын бардыгын электрлештирүү иши аяктайт. Бул болсо турмуш-тиричиликтеги электр энергиясын кеңири пайдалануу менен андагы эмгекчи мүнөзүнүн, азыркыдан да жеңилдешине зор шарт болорун далилдейт. Ошентип марксисттик-лениндик теориялардын туура идеялары менен куралданган кыргыз эли коммунистердин жетекчилиги менен өзүнүн келечегине ишенимдүү карап, ири эмгек жетишкендиктери менен алга, коммунизмге карай бара берет.

“Ленин жолу” газетасы
19-июнь, 1974-жыл

Партиянын социалдык программасы

Социалдык деген сөздүн маанiси көп түрдүү. Аны бизче түшүнгөндө коомго, адамдарга тиешелүү экендиги белгилүү болуп, алардын мамилелерин мүнөздөйт. Карл Маркс өзүнүн илимий теориясын түзүүдө коомдук мамилелердин ичинен өндүрүш мамилелерин бөлүп, калган мамилелердин баштоочусу катары аны айрым караган. Ал тарыхта коомду материалистерче түшүнүү деген ат менен адамзат коомунун өнүгүшүнүн законун түшүндүрүүдө революциялык мүнөзгө ээ болгон.

Кийинки мезгилдерде марксизмдин-ленинизмдин классиктерин "сындоочулар" экономикалык мамилелердин ролун гана көрсөтүп, коомдук турмуштун калган көп мүнөздүү көрүнүштөрүнүн ролун көрсөтпөгөн деп аларга доомат коюшат. Бул чындыкка жакын келбеген пикир. К. Маркс, андан кийин В.И. Ленин өндүрүштүк мамилелердин биринчи экендигин түшүндүрүү менен калган мамилелерин ага тийгизген таасирин дайыма белгилешкен.

Марксизм-ленинизмдин илимин чыгармачылык жагдайда өнүктүрүү менен КПССтин XXIV жана XXV сөездеринин чечимдеринде экономикалык милдеттен башка мамилелердин чогуусун социалдык программа катарында каралып, алардын коомдук өнүгүшүндөгү ролу кеңири түшүндүрүлүүдө. **"Социалдык кеңири программаны алдыга коюу менен" - деп көрсөткөн КПСС БКнын Генералдык секретары жолдош Л.И. Брежнев, - партия анын аткарылышы жумушчулардын, колхозчулардын жана интеллигенциянын эмгектеги активдүүлүгүнүн жогорулашына жардам берет, ар бир адамдын мыкты иштешинин жаңы кызыктыруу чарасы болуп кызмат кылат дегенди негиз кылып олтурат, мунун кандай мааниси бар экендигин түшүндүрүп олтуруунун кажети жок. Анткени өндүрүштүн өсүшүнүн, продукция чыгаруунун көбөйтүлүшүнүн жана анын сапатынын жакшыртылышынын дал өзү элдин турмуш жыргалчылыгын жогорулатуунун башкы жана чечүүчү шарты болуп эсептелет".**

Партиянын бул маанилүү документинде социалдык мамилелер өндүрүштүк мамилелердин ажырагыс бөлүгү болуп, биринин экинчисине тийгизген таасири катары бирдиктүү толук нерсе катары каралып жатат.

Эмгекчилердин көңүлүнүн көтөрүңкү болушу эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен иштеги активдүүлүгүн арттырат. Мыкты эмгектенүү үчүн адамдардын материалдык-руханий

талаптарын канааттандыруу негиз болот. Мисалы, турак-жайы жайсыз жумушчунун же кызматчынын өндүрүш процессинде эмгеги жогорку өндүрүмдүүлүктө болот деп айтуу кыйын. Себеби, анын көңүлүнүн борбору өзүн алагды кылган негизги нерсеге бурулуп турары белгилүү. КПССтин XXV сөездди мына ушуну социалдык негизги маселе деп көрсөткөн. Жолдош Л. И. Брежнев онунчу беш жылдыкта **"башка социалдык ири проблемаларды, биринчи кезекте турак-жай проблемасын чечүүдө да көп нерселер иштелет", "жаңы квартирада бардыгы адамдарды кубандырып турууга тийиш"** деп ири социалдык проблеманын милдетин айтып, аны комплекстүү түрдө курууга, пландаштырууга партияны, эмгекчилерди үндөө менен алардын сапаттуулугун жогорулатууга ишенимдүүлүгүн билдирди.

Бул жагынан алганда Кыргыз ССРи, анын ичинде Ош областында көп иштер аткарылмакчы. Областтык партиялык XVII конференцияда өткөн беш жылдыкта 15 миң үй-бүлө жаңы квартирага көчүп киришкендиги көрсөтүлгөн. Ошону менен катар бул социалдык маселени чечүүдө областта 125 миң чарчы метр турак-жайлары пайдаланууга берилбей калганы айтылды. Онунчу беш жылдыкта курулуштагы кемчиликтерди четтетүү, арзан жана сапаттуу курулуш үчүн чыгармачылык демилгелүүлүктүн болушун камсыз кылуу областтык партиялык XVII конференцияда баса белгилеген. Бул адамдардын жакшы маанайы, өндүрүмдүү эмгеги үчүн өбөлгө болушу керек.

СССР Министрлер Советинин председатели А. Н. Косыгиндин "СССРдин эл чарбасын 1976-1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттары" деген КПССтин XXV сөездинде жасаган докладында өткөн беш жылдыктын аткарылышын мүнөздөө менен социалдык программанын маанисин, анын эмнелерди кучагына аларына кеңири токтолгон.. **"Биздин социалдык программа өзүнүн кучагына эмгек жана турмуш-тиричилик, билим алуу, медициналык тейлөө, айлана-чөйрөнү коргоо шарттарын жакшыртууга багытталган ар түрдүү чараларды камтыйт", - деп көрсөтүү менен "Биздин турмушубуздун, биздин социалисттик коомубуздун гуманизми ар качан, а турсун оор мезгилдерде да совет адамдарынын эмгек шарттарына, саламаттыгын коргоо жөнүндө, билиминин жана маданий деңгээлинин өсүшү жөнүндө, камкордуктардан ачык-айкын көрүнүп келгендигин"** баса белгилеген. Бул тармактарда жаңы беш жылдыктарда социалдык ири чаралар белгиленгендигин айткан.

Эмгекчилердин жогорку өндүрүмдүү эмгегин жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн кеңири пайдалануу үчүн оңтойлуу шарттарды түзүү, өндүрүү процесстерин механизациялаштыруу жана автоматташтырууну күчөтүү менен кол эмгегин, айрыкча оор кол эмгегин бара-бара сүрүп чыгаруу социалдык программанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Онунчу беш жылдыкта өндүрүштү өнүктүрүүдө жана анын натыйжалуулугун жогорулатууда социалдык факторлордун ролу бир кыйла өсөт. Бул факторлор кадрлардын квалификациясынын деңгээлин, коллективде ишкердүү, чыгармачылык кырдаал жана социалдык психологиялык жакшы абал, кызматкердин турмуш-тиричилик шарттары жөнүндө камкордук, ишканаларда маданий мекемелерди жана спорт комплекстерин түзүү - мына ушулардын бардыгы коомдун социалдык проблемалары болуп адамдын турмушун кызыктуу жана мазмундуу кылат, өндүрүштүн натыйжаларына жакшы таасирин тийгизет.

Бул багытта областтын партиялык уюмдары социалдык-маданий өнүгүүнүн перспективалуу пландары боюнча иштеп келатышат. Жалал-Абад, Ош, Майлы-Сай шаарларынын, Сузак, Ноокат жана башка райондорунун социалдык комплекстүү чаралары ийгиликтүү ишке ашырылууда.

Совет элинин материалдык жана маданий керектөөлөрүн эң эле толук канаттандыруу - бул партиянын экономикалык саясатынын эң жогорку максаты. Бул - советтик коомдун пландарынын максаты жана ошол эле учурда өндүрүштүн, анын натыйжалуулугунун мындан ары да өсүшүнүн маанилүү өбөлгөсү.

КПССтин XXV сөездинин материалдарында **социалдык милдеттердин арасында советтик адамдардын саламаттыгы жөнүндөгү камкордук көрүүдөн артык маанилүү милдет жок деп көрсөтүлгөн. Бул маселе боюнча жетишкендиктер менен алдыдагы милдеттер да көп. Ал проблемалар саламаттык сактоону уюштурууну жакшыртуу, ооруканалар менен поликлиникалардын тармагын кеңейтүү, медициналык жабдууларды жана жогорку натыйжалуу дарыларды жасап чыгаруу өндүрүшүн өстүрүү менен байланышкан. Бул проблемалар ошондой эле медициналык илимди мындан ары да өнүктүрүү, эң эле коркунучтуу ооруларга каршы кеңири күрөш жүргүзүүнү жайылтуу менен байланышкан. Энелер менен балдардын саламаттыгын коргоону жакшыртуу, курорттордун, дем алуу үйлөрүнүн, пансионаттардын тармагын кеңейтүү үчүн**

көп нерселерди иштөө социалдык программанын негизги бөлүктөрүнөн болот.

КПСС БКнын Генералдык секретары жолдош Л. И. Брежнев **социалдык программалардын ичинен аялдар жөнүндөгү камкордук** партиянын негизги милдети экендигин далилдөө менен алар жөнүндө төмөндөгүдөй деген: **"Партия аял жөнүндө, эмгектик процесске катышуучу эне жана балдардын тарбиячысы жана үйдүн кожоюну катарында аялдын абалы жөнүндө дайыма камкордук көрүүнү өзүнүн милдети деп эсептейт".**

Чындыгында эле аялдардын коомдогу ролу социалдык татаал проблемалардан болуп саналат. Муну социализм гана туура түрдө чечет. Совет коомунун аялдары чыныгы камкордукка ээ болушту. Бул жагынан күбө катарында "СССРдин эл чарбасын 1976-1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттары" жөнүндөгү партиялык мамлекеттик документти көрсөтүүгө болот. Мында: **"иштеп жаткан аялдардын эмгек жана турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча чаралар улантылсын"**- деп белгиленген. Бул проблемалар боюнча керектөөнүн коомдук фондуларынын эсебинен, социалдык бир катар жаңы чараларды ишке ашыруу менен эң маанилүү чаралардын бири деп төрөлгөн бала бир жашка чыкканга чейин аны баккан аялдарга жарым-жартылай кызмат акысын төлөп, отпусканы берүүнү зарыл деп эсептейт.

Ошондой эле балдары бар аялдарга толук эмес жумуш күнүндө иштөөнүн же толук эмес жумуш жумалыгында иштөөнүн, ошондой эле үйүндө иштөөнүн алда канча мүмкүнчүлүктөрүн түзүү да каралган.

Жаңы беш жылдыктагы белгилегендей аялдардын эмгегин жана турмуш-тиричилигин жакшыртууда балдар бакчаларынын, пионер лагерлеринин, өспүрүмдөр жана жаштар үчүн спорт жана саламаттыкты чыңдоо-эмгектенүү базаларынын санынын көбөйүшү, балдар мекемелеринин ишинин жакшырылышынын зор социалдык мааниси бар экендигин партия кеңири белгилеген.

Турмуш-тиричиликтеги эмгектин жеңилдешине **тейлөө системасынын иштерин жогору көтөрүү,** анын сапаттуулугуна жетишүү да социалдык чаралардын бөлүнгүс бутактарынан болот. Ушул жерде жолдош Л. И. Брежнев КПССтин XXV съездиндеги Борбордук Комитеттин отчеттук докладынан төмөндөгүдөй сөзүн келтирмекчибиз: "Өткөн жылы булгаары бут кийимин чыгаруу 700 миллионго жакын жуп болду, - бул бир адамга дээрлик үч жуп бут кийим туура келет дегендикке жатат. Эгерде бут кийимдерге болгон

суроолор али канааттандырылбай жатса, кеп санында эмес, тескерисинче жогорку сапаттуу, модалуу бут кийимдердин жетишпегендигинде болуп олтурат".

Тейлөө бул системасында СССР боюнча бир жарым миллиондон ашуун коммунисттер жана 3 миллион комсомолец, бардыгы болуп 40 миллионго жакын адам иштейт. Аларга кайрылып жолдош Л. И. Брежнев мындай дейт: **"Жолдоштор, совет адамдардынын жыргалчылыгы да, шаттыгы да көбүнчө силерге, силердин эмгегинерге байланыштуу болот. Бул жөнүндө унутпагыла, мыкты жана демилгелүү иштегиле. Партия силерди мына ушуга чакырат, силерден мына ушуну күтөт".**

Биз келтирген мисалда социалдык факторлордун азыркы этаптагы ролу терең түшүндүрүлгөн. Бул чаралар адам үчүн, адамдын бакты-таалайы үчүн көрүлгөн камкордук. Биздин партиябыздын ушул эң жогорку гумандуулугу эл менен анын биримдигин көрсөтөт. Бул биримдик партия үчүн түгөнбөс кайраттын булагы болуп саналат.

"Ленин жолу" газетасы
8-апрель, 1976-жыл

Мазмуну

1. Бекем үй-бүлө гана келечектүү мамлекеттин өзөгү болот (кириш сөз ордуна).....3
2. Үй-бүлө жана тарбиянын таасын иликтөөсү.....5

I-бөлүм
Үй-бүлө маселелери

1. Социализм шартындагы үй-бүлөнүн айрым маселелери 9
2. Интернационалдык тарбиянын айкын көрүнүшү 14
3. Үй-бүлө жана тарбия.....17
4. Аялдардын үй тиричилигиндеги орду.....22
5. Советтик үй-бүлөнүн социалдык проблемалары.....26
6. Үй-бүлөнү кайра куралы.....35
7. Үй-бүлө жана коом.....37
8. Коом жана үй-бүлө.....41

II-бөлүм
Турмуш-тиричилик - социалдык проблема

1. Турмуштук жактан тейлөөнүн маданияты.....46
2. Турмуш-тиричилик маданияты жөнүндө.....50
3. Тиричилик жөнүндө камкордук - коммунисттик курулуштун маанилүү бөлүгү.....53
4. Эски менен күрөшүү- маданиятты жогорулатуунун негизи.....57
5. Айыл маданияты жөнүндө.....60
6. Турмуш-тиричилик - социалдык проблема.....67
7. Турмуш маданиятынын гүлдөшүнүн күбөсү.....71
8. Партиянын социалдык программасы.....74

Үй-бүлө жана
турмуш тиричилик маселелери

(макалалар жыйнагы)

(Социология предмети боюнча колдонмо)

Аттокуров Токтосун

Редактор: Мырзакматов А., фил.и.к., доцент

Тех. редактор: Базаркулова Т.А

Корректор: Аттокуров Айбек Токтосунович

Басууга берилди 26.05.2014 ж.

Обьем: 6 б.т. Заказ №25
Формат 60x84 1/16. Тираж 500

Ош МУ "Билим" редакциялык басмасы